Цена Склрг
А 89

Арынова Мээрим

# Жан сырым



Формуляр книги
476909
...ова. М.

Скорг
А 89

Арынова Мээрим

# Жан сырым

ырлар жана прозалар



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук ...кана
ИНВ № 476909

Ош-2016

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук ...кана
АБОНЕМЕНТ

ББК 84 Ки 7-5
А 89

ISBN 978-9967-471-05-4

А 89 Арынова Мээрим
"Жан сырым" –Ош:
"Кагаз Ресурстары", - 2016, -148 б.

ISBN 978-9967-471-05-4

**Алгачкы ыр жыйнагымдын жарык көрүүсүнө каржылык жардам көрсөткөн ата-энеме, ОГПИнин ректору Б. Б. Зулуевге терең ыраазычылыгымды билдирем.**

«Жан сырым» - автордун алгачкы ыр жыйнагы. Жыйнакка анын ой толгоолору, сезимдери менен айкалыша келген сырлары тизмектелген. Китеп жалпы окурмандарга жана поэзия, проза сүйүүчүлөргө арналат.

А 4702300200-16

ISBN 978-9967-471-05-4

УДК 821.51

ББК 84 Ки 7-5

© Арынова М., 2016



# Баш сөз

Жаңы доордун агымы менен жогорку окуу жайларда билим алып жаткан таланттуу студенттердин арасында жаңы салт пайда болду. Тагыраак айтканда, советтик доордун учурунда билим алган жаштар жогорку билимин тастыктаган диплом алганына кубанып, таалим тарбия берген окуу жайы менен кош айтышып кеткен болсо, бүгүнкү күндүн сөз баккан студенттери ошол дипломду алганга чейин беш жылдык өмүрү чырмалышкан окуу жайга автордук китебин белекке калтырууга аракет жасап келишет. Колуңуздагы китептин жаратманы Мээрим Арынова да дал ошондой аруу тилектеги ОГПИнин бүтүрүүчүсү.

Азыркы чыгармачыл жаштар боюнча, айрыкча, жазмакер жаш таланттар тууралуу кеп кылганда Ош калаасында түзүлүп, жалпы Кыргызстан боюнча жигердүү иш алып бара жаткан "Жигер" адабий клубу жана анын мүчөлөрү боюнча айтпай кетүүгө болбойт. Анткени, бул клубдун дымактуу жаштары кадыресе жаш акын катары окурман калкына таанылып калышты. Публикага да эркин чыгып, көпчүлүктүн назарына илине баштаганы кубанычтуу көрүнүш (Кудайдын кулагы сүйүнсүн!). Сиздерге чыгармачылык дүйнөсүнүн алгачкы капкасын ачып жаткан Мээрим Арынова да дал ушул "Жигер" тобунун мүчөсү.

Мээримдин кол жазмаларын карап жатып, анын кумурскадай тынымы жок иштеп жаткандыгын сездим. Поэзия тармагында жазгандары арбын. Проза жаатында да өз күчүн сынап көргөн. Жаш калемгер ыр жазуу техникасын дурус өздөштүргөн. Бирок анын сөз менен иштөө чеберчилиги али жетишсиз экендигин калыстык үчүн белгилей кетүү керек. Рухий жан дүйнөсү бай окурман Мээримдин ырлары бир шилтем менен жазылып калган ырлар экендигин дароо эле байкайт. Ошондуктан, Мээрим чыгармачылык жолунун мындан кийинки айлампасында жазылган ар бир чыгармасына кайракайра кайрылып, күтүүсүз салыштыруулар менен, жаңычыл көз караштагы чыгармаларды жаратып, окурмандардын

жүрөгүнөн орун табат деген ишеничтемин. Же Мээримдин сандык көрсөткүчтөн сапатттык көрсөткүчкө өтө турган мезгили келип калганын баса белгилегим келет. Айтылып жаткан пикирим Мээримдин прозалык чыгармаларына да түздөн-түз тиешелүү.

Мээримдин чечкиндүүлүгү, бет алган тарабынан кайра тартпай турган тырышчаактыгы, баштаган ишинен натыйжа чыгарууга жасаган аракети ушул бойдон улана турган болсо, келечектин дагы бир белдүү жазмакер кызы бүгүнкү күндө көпчүлүктөн ак бата алууга бел байлап жатат деген ишенимди карманууга болот (ылайым эле ошондой болсун!).

Бардык калемгерлердин алгачкы китеби – жазмакер жандын келечектеги чыгармачыл тагдырына ачылган төлгөсү. Дал ошол алгачкы китеп аркылуу окурман калкына таанылат, күтүлбөгөн сынга туш келет, мактоо кептерин угат. Демек, ал китеп кийинки көчтүн түзөлүшүнө зор өбөлгө болот. Айрым жаш калемгер ачуу сынга уугуп, алгачкы китеби менен биргe өзүнүн келечектеги чыгармачылык дүйнөсүн жаап таштайт. Көпчүлүгү уккан сынынан чыйралып, улам бийиктикти көздөй чыгармачылык сапарын өрчүтүп келет. Мээрим тура айтылган сындарга сынбай, андан кайра чыйрала турган принципти карманса, далай бийиктикти багынтат деген ойдомун.

Албетте, жарык көргөн ар бир китептин окурманы бар. Китеби жарык көргөнгө чейин эле Мээримдин окурмандары да, күйөрмандары боло келгендигинде шегим жок. Андыктан, окурман калкынын таразасына коюлуп жаткан алгачкы китеби аркылуу жаш калемгер Мээрим Арынова көпчүлүктөн кадыр таап, чыгармачылык чыйырын чыйралта берсин деген тилек менен сөзүмдү жыйынтыктагым келет.

***Маметибраим Жаныбеков,***
***Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү,***
***акын, котормочу***





## СУРАНБА ЭМИ МЕНДЕН КЕЗИГҮҮНҮ

Көчөлөр... Көп из калган экөөбүздөн,
Канча жыл үмүт шамын өчүрбөгөн.
Суранба эми менден кезигүүнү,
Дүрбөлөң түшүп турган жан дүйнөмдөн...

Кезикпе кайра мени отко салып,
Токтоттум жүрөк сокчу жайын алып.
Суранба эми менден кезигүүнү,
Караанын улам турат чоочун тартып.

Эстесең мейли эстегин, сагынбагын,
Жолугуп жүрөккө так калтырбагын.
Унуткун мүмкүн болсо анын баарын.
Суранам, кайра мага жолукпагын.

Канатың күүлөп турса үмүтүңдү,
Суранба эми менден кезигүүнү.

## МЕН СЕНИ ӨЗҮМДҮКҮ КЫЛЫП АЛАМ

Байкатпай сезип жүрүп ойлоруңду,
Бүт баарын бир өзүмө жыйнап алам.
Алыстап кетпеш үчүн көңүлүңдүн,
Жай басып эшигинен кирип барам.

Жебедей мүнөт сайын такылдатып,
Тартылып карегиңе келип турам.
Сагыныч, кусаң болуп бир өмүргө,
Эң керек адамыңдай болуп алам.

Сагынган, эстегениң өзүм болуп.
Түбөлүк жүрөгүңдү багындырам.
Эч нерсе болбогондой жүрө бергин.
Мен сени өзүмдүкү кылып алам.

Байкабай сезимиңди жүрө бергин,
Билдирбей жүрөгүңдү уурдап алам.

## БҮГҮН КЕЧ, ЭРТЕҢ СЕНИ УНУТААРМЫН

Саймалап жанчылса да эрксиз жүрөк,
Сагынып алсыздыкта ойлуу жүрөт.
Бүгүн кеч, эртең сени унутаармын,
Элесте калсын ушул күлгөн мүнөт.

Жүргөнбүз жыргал күндүн баркын билбей,
Жанашып сүйүүбүзгө сүйүү тилей.
Бүгүн кеч, эртең сени унутаармын,
Сыймыктан мени бар деп бүгүнкүдөй...





Тартсам да бир сүйүүнүн азаптарын,
Унутпай кайра сага тартыламын.
Бүгүн кеч, эртең сени унутаармын,
Суранам кайра мага жолукпагын.

## КӨЗҮМДҮ ЖАШТАТПАЧЫ, ЖАЛЫНАЙЫН

О турмуш, өкчөмүнө багынайын,
Ооруган жүрөгүмдү канатпайын.
Өткөргөн ал күндөрдү эске салба,
Көзүмдү жаштатпачы, суранамын.

Талабың кандай сенин? Аткарайын.
Тайманбай ал сезимден баш тартайын.
Жүрөктү ташка айлантып салсаң дагы,
Көзүмдү жаштатпачы, жалынайын.

Сыноолор өзгөрүлүп айда, жылда,
Аёосуз жүрөгүмө кастык кылба.
Кандай күн жазсаң дагы маңдайыма,
Жеңүүнүн жүрө берем арасында.

Үшүтсөң, ысытсаң да муз, аптапта,
Көзүмдү суранамын эч жаштатпа.

## СҮЙҮҮГӨ ТААРЫНУУ

Талкалап бар сүйүүнүн учкундарын,
Таштадым керексиздей кошуп баарын.
Тар болгон жан дүйнөмө карабастан,
Кең дүйнө кучагына араң баттым.

Таарындым бул сүйүүнүн ыргагына,
Ташбоорсуң дедим кылган кастыгына.
Мерездик ээлеп алып бүт денемди,
Кайрылбайм дедим башка гүл багыңа.

## СЕН БАР ЖЕРГЕ БАРА АЛБАЙ КАЛГАМ

Тартылып ичимден сүрдөп турам,
Кур кыял махабат жалындаган.
Баса албай сен жүргөн көчөлөрдө,
Түшүнбөйм, сезимге багышталам.

Үмүт кургак, улуу болуп деңизи,
Каптап алып караңгылык оюмду,
Чечимиме каршы-терши баратам,
Өчүрө албай сага болгон сезимди.

Көөдөн толкуп, ашыктырат көркөмүң,
Көрбөсө деп башкалардан кызганам.
Билбейм, билбейм кандай сезим экенин,
Ойлоп сенин сүрөтүңө тартылам.

Сүйүү болсо чындыгында бул сезим,
Анда сени бакытым деп билейин.





Сен тирөөч бол ынтымакка баштаган,
А мен жары болом ошол бүлөнүн.

Көөдөн толкуп, ашыктырат көркөмүң,
Билбейм, билбейм кандай сезим экенин.

## ТАБЫЛДЫҢ ТАГДЫРЫМДЫН ТИЗМЕГИНЕН

Сен менен таанышканмын күзгү кечте,
Кыш эле, бирок жазгы сезимдерде...
Саргайып дирилдеген жалбырактан,
Гүл кылып бердиң мага эстеликке.

Күз айы күзгү менен алмашкандай,
Бараттык үн катпастан ээрчишип жай.
Айтууга сөз табылбай турса дагы,
Дилибиз тилсиз эле табышкандай.

Көрсөттү күз мезгили күзгү болуп,
Жан дүйнөң купулума турат толуп.
Сен сунган күзгү кечтин жалбырагы,
Калгандай ал сүйүүнүн гүлү болуп.

Баратам ал көчөдө элес менен,
Тебелеп албайын деп гүлүң берген.
Ал көчө махабаттын үйү болуп,
Табылды тагдырымдын тизмегинен.

Ал көчө махабаттын үйү болуп,
Табылды сезимдердин тизмегинен.

## МЕН САГА ӨЗ СҮЙҮҮМДҮ БЕРИП ТУРДУМ

Кубаныч ыроологон бүт жагымды...
Жайдары мүнөзүмдөй ачылдымбы.
Сүйүүнүн оту жанат көздөрүмдө,
Чынында жалгыз сени сагындымбы.

Уламдан саатты карайм өтсө тез деп,
Даярдык көрүп турам кезигем деп.
Бул күнүм өчпөс болуп жазылгандай,
Тагдырым сендик болуп калсынчы деп.

Күткөн саат кирип келди кубандырып,
Жай бербей жүрөгүмдү ынандырып.
Сен дагы мени көздөй шашкандайсың,
Гүлүңдү колуңдагы унуткарып.

Акырын мыйыгыңдан күлүп туруп:
«Калыптыр сага деген гүлүм түшүп,
Башкага берилбеген жүрөгүмдү,
Беремин бүгүн сага жулуп туруп».

Дедиң да, ал сөзүңдөн сүрдөп турдуң,
Көзүңдөн сүйүү отун сезип-түйдум.
Ичиме катып алып ал сезимди,
Мен сага өз сүйүүмдү берип турдум.

Ичиме катып алып бүт сезимди,
Мен сага бүт эркимди берип турдум.





## ЖЫТЫҢДЫ КАЛТЫРЫПСЫҢ ЖҮРӨГҮМӨ

Толгоном байлангандай сезимдерге,
Тойбодум жытыңа эч, билбейм неге.
Бир жытың тутандырып сезим отун,
Байлады башкага эмес өзүңө эле.

Таарындым, ыйлагамын.., аны билем,
Тар болду ошол күнкү дүйнөм кенен.
Кайрадан унуткарып анын баарын,
Кучагың жайдың мага сүйүү менен.

Оролом моюнуңа колум артып,
Жытыңа кумарланам кайра тартып.
Коштошкум келбей турат, бирок, аттиң,
Таң дагы агарыптыр нурун чачып.

Акырын колуң сундуң коштошууга,
Тартылам жытың эңсеп кучагыңа.
Сүйүүнүн нурун сээп көөдөнүмө,
Жытыңды калтырыпсың жүрөгүмө.

Сүйүүнүн отун жагып көөдөнүмө,
Жытыңды сиңиртипмин жүрөгүмө.

## ЫЙЫК СЕЗИМ

Турмуш өзү тизгин тартып жаткандай,
Күн да жылып уясына батат жай.
Коломтосун жагып улам өчүрбөй,
Орой турмуш кабак бүркөп алгандай.

Табышмактуу бүгүнкүдөн, эртеңкиң,
Көрдүм, тагдыр, оош-кыйыштын неченин.
Дайра сындуу агымыңа кошулуп,
Мен да бир күн бир дарекке келермин.

Ооба, чындык, ал күнүм да башталаар,
Бул жашоодо анан кантип из калаар.
Өткөн күнүм кумга сиңген, а бирок,
Шамал аны улам айдап тазалаар.

Өмүр алдуу, өкчөмүнө багынтпас,
Кечээги күн эртең кайра табылбас.
Көөдөндөгү ыйык таза сезимди,
Сактап калгын, кайра сага табылбас.

Жүрөктөгү ыйык таза сезимди,
Булгабагын, кайра сага кайрылбас.





## СҮЙҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

Сүйүүнүн туң жолуна түшө албадык,
Сүйүүнүн баркын билип жүрө албадык.
Сүйүүнүн эгер жолун билген болсок,
Неликтен турмуш куруп кете албадык?

Жалжалым, сүйүү кандай биле албадык,
Сүйүшүп түбөлүккө кала албадык.
Түшүнбөй ашыктыктын ачуу даамын,
Ээрчишип деңизинде сүзө албадык.

Сүйүүнүн туура жолун таба албадык,
Сүйүүнү даңктап айтып чыга албадык,
Ээрчишип аалам кезип сүйүү барктап,
Эмнеге бирге болуп кала албадык?

Сүйүүнүн ачуусуна чыдабадык,
Махабат азабына батпай жаттык.
Сүйүүбүз күчөбөстөн ортобузда,
Түгөнгөн шамдай болуп өчүп жаттык.

Кош болгун, сүйүү баркын билгин, жаным,
Калкыбай деңизинде сүзгүн дайым.
Сүйүүнүн туура жолун түп кармасаң,
Сүйүүнү ырдап, даңктап чыккын, жаным.

## СИЗДЕР БАРДА

Сиздер бар, биз тынч уйкуда уктаарбыз,
Сиздер бар, биз эркин жашап жатаарбыз.
Сыймыгыдыр ар бир мырза биз үчүн,
Алкоо айтып дайым колдоп тураарбыз.

Сиздер бар, биз коломто отун агаарбыз,
Жаман айтпай эрдиктерин мактаарбыз.
Сиздер жокто жашоо кандай уланмак,
Эх, мырзалар, сиздер үчүн жашаарбыз.

Сиздер менен жашоо өзү кызыктуу,
Жаман дебейм жигит аты улукту.
Мейли бардыр арасында бир-экөө,
Болсо экен жигит атка татыктуу.

Турмуш оту сиздер менен башталат,
Мекен коргоо мырзаларга аманат.
Өз тагдырын ойлобостон күн көрсө,
Андай мырза жигиттикке жарабайт.

Өз тагдырын ойлобостон күн көргөн,
Андай мырза мекенимде жашабайт.





## БҮГҮН СЕНИ

Бүгүн сени унутууга жол таптым,
Аруу таза махабаттан баш тарттым.
Сага болгон жүрөктөгү сүйүүмдүн,
Балын эмес азап-муңун көп тарттым.

Күндөр болду унутуудан жүдөгөм,
Жүрөк эзип сүрөтүңдөн сүрдөнөм.
Канча жолу жолум башка болсо да,
Сүрөтүңдөн сени карап күн өткөн.

Билем, сен да сагынаарсың зарыгып,
Бирок билгин кайрылбаймын жалынып.
Менде болгон сага деген сезимди,
Өчүргөнсүң эбак эле жаңылып.

## ТАГДЫР

Тагдыр деген таң калычтуу табышмактай,
Жомок сымал, жашап келем улутунбай.
Тагдыр деген татаал экен, күчтүү экен,
Бир да жан жок, бул тагдырга баш ийбеген.

Ойлоп көрсөм тарых экен өткөн күндөр,
Жомок сымал, кала берди жаштык күндөр.
Сыноолордун татаалына чыдап жашап,
Там бердим эң бактылуу күндү самап.

Тагдырдын түрдүү-түмөн жолу болоор,
Мундан соң бакыт берчү оюу болоор.
Кайгырып, кыйналса да баш көтөрүп,
Унутуп, эртеңки күн жолун жолдоор.

## СИЗДЕР БАРДА

Сиздер бар, биз тынч уйкуда уктаарбыз,
Сиздер бар, биз эркин жашап жатаарбыз.
Сыймыгыдыр ар бир мырза биз үчүн,
Алкоо айтып дайым колдоп тураарбыз.

Сиздер бар, биз коломто отун агаарбыз,
Жаман айтпай эрдиктерин мактаарбыз.
Сиздер жокто жашоо кандай уланмак,
Эх, мырзалар, сиздер үчүн жашаарбыз.

Сиздер менен жашоо өзү кызыктуу,
Жаман дебейм жигит аты улукту.
Мейли бардыр арасында бир-экөө,
Болсо экен жигит атка татыктуу.

Турмуш оту сиздер менен башталат,
Мекен коргоо мырзаларга аманат.
Өз тагдырын ойлобостон күн көрсө,
Андай мырза жигиттикке жарабайт.

Өз тагдырын ойлобостон күн көргөн,
Андай мырза мекенимде жашабайт.





## БҮГҮН СЕНИ

Бүгүн сени унутууга жол таптым,
Аруу таза махабаттан баш тарттым.
Сага болгон жүрөктөгү сүйүүмдүн,
Балын эмес азап-муңун көп тарттым.

Күндөр болду унутуудан жүдөгөм,
Жүрөк эзип сүрөтүңдөн сүрдөнөм.
Канча жолу жолум башка болсо да,
Сүрөтүңдөн сени карап күн өткөн.

Билем, сен да сагынаарсың зарыгып,
Бирок билгин кайрылбаймын жалынып.
Менде болгон сага деген сезимди,
Өчүргөнсүң эбак эле жаңылып.

## ТАГДЫР

Тагдыр деген таң калычтуу табышмактай,
Жомок сымал, жашап келем улутунбай.
Тагдыр деген татаал экен, күчтүү экен,
Бир да жан жок, бул тагдырга баш ийбеген.

Ойлоп көрсөм тарых экен өткөн күндөр,
Жомок сымал, кала берди жаштык күндөр.
Сыноолордун татаалына чыдап жашап,
Там бердим эң бактылуу күндү самап.

Тагдырдын түрдүү-түмөн жолу болоор,
Мундан соң бакыт берчү оюу болоор.
Кайгырып, кыйналса да баш көтөрүп,
Унутуп, эртеңки күн жолун жолдоор.

Тагдыр деген таңдан аткан нерсе экен,
Тагдырымда канча нерсе болду экен.
Ачып аны окуй алсам бир ирет,
Ондойт элем жазылгандын баарын тең.

## КАЙДАСЫҢ

Кайдасың, издеп сени баратамын,
Караанның калып кеткен көчө менен.
Изиңди таап алгандай бир четинен,
Таңда-кеч, өтө берем, өтө берем...

Жүрөгүм жашынгансып ыйлай берет,
Кайдасың, дарегиңди билгим келет.
Таап алчу үмүт менен издеп жүрөм,
Айтсынчы, кимдер билет? Ким... Ким билет?

Жоготпо өзүң мени тапканыңда,
Качандыр издеткениң өкүндүрүп.
Тагдырым салбас кылсын ушул күнгө,
Сени мен унутканда кезиктирип.





## КҮТПӨЙМ ЭМИ

Күттүм сени, күткөнүмдүн чеңеми жок,
Сага деген бул сезимдин кереги жок.
Кечиргин деп эми кайра жалынсаң да,
Ишен, жаным, сендейлердин кереги жок.

Сезимдер күүлүп бүтүп, шагы калган,
Бүчүр ачпай айланчыктап үшүп турган.
Мээрим төгүп кучагыңды жайсаң дагы,
Ачылбайт го бүчүрлөрү куурап калган.

Жакпады сүйүү деген ушул болсо,
Жүрөккө сүйүү эмес азап толсо.
Жаркыган жарыктыкка чыга албадым,
Жай бербей жүрөгүңдү байлап койсо.

Болду эми, унут баарын, кереги жок,
Өткөргөн күндөрүбүз болду жомок.
Тартылып карегиңде калсам дагы,
Күтпөгүн мендей болуп пайдасы жок.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИН. 476 909



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

## АПАКЕМ

Эмгегиң элге жагып сыйлап турган,
Бере алсам экен, менде акың – аалам...
Энекем эмгегиңден нурун чачсаң,
Саймалап ай бетине атың жазам.

Сыймыгы жаралгансың үй-бүлөнүн,
Сыйкырдуу күчүңө мен үйрүлөмүн.
Ойлоруң менде, бирок алыстасың,
Жабыркап мээримиңе төгүлөмүн.

Алсырап жытың эңсеп сагынганда,
Көйнөгүң жыттап толот жүрөк сага.
Саргайып күтөт кара каректерим,
Чоң бакыт сен күлгөн бир мүнөт гана.

Көйнөгүң кийип алып көйкөлөмүн,
Өзүмдү жалгыз сага окшотомун.
Керилип ары басып, бери басып,
Кошунага, апа, сендей көрүнөмүн.





## СҮЙҮҮ АРМАНЫ

Билбептирмин бүгүн капа болоорумду,
Сүйүүнүн ызгаарына тоңоорумду.
Ишенбейм мындан ары уккум келбейт,
Махабат, сүйүү деген жомогуңду.

Жүрөк ооруйт көптүн бири сыңары,
Сокпой калды жүрөгүмдүн кылдары.
Мен өлгөмүн, бул бир болсо көлөкөм,
Бүткөн мага бул жашоонун жыргалы.

Сени ойлоп, сени эстеп каламын,
Сагынганда сансыз ойго батамын.
Кыялымда сени менен бир болуп,
Сырларымды ыр түрүндө жазамын.

Күнү-түнү сени ойлоп убарамын,
Жигиттин-жигити деп кубангамын.
Билбедим, кантип сени сүйүп калдым,
Адашкан ак куу сымал калып калдым.

Жазгы күндө жарк дейби деп бул өнүң,
Кайда жүрсөм сени издейт көздөрүм.
Кулагыма угулгансыйт азыр да,
Бир мезгилде сүйөм деген сөздөрүң.

Тирүү туруп, өлүк болдум канча ирет,
А жүрөгүм тирилбестей сезилет.
Кантип эми жалынамын кудайга,
Көз ирмемдик өмүр мага берчи деп.

Сен дагы ойлойсуңбу мага окшоп?
Жүрөктө махабаттын ыры коштоп.
Же мени алмаштырып койгонсуңбу?
Кадимки жомоктогу кызга окшоп.

## СЕЗИМ

Сүйүү салып бүт жүрөктүн сезимине.
Сүйүү чиркин кимде болбойт кези келсе.
Сезимимди сездире албай сага жүрөм,
Сезсеңчи, жүрөк сүйсө күнөөм эмне?

Сен деген махабаттын алоосунан,
Сезимдер кайкып учуп жалындаган.
Сүйүүнүн күчү болуп сезимдерде,
Сен үчүн азап тартып бара жаткам.

Суусу болуп махабаттын мүрөктө,
Сагындырып ар бир күнүм түн өтсө.
Сагыныч катын жазып турсам дагы,
Саргарып ак баракта жатат күндө.

Сезимдин серектигин түшүнбөдүм,
Сен түшкөн сүрөтүңдөн күн өткөрдүм.
Себелеп жазгы жамгыр төгүп өтсө,
Сезгиниң, ошол менен бир өпкөнүм.





## КЕЗИККЕНДЕ МАХАБАТ

Байкоосуз чырмалыпмын туткунуңа,
Аңосуз арман түндүн кучагында.
Бир сен деп махабаттын отун жагып,
Жүрөмүн бул сүйүүнүн арасында.

Кайрадан кайрылып сен карабадың.
Камалган ак сүйүүгө байланбадың.
Сен үчүн аркаласам ак сүйүүнү,
Ардагым, сен сүйүүнү баалабадың.

Кош болгун, эми сен деп ыйлабаймын,
Камаган бул сүйүүгө байланбаймын.
Кезиксек капысынан биз да эми,
Кайрадан ал сүйүүгө кайрылбаймын.

Сени көрсөм бүтүн денем элжиреп,
Эзилемин болду эми келбейт деп.
Аппак сезим сакталсынчы түбөлүк,
Ал анткени башкасынан кезикпейт.

Болду, жүрөк, ыйлабачы деп коем,
Сүрөтүңө адаштың сен деп күйөм.
Мен өзүмдү алдабасам андыктан,
Ак сүйүүгө кантип күнөө так койом.

## МЕЗГИЛ

Күндөр канча мезгил менен жарышкан,
Ар биринде жашоо бизди азгырган.
Анын шамы улам өчөт билинбей,
Кайран мезгил канча кылым жол баскан.

Өтөр өмүр кучагында армандын,
Эсеби жок ар бир күнү баскандын.
Жебе сызып ай айланып өтсө да,
Кадыры жок ушул сонун айлардын.

Кандай кымбат карегиндей баланын,
Бапестегим келет ар бир айларды.
Түгөнбөгөн бул түйшүктүү өмүрдө,
Сезбейсиң ээ, өмүр өтүп жатканын.

Билип-билбей жолдорумдун кыйгачын,
Өзүм билбей өзгөлөрдү сындапмын.
Өткөн мезгил ирмемине карасам,
Элге керек бир да эмгек кылбапмын.

Мезгил келет кучагында айлардын,
Өткөн күндү кайра издеп таппадым.
Эгер келсе кайра өткөн мезгилдер,
Ар бир күндү барктап ыр да жазмакмын.

Мезгил деген өмүр менен коштолгон,
Өтөр мезгил, бирок өмүр кошпогон.
Үч ай ичи ар бир мезгил камтылган,
Акындардын ырларына окшогон.

Айландырып мезгил келет кайрадан,
Балабыздай көрүп биз да сагынган.
Ар мезгилде сулуулук бар өзгөчө,
Аны чындап көңүл бөлүп карасан.





## ДОСТОРУМА

Турмуштун канча татаал жолу болсо,
Досторум, санаалаштар жөлөк болсо.
Өткөргөн студенттик күндөр кайткыс,
Аттанат ар бир досум турмуш жолго.

Кайыктай сүзүп барат күндөр жылып,
Досторум шаң-күлкүгө үгүттөнүп.
Түгөнгүс студенттик күн болсочу,
Ар күнүм достор менен бир болсочу.

Эх! Достор, аз убакыт күндөр гана,
Кетебиз эртең таркап туш-туш жакка.
Унутпай эсибизден чыгарбайлы.
Жолугуп туралычы ар бир айда.

Дос болдук беш жыл эмес түбөлүккө,
Максатка жетели деп тилеп күндө.
Ар күнүм бир-бирине эч окшобойт,
Жазда шат, кээ бир кезде күйүт күздө.

Кайгырсам, капалансам тең бөлүшкөн,
Досторум жүрөгүмдө түнөктөшкөн.
Ыраазы боло берем жаратканга,
Берди деп курбуларды көмөктөшкөн.

Тээ алыс кыялданган биздин кыздар,
Жаңыртып капалыкты айдагандар.
Гүл сымал ачылышат жаз айында.
Анткени жаштык чактын жалыны бар.

## АГЕНТ

Агент болду күндө менен жаратым,
Кирбей койсом козгойт менин адатым.
Бүт убакыт агент менен өткөндөй,
Ойлоп көрдүм мезгил өтүп жатканын.

Достор көптүр чөксө маанай көтөргөн,
Кубансам да достор менен бөлүшөм.
Чындыгында агент деген оюндур,
Сүйүшкөн көп бирин-бири көрбөгөн.

Адат болот алгач ирет киргенге,
Контагымда адам саны аз дебе.
Күндөн-күнгө «дружбалар» ташталып,
Кызыктырат агент деген бир нерсе.

Жылуу жумшак сөздү айтып жазганда,
Арбаласың анын жазган катына.
Сүйүү чиркин дал ушинтип башталып,
Жүрөк койдуң дароо «статусуңа».

Күндөн-күнгө сүйүү сезим арбалып,
Калгансыйсың ошол жанга байланып.
Жанык болсо сүйгөн адамың агентте,
Олтурасың таң атканча кадалып.

«Пароль» сурап почтасынан киресин,
Өзү жок деп «статуска» илесиң.
Эгер болсо анын башка сүйгөнү,
Үн сөзү жок «игнорго» киресиң.





Жооп бербесе сенин жазган катыңа,
Кайыр дейсиң «удалитке» шашыла.
Өзүң дагы жооп бергенге зеригип,
Киресиң го «невидимге» жашына.

Караймын агенттеги сүрөтүңө,
Ашыгам бир өзүңдү көрүшүмө.
Жан дүйнө, жүрөгүмдү ээлеп алдың,
Өкүнөм сени сүйүп жүргөнүмө.

Бүгүн неге кирбей койдуң каралдым,
Сени издеп контагымдан таппадым.
Агенттеги досторумдун ичинен,
Бир өзүң жок капалыгым ачпадым.

## ӨЗГӨРТКҮМ КЕЛИП ТУРАТ

Өзгөгө билдирбеген жан сырымды,
Катамын сырдуу болгон айлуу түнгө.
Уяча жасап алып жылдыздардан,
Толтурам сыр дүйнөнүн түйүнүнө.

Четинен ачылгандай дүйнө сыры,
Өзгөртүп багытымды алмаштырат.
Учкуну тийип өтүп махабаттын,
Өзгөрткүм келип турат, келип турат...

Өкүнбөйм өкүнүчтүн кыялына,
Өч алса мен кетирген каталыкка.
Өзүндөй болбосо да бирок аттиң,
Өзгөртом. Ордуң толбос аралыкка.

Өзүндөй болбостугун билсем дагы,
Жол койгум келип турат каталыкка.

## МЕН СИЗДИ ЭСТЕГЕНДЕ

Түбү жок саран ойлор эске келсе,
Чыдабай телефонду колума алам.
Үнүңдү укмайынча чырылдатып,
Номериң тере салып кайра чалам.

Жүрөктөн бакыт отун тутандырам,
Өзгөгө бакыт болуп көрүнбөгөн.
Мен сизди эстегенде кийинки ирет,
Тааныш дейм бары-жогу билинбеген.

## ЖАШТЫК КҮН

Кандай сонун биз өткөргөн ошол күн,
Муздак шамал беттен сылап өпкөн түн.
Биз экөөбүз көпкө турдук унчукпай,
Шыбырашкан айлуу түнгө шаң улай.

Көзүм сенден алып качып уялам,
Колум тартып ала албастан кыйналам.
Алансайын жакын келип кучактап,
Сүйөм дедиң кулагыма шыбырап.

Эстейсиңби ошондогу айлуу түн,
Сүйүүбүзгө сүйүү кошкон жаштык күн.
Күбө болгон ошондогу жылдыздар,
Эң алгачкы сен ирмелип өпкөн түн.





## АДАМЗАТ

Жебе жылса кечим кирип таң атат,
Өмүр-жашоо токтобостон уланат.
Ар күн кечим, аткан таңым аркылуу,
Менин жашым күндөн-күнгө картаят.

Канча күндөр өтүп кетти зымырап,
Кубаныч да, кайгылуу да күн улап.
Менин жазган калем чийген ыр сабым,
Дале турат картайбастан күн санап.

Адам деген өзү билбейт күнөөсүн,
Арманы жок канча ойноп күлөсүң.
Жаңылбагын, жаңылуу бар жашоодо,
Туура баала өмүрдүн курч мүдөөсүн.

Кандай адам күнөөсү жок боло алат,
Кандай адам күнөө кылбай жүрө алат.
Мен да ошондой күнөөм бардыр билбедим,
Жаратқандан кечиришин суранам.

Жашоодо адам болуу кыйын экен;
Адамдык асыл сапат кимде экен.
Кандай күн жазылса да маңдайыма,
Жараткан аны мага тартуу эткен.

## АЯНЫЧТУУ БИР АК КУУ

Бир жаралган жалгыз калган бир ак куу,
Бир башкача арманы күч азаптуу.
Көл жээгинде турат дайым томсоруп,
Келет деген үмүтү күч сабырдуу.

Көздөн аккан сагынычтуу бир тамчы,
Өткөн жашоо армандарын чагылткан.
Муңайыңкы, аянычтуу бир ак куу,
Айт сырыңды, кимдер сени таарынткан?

Кыйнап келет жан дүйнөсүн жалгыздык,
Үмүт менен жашай берет бечара.
Терезеден келүчүүдөй күнү-түн,
Жан жолдошун күтөт, өткөн... Не чара?

## ЭНЕ ТИЛИМ

Байыртан эне тили кымбат делген,
Дүйнөдө эч табылгыс байлык берген.
Бабалар тилин, динин алмаштырбай,
Түбөлүк урпактарга сактап берген.

Жүрөктө кыргыз каны согуп келген,
Намысым башка тилге жол бербеген.
Башка тил билбегеним уят болсо,
Сыймыктуу тилим менен жашай берем.

Кыргыз тилим кылымдарды сүйлөткөн,
Кылым басып кыргызчага үйрөткөн.
Кыргыз тилим кылдап сени сүйлөймүн,
Кыйылбасын эч убакта сүйлөөрүм.





## КЕЧИККЕНДЕ МАХАБАТ

Кечиктиң эми, кечирчи мени ардагым,
Карааның издеп кайрылдым бирок таппадым.
Унутам дедим үмүтүм үзбөй өзүңдөн,
Жолуңду карап жашоодо сени тандадым.

Кайрылдың, бирок байландым башка адамга,
Суранам сенден, ардагым, мага жалынба.
Кечиктиң эми, кеч сездиң менин сүйүүмдү,
Жүрөгүм арнап койгондо башка бир жанга.

Жолуккан жерде жалооруп мага караба,
Жүрөгүм эзип кайрадан мени албырба.
Унутчу эми, уйкусуз канча түн өттү,
Ардагым, бирок жашайсың менин санаамда.

Карагат көзүң, бал ширин сөзүң азгырып,
Адашкан сезим жалбарып сага ашынып.
Унутаар кезде жолуктуң мага, ардагым,
Унуткан жүрөк кайрадан ыйга салдырып.



## БӨБӨГҮМ ЗЕЙНЕПКЕ

Жарык нурун чачып кирдиң үйүңө,
Бакыт нурга бөлөндүк биз күнүгө.
Үйүң толуп ата-энең кубанып,
Зейнеп койдук жарашыктуу өңүңө.

Атыңа да затың турат жарашкан,
Сени көрүп туугандарың карашкан.
Зирек болгун апакеңдей, бөбөгүм,
Ушул жазган ырым сага белегим.

Кылкылдаган кылыктарың көбөйгөн,
Күлкүң күчөп ата-энеңди сүйүнткөн.
Көңүлү таза жаркылдаган Зейнебим,
Өмүр берсин узун сага теңирим.

## МАХАБАТЫМ

Бул кечте сени менен бирге болсом,
Махабат ырын ырдап обон созсом.
Эх! Чиркин кандай сонун болоор эле,
Түбөлүк сени менен бирге жүрсөм.

Айтылбай ичте жатат армандарым,
Жылт этет үмүт, чырак жанган сайын.
Окулуп, жазылып да, обон болуп,
Ыр менен жашай берет махабатым





## СЕНИ ИЗДЕЙМ

Кай жерден кабылгамын жалгыз сага,
Айрылып эрте калдым жетпей сага.
Кайрылып бир карабай кайда кеттиң,
Карегиң дале менин көз алдымда.

Сагынсам көргүм келип ыйлай берем,
Сүйүүмдү сага кошуп жерге бергем.
Кайрылып башка жанды сүйө албадым,
Жүрөктө түбөлүккө жашап калдың.

Ичтеги арманымды кимге айтамын,
Кезинде сырларымды сага ачпадым.
Каректен жашым тамат сени эстесем,
Сүйүүмдү, жүрөгүмдү сага бергем.

Карабай каректериң каттың эми,
Чын эле таппашымды билеминби.
Өмүрүң ушунчалык кыска беле,
Же мени жалгыз калсын дегениңби.

Күн чыкса сүйүнөмүн күлүптүр деп,
Башка ким мага сендей күйүптүр көп.
Ай толсо кубанычта жүрө берем,
Дүйнөнү мен сүйгөндөй сүйүптүр деп.

Сагынсам айды, күндү самай берем,
Уйку жок, асман тиктеп көз ирмебейм.
Каерде мени карап турду экен деп,
Көктөгү жылдыздардан сени издейм

## ТАБЫШМАКТУУ БУЛ ТАГДЫР

Күндөр өтүп, айлар өтүп жыл улап,
Бул күндөрүм улам кызык жаралат.
Адам болуп жаралган соң дүйнөгө,
Эртеңки күн эмне болот табышмак.

Ойлоп эч бир ой түбүнө жетпедим,
Турмушумда кечтим дайра нечени.
Бийик, сулуу, арманы жок дүйнөгө,
Өңүмдө эмес кыялымда жеткемин.

Кээде ойлоп адамдардын тагдырын,
Таңыркадым, жазмышыма багындым.
Байлайт турмуш ар азаптуу жолуна,
Багынгым жок, калбайм азап торунда.

Жебе жылса өтөт экен жаш курак,
Калсам эгер жапжаш бойдон жаш курап.
Колдон келсе дүйнө саатын токтотуп,
Тураар элем адамзатка жаш улап.

Тириликтин түрдүү, түпсүз кырлары,
Талпандатат адамдарды күн санап.
Таш боор тагдыр талкаласа канчасын,
Улам кимдер келип, кетип, ким калат.






## КОШ БОЛ, МЕНИН МЕКТЕБИМ

Коштошуп мектеп менен бүгүн турам,
Окудум он жыл бою билим алгам.
үйрөткөн бул турмуштун түрдүү жолун,
Агайым, эжекеме таазим кылам.

Жетелеп билим ал деп алып келген,
Оку деп билим нурун төгүп берген.
Өзгөрөм, а сен дилиң өзгөртпөйсүң,
Сагынып келем дагы көңүл дегдей.

Турмуштун ойноок кезин арта биштап,
Турабыз коштошо албай ыйламсырап.
Мектебим, мен келгенде койнуң ачып,
Чоңойттуң билим берип тарбиялап.

Кайтамын көрүү үчүн, жан азыгым,
Кетсем да калды сенде балалыгым.



## СЕН КИМСИҢ?

Сен кимсиң үнсүз мени карап турган,
Сүйлөбөй жүрөгүмдөн орун алган.
Үн катып сөз айтуудан сүрдөп турдук,
Күлмүңдөп көзүң менен маек курган?

Сен кимсиң калем кармап ыр жаздырган,
Тымызын түн уйкумду аралаган.
Оюмдан бир мөөнөттө чыкпай калдың,
Сен кимсиң жүрөгүмдүн жолун тапкан?

Сен кимсиң маяк берип тындырбаган,
Жообу жок махабатка камап алган.
Сүйлөбөй улам-улам чалсам дагы,
Сен кимсиң бир өзүмдү тандап алган?

Сен кимсиң күндө мага гүлүн сунган,
Соолубас ак сүйүүңдү булгабаган.
Алмашпай дале мендик болосуңбу?
Сен кимсиң махабаттан жабыркаган?

Сен кимсиң карек менен чагылдырган,
Махабат отун жагып тутандырган.
Таанбайм бирок сендик болгум келет,
Сен кимсиң жүрөгүмдү багындырган?





## АР БИР КҮН

Ар бир күнүм сүйүү менен куралган,
Бир берилген, алкайм аны улуктай.
Баары болот, өңүм түштөн уланган...
Жашоом өтөт жомоктогу кызыктай.

Бирде кайгы, бирде сүйүү курчаган,
Бул жашообуз айтчы неден жаралган.
Жашоо өзү ар азабын тарттырып,
Адамзатка сүйүү берип жашаткан.

Жашоо өзү күн, ай менен коштолгон,
Адамзаттын жашоосуна окшогон.
Атып таңым,күн кечкирип жатканда,
Менин жашым кетет улам бир жашка.

Учуп кыял, жоктон барды жасаткан,
Шуру сымал бир жарк этип тараткан.
Колдо тиккен не бир түркүн кооздукту,
Жаратканым сайма сайып жасаган.

Токтоно албай толкунуна багынам,
Жаштык учуп жалынына таштаган.
Болбос эле мен ойлогон күндөрүм,
Ошол күнгө турмуш мени багынткан.

Кандай кымбат карек менен бааласаң,
Аткан таңым бир өзгөчө суйкайган.
Көркөмүңө көз чаптырып караймын,
Бир кем дүйнө кандай коозун жасаган.

Болбосо да ар бир күндө кубаныч,
Кайгырбаймын, өтөр-кетер кусалык.
Жакын көргөн бир инсанды сагынсаң,
Ошол сага кайталангыс миң кайрык

## БИЗДИН СҮЙҮҮ

Сүйбөчү, сен сүйгөн кыз боло албаймын,
Сен айткан кээ бир шартка көнө албаймын.
Жүрөгүң бир өзүмдү сүйсө дагы,
Эркелеп купулуңа толо албаймын.

Сен сүйгөн сулуу пери боло албаймын,
Сүйөмүн, бирок сендик болбойм, жаным.
Элжиреп жүрөк сен деп соксо дагы,
Кечирчи, түбөлүгүң болбой калдым.

Сеземин жүрөк менен сүйгөнүңдү,
Көрөмүн ак сүйүүңдү көздөрүңдөн,
Жетпеген арман болду биздин сүйүү,
Тагдырым башка жолду жазган экен.

Турасың кара көзгө жаш ирмеген,
Кечирчи ак сүйүүнү кечкен элем.
Сен койгон талаптарга чыдай албай,
Коштоштум махабаттын оту менен.

Эми биз кезиксек да капысынан,
Жөн гана тааныштарбыз алыстаган.
Жалындуу кара көзүң, карабачы,
Калсынчы биздин сүйүү болуп дастан.





Ардагым, эстейм сени ар бир убак,
Уйку жок күндөр кечтеп, түндөр узак.
Сагынам бирге өткөргөн күндөрүмдү,
Кош болгун, жаным, эми күндөр узак.

## КУРБУЛАР

Эх! Курбулар кандай сонун биздин маал,
Шаң күлкүгө үгүттөгөн курбулар.
Ачылышып маанай шаңга бөлөгөн,
Кандай сонун студенттик күндөр ай.

Мезгил шамы айдап бизди алыска,
Күтөт бизди карылык да. Ар башка
Талабыбыз аткарылбай калыштан,
Коркобуз го ажалга тик караштан.

Ар бирибиз билимге күч экенбиз,
Алып билим терең кудук кезербиз.
Максат кылып бийиктикти көздөгөн,
Аракетчил муунга билим берербиз.

Бирок бизде турат турмуш талабы,
Ар бирибиз турмушка жол салалы.
Жашоо өзү көрсөткөн бул жолунан,
Эч адашпай туура жолго баралы.

Жүргүлөчү билим нурун өчүрбөй,
Кол кармашып достук жолун колдоорбуз.
Ажыраткан мезгил шамын өчүрбөй,
Кесип сүйгөн эмгекчил биз досторбуз.

## КҮТҮҮ

Жолуккан күндөр менин жүрөгүмдө,
Далайлап жашайт сенсиз көөдөнүмдө.
Уламдан жыл алмашып өтсө дагы,
Өзгөрбөй күтүп келет бир көрүүгө.

Айсыз түн, шооласы жок жарык чачкан,
Сен жоксуң жүрөгүмдүн жолун тапкан.
Тумандап көрбөй жатам барган сайын,
Көзүмдүн каректери соолуп калган.

Күтүүдөн бүтүн денем чарчап калган,
Соолуган көз жаштарым акпай калган.
Жашоомдо сен болсоң да жалгыз өзүң,
Күтпөймүн бир өзүңдөн тажап калгам.

## СЕНИ СҮЙГӨН ЖҮРӨГҮМДҮ ЖЕК КӨРӨМ

Кайгырттың, капаланттың,
Сүйөөрүм билип туруп.
Сен үчүн азап тартып,
Жашашым сезип жүрүп.

Сезбепсиң, сен дегенде,
Жүрөгүм оргушталат.
А бирок биздин сүйүү,
Түбүнөн куурап барат.

Жандырчы сезимимди.
Ансайын өчүп барат.





Ишенчи, сүйгөн жарым,
Сен үчүн жаштар тамат.

Армандын алоосундай,
Бүт денем күйүп жанат.
Айыпсыз ушул сүйүү,
Күнөөсүз өчүп калат.

Сүйбөчү мени дедиң,
Карегиң ала качып.
Ишенбей ал сөздөргө,
Баратам узакташып.

Жек көрөм бир өзүңдү,
Кечирчи жүрөгүмдү.
Көргүм жок, эстегим жок,
Ал турсун сүрөтүңдү.

Ар күнүм күтүү менен,
Сабырым түгөп барат.
Куюлуп бүт денеме,
Жамгыр да ыйлап турат.

Коштошуу кыйын экен,
Колдоруң кармап жүрүп.
Кыя албай ак сүйүүгө,
Кыянат жасап туруп.

Дайрада жалгыз калган,
Бир кеме сыяктанам.
Колума калем алып,
Арманым ырга айтам.

## ТУРМУШТАН АДАШУУ

Турмуштун туура жолун таба албадың,
Түйшүктүү азабына чыдабадың.
Тузактуу жеңил жолун туура көрүп,
Түбөлүк жарык жүзүң жерге салдың.

Акчага намысыңды алмашкансың,
Түбөлүк тагдырыңа жол ачпадың.
Бир өмүр бактылуулук көз көрүнбөй,
Бир күндүк арам акча алдап алдың.

Кантейин, турмуш жолуң ушул экен,
Акча деп жаман жолго бардың бекен.
Күнүмдүк арам акча жеңил жолду,
Түбөлүк кумар кылып алдың бекен.

Кайтканың туура болор адал жолго,
Кечир да, адашканды, кудай, колдо.

## КОРКОМ

Корком-корком сизге тике караштан,
Убайымдуу жүрөккө чок салыштан.
Жан дүйнөмдү жаралантып кеттиңиз,
Корком дале сизсиз жашап калыштан.

Таарынбаңыз мени сүйбөйт деп ойлоп,
Жүрөгүмдө алгач сезим алоолойт,
Алыс кетип сиздик болбой калсам да,
Корком дале сизди сүйүп калыштан.






## СЕНИ ЭСТЕБЕЙМ

Мейли сенсиз кечим кирип, таң атсын,
Сени эстебейм жүрөгүмдөн чыккансың.
Кечинде сен кириптирсиң түшүмө,
Жүрөгүмдү эзип кайра кыйнайсың.

Сени эстебейм деген сайын эзилем,
Алоолонуп сүрөтүңө тигилем.
Билем бир күн жолугарбыз биз дагы,
Күтүп келем ошол күндү кезиккен.

Биз жолукчу кыш да өтүп баратат,
Айыкпады сенден калган жаракат.
Кышты аппак дилиң менен агартып,
Жазда келчи, жаздын өңүн жадырат.

Кар үстүндө бирге жүргөн күндөрдү,
Эстеп кээде үмүтүмдүн күдөрү,
Кар сыяктуу эригенсип ал сезим,
Сени эстебейм, үмүт өчүп түңүлдү.



## КОШТОШУУ

Ошол күн биз коштошкон,
Жамгыр да ыйлап турган.
Жүрөктөр бирин-бири,
Башкага кыйбай турган.

Койнуңа кысып алып,
Унуткун мени дедиң.
Кантейин бул жүрөгүм,
Томсоруп калат дедиң.

Жашынган биздин сүйүү,
Күчөнөт барган сайын.
Сагыныч кусалыктар,
Көмүлөт ар күн сайын.

Ошондо көз караштар,
Акырын алыстады.
А бирок биздин сүйүү,
Өчпөстөн жалындады.

Кыя албай улам карап,
Жүрөгүм турат канап.
Кош бол деп колуң үзүп,
Кеттиң го кадам таштап.

Коштошкум келбейт менин,
Колуңду бекем кармап,
Көзүңдөн көзүм качып,
Кечир деп бастым ыйлап.





Ансайын жүрөгүмдөн,
Ак сүйүүм алоолонуп,
Айтайын деген сайын,
Бекинет улам коркуп.

Аталган биздин сүйүү,
Жашасын ушул ырда.
Түбөлүк унутулбай,
Ырдалып турсун кайра.

## АК ЖАМГЫР

Негедир жамгыр бүгүн төгүп турат,
Жан дүйнөм бир башкача сезим туят.
Эстетип эң бактылуу күндөрүмдү,
Жамгырдай жүрөк чиркин жашын куят.

Тыя албай көз жаштарды жүрөктөгү,
Ансайын жамгыр мени жүдөткөнү.
Буулугуп улам ыйлайт жаш балача,
Токтото албай турам кайра-кайра.

Ак жамгыр, бооруң ооруп аяйсың да,
Бүт дүйнөм капалыктан жанчылганын.
Токточу, ыйлабачы, адатыңча,
Эзилди жүрөктөгү жаракатым.

Бук болгон жан дүйнөмө кезиккенби.
Ак жамгыр бүгүн мынча кейигени

## КОҢУР КҮЗ

Өзүңө окшогон оор кызың болуп,
Ыр ырдайм коюнуңда обон созуп.
Тал-терек бийчи, курдаш – жалбырактар,
Шериктеш болот мендей ой ойлонуп.

Шамалдын шуулдаганы коштоп ырым,
Табият айткан сындуу жаштык сырын.
Дарактар шыбырашып сүйлөшкөндөй,
Талкуулайт эмнелерди, билүү кыйын.

Коңур күз, сен жөнүндө ырдайм бүгүн.

## ӨЧҮРГҮМ КЕЛДИ СЕНИ ЖҮРӨГҮМДӨН

Өрт таштап өзөгүңдү жандырайын,
Өзгөгө өкүнгөнүң айттырайын.
Өзүң деп жүргөнүмдү билбестигиң,
Өзгөртпөй чечимимди чыгарайын.

Жазганың жакпай менин көңүлүмө,
Сырың бар чечилбестей жүрөгүңдө.
Жай гана эрмек үчүн жазгандайсың,
Өчүргүм келди сени жүрөгүмдөн.





## КОЛ ЖАЗМА

Сага жазган бул кол жазма эстелик,
Калбасынчы жерде жатып тепселип.
Сагынганда аны ачып окуп тур,
Турса керек жаштык күндү эстетип.

Сага деген ушул жазган кол жазма,
Өтпөсүнчү колдон-колго узатпа.
Унутпастан тез-тез ачып окуп тур,
Биз өткөргөн жаштык күндү унутпа.

Жаштык күндө мага берген кол жазма,
Окуп турам ал кездерди сагына.
Өтсө дагы канча жылдар арадан,
Өчпөй турат бала сезим кайрыла

## КЕЧИР МЕНИ

Кечир мени, ак сүйүүгө кабылдым,
Бактым дедим, бирок сенден жаңылдым.
Жүгүн артып ишеничтин өзүңө,
Турган кезде сен башканы тандадың.

Жашоо кандай бир өзүңдөн баштаткан,
Сагындырып кусалыкка батырган.
Мээрим төккөн көздөрүңдү сагынып,
Чыга албаймын жүрөк деген камактан.

Канча күндөр өттү бирок сен деген,
Алмаштырбай жүрөк сени эңсеген.
Көмүскөдө калган биздин сүйүүнү,
Жаңылачы, жан дүйнөм бир сен деген.


Кечир мени, сүйө албадым башканы.
Жараткандан келишиңди сурандым.
Элжиреген жүрөк чиркин зарыгып,
Күнү-түнү күтүү менен чырмалдым.

## САГЫНБА МЕНИ

Сен дагы мени эстеп сагынаарсың,
Зарыгып көздөн жашың агызаарсың.
А бирок кеч болгон соң ал сезимге,
Кайрылып кайра мени таба албассың.

Сагындым, бирок сен деп ыйлабадым,
Жаралуу жан дүйнөмө карабадың.
Артыңдан ээрчип ыйлап жаш балача,
Жүрсөм да бир сөзүмдү баалабадың.

Сагынба өткөн күндү кайра издеп,
Өкүнбө баш ургулап мени эңсеп.
Кандай күн жазылса да мандайыңа,
Сагынба ал күндөрүң кайра келбейт.







## БИР ТУУГАНЫМ

Бир тууганым мөмөлүү бак-дарагым,
Мен оорусам жан күйүтүп карарым.
Алыс кетип жан алсырап оорусам,
Карегимден өттү сенин кааранын.

Бир тууганым, өйдөдөгү өбөгүмсүң,
Тамыры бир туташкан жөлөгүмсүң.
Эгерде бир тамырым ооруп калса,
Билгиниң ошол менин өлгөн күнүм.

Жүрөк-кан сокпой калат көрбөй калса,
Тамырым суусай баштайт сагынганда.
Бириңе жаратканым сыноо берсе,
Ооруймун бир сен үчүн канча-канча.

Тынчпы деп ар бириңден кабар күтөм,
Жол карап бир тууган деп өмүр сүрөм.
Жетелеп колдон келсе бир өмүргө,
Жолуңа шам чырак да боло түшөм.

Кээ күнү өткөн күнүм эске түшөт,
Ооруган күндөрүмдө болдуң жөлөк.
Бирөөңдөн бир жаман сөз угуп калсам,
Ошол күн эт-жүрөгүм сулк дей түшөт.

Бир тууганым, көзүмдөгү карегимсиң,
Жалбырттап жаш чагымдын данегисиң.
Турмуштун түрдүү жолу ажыратса,
Манжадай бир муштумга келээримсиң.

## ЖУБАЙЫМА

Оор турмушту колдон алып кармашкан,
Бул жалганда бийик максат саматкан.
Канча турмуш азаптарын тең көрүп,
Узун жолдо биз экөөбүз бараткан.

Деңиз сымал катып терең түбүнө,
Сырын билип бирге өмүр сүрүүгө.
Турмуш деген канча түрдүү жол болсо,
Жашообуз бир аны басып өтүүгө.

Турмуш куруу бул жашоонун талабы,
Түркүн тагдыр мына бүгүн башталды.
Кол кармашып бирге өмүр сүрүүгө,
Бактылуумун бирге жашап өтүүгө.

Орой ойлоп бул турмуштун кыялын,
Мен таянып жөлөк болуп каларым.
Өйдө-төмөн бул турмуштун жолунда,
Түбөлүккө жарым болуп калаарсың.

Туура жашоо сенин дагы максатың,
Бир өмүргө ишенээрим, аяарым.
Ардактаган аруу жолду тартуулап,
Келечекте ата болуп калаарсың.

Арабасын тартып турмуш нечени,
Айдап барам кең дүйнөнүн кемесин.
Арбап койгон жубайымдын жүрөгүн,
Арман кылбай максатыма жетээрмин.






## ТАТЫКТУУ ЖУБАЙ БОЛГУМ КЕЛЕТ

Жашоодо жарым менен болгум келет,
Ардактап сый урматта жүргүм келет.
Түшүнбөй кээ бирине ачууланса,
Кечир деп ак жүзүнөн сүйгүм келет.

Жумуштан чарчап келсе жылуу сүйлөп,
Кел, жаным, сагындым деп күткүм келет.
Маанайы чөгүп келсе жумушунан,
Гитара чертип ырдап бергим келет.

Жараткан берген таза наристеге,
Татыктуу тарбия берээр элем.
Өзүндө болгон таза балалыкты,
Өчүрбөй карегиме катып келем.



## МАХАБАТТАН ТАЗАЛЫК!!!

Караанын алыс кетип узап барат,
Токтобой жүрөк байкуш жашын куят.
Жалдырайм жаш балача сүйлөй албай,
Бир сүйүү бул жүрөккө тузак салат.

Артыңдан ээрчип чыгам узаганча,
Келет деп үмүт кайрайт кайра-кайра.
Жол карап жолоочудай күндө күтөм,
Жаш жүрөк жалгыз сени сагынганда.

Дербиш болдум, кедей болдум сүйүүгө,
Турмуш куруп бирге өмүр сүрүүгө.
Бирок, сенде муздак сезим уялап,
Көңүл калып уу берипсиң сүйүүгө.

Барчаланган бул жүрөккө карабай,
Баратасың агымына кошулбай.
Акырындап жээктеп чыгып каларсың,
Аягында бир тыйынга жарабай.

Таарынбагын тагдырыңдан бул белек,
Сыноо келсе кимде болбойт жеңилмек.
Ошол сыноо алмаштырды баарысын.
Эми болот ар бир күнүң кейимек.

Кандай күндөр жазылса да бактыңа,
Талкаладың сен сүйүүгө таарына.
Алоолонтуп кыйнап келет бир сезим,
Кантем анан, жүрөк сени сагынса.





Мендик бол деп мээримиңе багынам,
Кара көзүң карап сенден жалынам.
Арбап алдың бир көз караш ирмемде,
Сагындырып күндө сени саматкан.

Жароокерим, кечир менден таарынсаң,
Сүттөн таза ак сүйүүгө кабылсаң.
Өчүрбөсмүн бир өзүңдү жүрөктөн,
Эстеп койгун эгер мени сагынсаң.

Кылыч кармап сүйүүгө бек болушка,
Ант бергенмин кастык жолун кылбашка.
Кызыл алдым күбөлүгүн сүйүүнүн,
Жүрөгүмдө сен деп жашап калышка.

Калсын сүйүү аппак таза сакталып,
Кылбайм ага кыянатты башкарып.
Калсам дагы башка менен баш кошуп.
Каалайм сага махабаттан тазалык.



## АТА-ЭНЕМ

Жашоомо жарык берчү бир адам бар.
Мен үчүн өзгөлөргө табылбаган.
Каараным алыс жерде жүрсө дагы,
Саат сайын мени ойлоп уктабас ал.

Ата-энем эң ардагым таянарым,
Жашоодо аруу таза ардактарым.
Бала үчүн бар күчүндү арнап дайым,
Ата-энем сагынаарым, таянаарым.

Балам дедиң, ич койнуңа катып алдың,
Өзүң жебей балаң үчүн берип баарын.
Алсырап табыйгаттан ооруп калсам,
Балам деп каректен жаш агызганын.

Атам, энем улуу менин устатым,
Жакшы бол деп акыл сөзүн айтарым.
Бар күчүмдү арнап келем силерге,
Бар болгула мен таянар кымбатым.





## АПАМА

Төрт дубал ортосунда турам жалгыз,
Боппош үй, апасы жок кыз да алсыз.
Кетемин, болду айылга кетким келет,
Деп ыйлап чыр чыгарды кыз амалсыз.

Апакем күтөт мени келдиби деп,
Бекитет момпосуюн келсе жейт деп.
Анда мен кантип барбайм апакеме,
Апакем, айыл турса келсечи деп.

Эх, досум, бүгүн кандай кубангганмын,
Апакем келем деген күн чыгарын.
Кайда экен? Балким үйгө келгендир ээ,
Көтөрүп акча, токоч, таттуу нанын.

Акактап шашып барам үйгө тезде,
Жыт келди айылымды эңсеткенче.
Апаке, апаке деп чуркап кирсем,
Өзү жок наны турат салган бизге.

Ар күнү сүйлөшкөндө апам менен,
Козголот сагынычтан бүтүн денем.
Жегенде айран, кагын, каттамасын,
Айылдын жыты келет күтүлбөгөн.

## ЖАЛГАН СҮЙҮҮ

Арбалтып көзүңдөгү нуруң менен,
Ашыктым сага, жаным, сездиң бекен.
Кандайдыр бир күч менен байлап алдың,
Айта албайм ал сезимди сүйөм деген.

Көргөндө көзүң менен башкачасың,
Сүйүүмдү сезбей неге таштап салдың?
Ошол күн биз таанышкан күзгү кечте,
Айлантып жүрөгүмдү ойго салдың.

Көрүнүп башкалардан өзгөчөсүң,
Көркүңө ашык болуп күнөөкөрмүн.
Соттолдум махабаттын мыйзамынан,
Жар салып ашыктыгым сүрдөткөнүн.

Жалбарам жүрөгүмө камаба деп,
Махабат сезимине кайрылса деп.
Сүйүүмө күбө болгон инсандар бар,
Алар да айтат азыр чын сүйөт деп.

Күбөлөр турат азыр айтып берет,
Ашказан, өт,ичеги сотко келет.
Күнөөкөр жүрөгүмдүн сүйгөндүгү,
Камалды өмүр бою ашыкмын деп .

Токтому чыгарылды чын сүйүүнүн,
Камалды өзүң үчүн бул жүрөгүм.
Эрки жок башкалар да эч көрүнбөйт,
Күбө бул карегим да өзүң үчүн.





Жан дүйнөм келсин дешип митинг кылат,
Жүрөгүм издеп сени жаш кылгырат.
Кайда деп кабар берип бүт денеме,
Карегим аскер болуп издөө салат.

Акыркы токтом чыкты жүрөгүмдөн,
Эзилип карек айтты: «күтөмүн мен...»
Күбөлөр баарысы тең макул болду,
Сагындым жалгыз сени, келсең, эркем.

Карегим издейт дале көрүнсө деп,
Жарык нур качан мага бир тиет деп.
Сен келсең жүрөгүмдүн эң төрүнө,
Чыкмакмын бул камактан бир өмүргө.

## ТУРМУШ

Кайгынын муңу бардыр көңүлүмдө,
Жаш толуп арманы бар көздөрүмдө.
Турмуштун канча азабын тартсам дагы,
Жетелеп келет күндө бир жөрөлгө.

Турмуштун кээде болот кыйыктары,
Кыйналам ал кыйыктан өтсөм дагы.
Жашоодо максатына жетиш кыйын,
Анткени кыйын болот баскычтары.

Турмушта туруктуу бол, асылдарым,
Кыйнады ар кайгынын кайыктары.
Жетелеп ой-кыялдар алыс кетет,
Айлантат ар кеменин калактары.


## КАЙДЫГЕР КАРАБАЧЫ

Ак сүйүүгө жолуктурдуң бир көргөндө,
Көзүң күлүп от берипсиң жүрөгүмө.
Элесиңди унута албай кыйналамын,
Уктасам да сен киресиң түштөрүмө.

Билем, сулуу, менден бийик турарсың,
Теңим эмес деп ак сүйүүмдү бузарсың.
Коштошордо бекем кармап колумдан,
Жакшы кал деп анан жүзүң бурарсың.

Билем сенде жылуулук бар башкача,
Өрттөнөмүн күлүп мени караба.
Мейли баары мени жектеп карашсын,
Бирок билгин сага сүйүүм таптаза.

Айтпайм сага мендик бол деп кайрадан,
Байкап көрчү сен да мени сагынсаң.
Тамашалап ак сүйүүмдү күчөтпө,
Билесиңби күндө сени сагынам.







## КЫЗ СЫРЫ

Кечинде жолуктум мен бир адамга,
Сөз сүйлөп саат сурады кашты кага.
Анда мен не деримди айта албай,
Акырын саатты карап айттым ага.

Күлүмсүрөп таанышууга колун сунду,
Уялыңкы, наздуу карап күлмүңдөдү.
Бетине тик карап менен сүйлөй албай,
Жооп айттым болбойт деген жерди карап.

«Уялып тартынбачы, таанышалы»,
Ошол түн жүрөк чиркин ойго батты.
Чын эле ошол менин бактымбы деп,
Уктабай ойдолонуп ойгоо жатты.

Кеч кирип жылдыз толгон ай асманга,
Жолукту бара жатып ошол жайда.
«Жооп айтчы» -деди бала колдон кармап,
Кыз айтты: «макулмун мен таанышканга».

Кечинде бала күтөт кызды самап,
Келсе деп улам-улам саатты карап.
Кыз ага ишеничтин суусун буруп,
Жолукчу саатты күтөт мөөнөт санап.

Арадан айлар өтүп, жылдар жылды,
Эх! Жигит кыз жүрөгүн ээлеп кирди.
Бир күнү бак ичинде жолукканда.
Сүйүүсүн бут балага арнап берди.

Ошол түн бир болушту бир далайга,
Арбалып махабаттын мастыгына.
Мен сени кызганамын башкадан деп,
Аярлап кызды алды кучагына.

Кыз өзүн жоготту го ошол маалда,
Алданып жалган сөздүн курдугуна.
Арбалып тунук болгон сүйүүсүнөн,
Калды го кыз өлгүчө бир арманда.

Кыз күтөт эртесинде таң атканча,
Бала жок ыйлап карайт жолду гана.
Көргөндө ал баланы көзү жайнап,
Кубанып чуркап барды ал жанына.

Кабагын түйүп бала салам берди,
«Унуткун, күтпө мени, келбейм, -деди,
-бөлбөгүн, турмушум бар, кыйнап мени,
түбөлүк сен теңинди тапкын» -деди.

Кыз ыйлап көпкө чейин басылбады,
Буулугуп не дер сөзүн таппай калды.
Адам да сендей таш боор жаралабы,
Деп гана ал артынан калып калды.

Кыз ыйлап чөгөлөдү жардам сурап,
Жалбырттап кара көздөн жаш куюлат.
«Жалганга ишендирдиң эмнеликтен,
Кетпе,-дейт, -жүрөктөгү сүйүүнү улап».

Унчукпай бала кетти өз жолуна,
Өлөм деп кыз ыйлады таппай айла.





Алдаба менден башка перилерди,
Өзүмдөн күнөө кетти, кечир мени.

Арадан айлар өтүп, жылдар жылды,
Үйүнө кызды сурап жуучу барды.
Жок деген жообун берди кыз аларга,
Көңүлгө бир да адам жакпай калды.

«Кудайым, эми кандай кылам, -деди,
-Кантип мен өз бактымды табам эми?».
Ойлонуп эч бир жолун таба албай,
Акырын жеңесине айтып берди:

-Арман ай, башында мен сезбептирмин,
Ойлонуп кийин жообун бербептирмин.
Ишенип анын айткан сөздөрүнө,
Алданып калдым деди жаштык күндө.

Жеңеси аяп кызды боорго кысты,
Жылытып мээримине бөлөй түштү.
Каректен аккан ачуу көз жаштары,
Сел болуп чоң дайрага куя түштү.

Махабат ченеми жок тастыкталган,
Алданып канча жаштар азап тарткан.
Түбөлүк бактылуу күн эч көрүнбөй,
Бир күндүк бакыт баалуу тартып алган.

Алданып калган сулуу периштени,
Кандай жол табам эми жеңе деди.
Суранам ата-энеме айта көрбөң,
Бактымды жеңе өзүм табам деди.

Көл жээктеп жалгыз келди сулуу пери,
Кечир деп ыйлап айтты сырдуу кепти.
Толкуну кыздын уруп жүрөгүнө,
Тазалап бүт кайгыны жулуп кетти.

Аңгыча ары жактан кадам таштап,
Керилип келди жигит сөзүн баштап.
Ыйлаган кыздын сулуу келбетинен,
Байкады бир башкача сезим турат:

-Байкадым мен бактымды таптым бекен,
Эх! Сулуу бүгүн сизди алып кетем.
-Мен деген, -сөз баштады сулуу пери,
-Айтпаңыз, алдангансыз, аны билем.

Кандайча алдансаң да мейли, эркем,
Ишенгин, бүгүн сени алып кетем.







## МАРКУМ ЭЖЕГЕ

Өрүк гүлүн ачкан кезде,
Жаз жаңыдан кирген эле.
Арабыздан сиз кеттиңиз.
Айыкпаган арман беле.

Күнда бүркөө кабак түйүп,
Асман ыйлайт жашын төгүп.
Унутпастан эстей жүрөм,
Жүрөгүмө атың түйүп.

Кимди сизге окшоштурам,
Эми сиздей кайдан табам.
Укканыма ишене албай,
Издейм дале, жолуң карайм.

Эстеп биз сизди турабыз,
Эстелик сизге курабыз.
Үч уул, үч кыз неберең,
Ар дайым дуба кылабыз.

Арбагы колдоп жакшынын,
Аруулук коштоп жаткандай.
Арсыз бул дүйнө сулк этти,
Айласыз сизди алгандай.

Арманда жүрөм жабыркап,
Ар убак куран окулат.
Жакшылык күндөр келгенде,
Элесиң менен жаш кулайт.

Тургансыйт артта кубанып,
Жакшылык күндү курашып.
Жок болсо да жарыкта,
Бергенсийт жашоо улантып.

Жакшылар өтсө дүйнөдөн,
Жабыркап келет бул дүйнөм.
Өзүндөй теңтуш көргөндө,
Өрттөлүп ичтен күйүнөм.

Ордумда турам жыла албай,
Омурткам бирден сынгандай.
Өзүң менен теңтуштар,
О дүйнө салып жаткандай.

Жашоонун жетпей түбүнө,
Жан дүйнөм ооруйт күнүгө.
Жакшы адамдар азайып,
Жаткандай, арсыз дүнүйө...







## ӨМҮР ГҮЛҮ

Өмүр берет пенделерге сынаган.
Күнөөбүзгө өз денебиз күбөлүк...
Чындык жашоо бардыр балким улаган,
Түркүк болуп калбайт эч ким түбөлүк.

Жакындарым көп эле го сырдашкан,
Жашоо бүтүп көчкү сымал кулашкан.
Сөгүлгөнү кабыргамдын токтобой,
Зээним кейип бүт тамырым сыздаган.

Аллах берип туура жашоо азыгын,
Аздектедим ыйман, ынсап жактарын.
Турат турмуш түркүгүнө илдирбей,
Туура жашоо Аллах берген бейиштей.

Канча өмүр азыгына багынсаң,
Кайрып бербейт өткөн күндү сагынсаң.
Өмүр өтүп биз жашоодон өтөөрбүз,
Жакындарым карек ачпай кайтышкан.

Суук кабарды уксам жүрөк музданган,
Гүлү түшүп жүрөк шактай кууранган.
Жакынымдан айрыба деп жалынсам,
Бир күн мен да бир дөңчөгө айланам.

Ачпайт көзүн, укпайт сөзүм бакырсам,
Көрсө Аллах өз жайына чакырган.
Ичип суусун, өмүр гүлүн терген соң,
Бүтөт жашоо өмүр гүлү кууранган.

## САГЫНБА ЭМИ

Сен айтып эркелетчү жалгыз сөздү,
Мен бүгүн башка жандан угуп турам.
Капалык каптап алып бүт дүйнөмдү,
Жети тамга бир сөздөн сүйүү курам.

Ар күнү эркелетип айтканыңда,
Ал сөздөн кубат алып жашаар элем.
Түгөнгөн азыгы жок гүлдөй болуп,
Куурасам тамырга суу куяр белең.

Мейличи, мейличи... деп баарын чечтим,
Толкунсуз көл ортосун жалгыз кечтим.
Алоолоп күйгөн эмес өчкөн отту,
Аралап сенсиз деле өтүп кеттим.

Сагынба, эми мени эстебегин,
Ачылган гүл экен деп кезикпегин.
Кайрадан жаз гүлүндөй жайнап турсам,
Адашып үзүп алып кейибегин.

Жашоодо кандай жашаш керектигин,
Билгиниң жолдор түптүз эместигин.
Кайрыкты чертсем муңдуу добуш чыгат,
Арманда калган билдим сүйүү экенин.

Жашоонун жолдору көп багыты жок,
Ар күнүң окшош болот максаты жок.
Тагдырдын татаалына туш болгондо,
Издебе кайра мени кереги жок.





Мейли кет, менсиз дагы жашап көргүн,
Башкасын дагы мендей сүйүп көргүн.
Кеч болуп кала электе билгин бирок,
Жашоонун таттуураагын камдап койдум.

Чечкиндүү максатыңа кадам койсоң,
Түшүнөм, анын баарын колдоп коем.
Калп-чынын сөздөрүңдүн эске салып,
Өткөндү бир кылчайып карап койгун.

## УНУТУУГА БИР КАДАМ

Оорулуу турам, ойлор көп,
Сен жоксуң, бирок күн батты.
Араңдан карайм айлам жок,
Айдагы капа, жай батты.

Оргуштап ооруп жүрөгүм,
Отуна сен жок күйөмүн.
Жандана албай чок болуп,
Айла жок түтөп өчөөрмүн.

Кайгысы баскан караңгы,
Кай жерден кантип жаңылды.
Түгөнгөн шамдай үлпүлдөп,
Өчүрө албайм жалынды.

Корстугун көрдүм кайрадан,
Колумдан астан кармасаң.
Унутууга бир кадам,
Ант берди жүрөк, карасаң.

Кыя албай турам бактымды,
Өзгөгө менче жактыңбы?
А балким сени жоготуп,
Чыныгы бактым таптымбы.

## ИЗ КАЛГАН БАКЫТ ЖОЛДОРУ

Таңда-кеч басам жолдордо,
Ардагым, тынбай сени эстеп.
Аралык бөлүп ортону,
Арандан бастым сени издеп.
Ай чапчып улам жарытат,
Биз баскан узун тар жолду.

Айтууга чамам жетпеди,
Ардагым жандай басчы деп.
Жакындай албай кыйналам,
Жар салып турса мерездик.

Билбедим неден жаңылдым,
Ачык сөз укпай кыйналдым.
Сыр катып айтпай сөзүңдү,
Ардагым, мынча кыйнадың?

Өчүрө албайм сезимди,
Өрт болуп турса кантейин.






## СЕН МАГА КЕРЕКСИҢ

Күлкүңдөн кубат алып жашаар элем,
Күн санап жалгыз сени самаар элем.
Күйүтүм ичте жанып турса дагы,
Күн сымал сага нурум чачаар элем.

Кеч кирсе асман толуп мелжиреген,
Суктантат. Айланам да сени издеген,
Жаныңа шерик болуп кайда барсаң
Асмандан сага нурум төгөөр элем.

Атпасын таңдар узун болсунчу деп,
Жолуңа жарык нурун чачаар элем.
Тумандап көрбөй калсаң катаал жолду,
Жолуңа сүйүү шамын жагаар элем.

Ашыкмын, ашыкмын деп ичтен айтам,
Элесиң менен бирге жер кыдырам.
Булуттан сайма тартып элесиңди,
Сүрөтүң таш бетине чегип чыгам.



## ЭНЕЛЕРДИН КӨЗ ЖАШЫ

Баккан бир балаң куруду элим,
Жанган бир чырак өчтүбү элим.
Жүрөгүн тосуп огуна элим,
Жүргөн бир балдар жок болду элим.

Жүрөгүм канайт элимди көрсөм.
Жашы аккан көздөн энени көрсөм,
«Атадан калган жалгыз уулум...» -деп,
Көптү үмүттөнүп жашап бир жүргөн.

Сексен төрт уулуң жок болду, элим,
Бой жетип бойтоп турган бир кезиң.
Боздотуп эрте кетти го таштап,
Бозоргон кара күн тийбес жерге.

Боздогон балаң артыңдан калды,
Канча бир элди азапка салды.
Өтөбүз биз да - жазылбас мыйзам,
Ишке ашып эрте кыйнады жанды.

Түгөнбөйт үмүт, түгөнбөс тилек,
Баатырлар толо элиме тирек.
Мекенди коргоп тайманбас эрлер
Турганда, журтум, желбирейт желек!





## ЖАН ДҮЙНӨМДҮН ЖАРДЫЛЫГЫ

Бөксөргөн суусу толбос кудук болуп,
Толбоду куйса дагы суусун тунук.
Кемиген аруулуктан. Алсыздыктан,
Калгандай жан дүйнөсү жарды болуп.

Кандай күн болсо дагы жашоо күтүп...
Күн дагы уясына батат күлүп.
А байкуш жан дүйнөнүн жардылыгы,
Калгандай ак куу сымал теңин күтүп.

Кайдыгер карабастан кээ бирөөлөр,
Качанкы өчкөн отту үйлөп көрөөр.
Жандана албай турган үмүтүмдү,
Жан дүйнө жарды болбой өзү сүйөөр.

Караңгы каптап алып туман баскан,
Күйүтү бардай болуп жабыр тарткан.
Жашоосун жарды кылбай бир өмүргө,
Жан дүйнө махабаттан толукталган.

# Прозалар







## ЭЛЕСТҮҮ КҮНДӨР

-Билбейм, бүгүн капалуумун, заардуумун, негедир жүрөгүм элестүү бир күндү сагынгандай. Ооба, ал күндөр сени менен бирге өткөргөн бактылуу көз ирмемдер экен.

-О жалгызым, азыр кайда экенсиң? Дегеле жашооң кандай болду экен? Мени да бүгүн эстедиң бекен? Негедир жүрөгүм сени сагынып жаткандай бир да оюмдан чыкпадың. Бүгүнкү күндүн чыгышы сенин нурдуу жылмайганыңдай элес берди, ал эми күндүн батып баратканы сени башка көрбөөчүдөй караңгы түн каптагандай туюлду.

-Кайгырдым, ыйладым, бирок канткенде сени кайра табамын? Алсыз болгон сүйүүгө көмөк көрсөтпөй, ара жолдон алыстадым. Сени менен бирге баскан узун тар көчөдө сени менен эмес жалгыз бастым, кылчактап артымды карадым, жарыгын чачкан шооладай бир жарк этип элесиң келди да, кайрадан ай булутка баткандай жок болуп кетти. Кусалуу болдум, бирге басып эркелешчүү күндү ар бир кадам таштаган сайын тынбай эстеп элес менен бирде көзүмө жаш алсам, бирде күлүп бара жаттым. Бул нерселердин баарына бир гана элестүү күндөр себеп болсо керек.

- Арманда болдум, эч жерге батпадым, чырагым билсең! Эмне кылаарымды билбей жүрөгүмө кулак салдым. А жүрөгүм биз бирге баскан узун тар көчөнү көрсөттү, биз жолукчу тар көчөнүн багында сен менен эмес жалгыз турдум, суйкайып жайылган чачыңды сылабастан сен жөлөнгөн чынар теректи сылап турдум, сенин карагаттай көзүңдү эмес, термелген теректи карап турдум, кайрылып артыма кадам таштап кете албай, сени самап келишиңди күтүп турдум. Муңдуу болгон чынар

терек, сени кайда дегенсип шуулдап үн салып турду. Кантем, тагдырдын жазмышы ушундайдыр. Бирок бил, сенин ар бир күлгөнүң чолпон жылдыздай жанып турчу, ар күнү мага күч-кубат, сүйүү берген бул элестүү күндөрдүн учкуну бардай.

- Муздак шамал улам сүрүп үшүтөт, амалын таппай калган жүрөккө жылуу сезим эмес, кыштын суугундай сезим менен түйшөлөт, ошол муздак сезим сенин үстүмө жапкан күрмөң менен жылытып тулку боюмду, мерээздикке эмес мээримге бөлөп турчу элең. Кайгырсам да, кубансам да ар дайым сени менен бирге болоор элем, ар дайымкы биз сырдашып, сүйлөшкөн айлуу кеч бүгүн негедир муңдуу көрүнөт, кадимки мен сени жоготкондой ай да, жылдызын жоготуптур.

- Болду эми, кейибечи дегенсип арман толгон жүрөккө азап салып ай аярлап баткандай көкмөк асман мелжиреп турса да жалгыз сени күттүм. Канчалык кеткенге кадам таштасам да сен келчүүдөй жүрөгүм кетпе деп туруп алды, көрсө жүрөгүм мени алдабаган экен.

Сени көрдүм, ойлуу басып келаттың,
Батпай сезим ыргагына гүлзардын.
Мээримиңе бөлөнө албай кыйналам,
Бөлүп турса аралыгы муң-зардын.

- Муңайбачы, муңайбачы чырагым,
Ансыз деле мени мынча кыйнадың.
Карабачы муңдуу болгон көз менен,
Мен да сенин мээримиңе муктажмын.

- Неге тагдыр таш боорлукка кабылттың?
Өз сүйүүмдү багынта албай кыйналдым.
Мендик болбой турсаң дагы өзгөдө,
Билгин эркем, дале сен деп жашаармын.





- Эми биз кезиксек да капысынан,
Жөн гана тааныштарбыз алыстаган.
Көзүңдү күлмүңдөтүп чакырбачы,
Калсынчы биздин сүйүү болуп дастан.

## ЖАШОО АЗАБЫ

Жашоо кандай? Жашоо таттуу, керемет,
Неге тагдыр өксүк кылып берилет.
Жетпесем да тагдыр жазган бакытка,
Анда неге алдап сүйүү бир келет.

Жашоо, турмуш кандай нерседен жаралган? Турмуш мынчалык татаал? Мен да жашоодо кыйынчылыкарды абдан көп тарттым. Кубанычыма караганда кайгыргабым, өксүгөнүм көбүрөөк болду окшойт. Мен кичине кезимде эле атам айыкпас ооруга чалдыгып бул жашоо менен кош айтышкан, апам байкуш: «Мени багам, өзүм карап чоңойтом, бирөөгө көз каранды кылбайм!» -деп башка бирөөгө турмушка да чыкпастан мени карады, өзү жебей, ичпей мени бакты.

Жашоонун агымы менен мен да чоңойдум, бир аз болсо да жокту, барды, ак-караны түшүнүп калган убагым, апама ар кандай адамдарды таап «турмушка чык...» - деп таенем да көп айтчу. Апам «жок» - деп такыр көнчү эмес эле, көрсө апам мени башка бирөөгө көз каранды болбосун деп турмушка да чыкпаган экен, мен чоңоюп турмуштун кыйындыгын түшүнүп калдым:

- Апа, эми сен кыйналбайсың, сени өзүм иштеп багам.

- Жок, балам, сен окушуң керек, наның бүтүн болот, сенин досторуңдун баары окуу жайларга тапшырып кетти, сен да өз кесибиңди тандап оку, балам, мен сени окутушум керек!» - деп мени окуу жайга тапшыртты, өзү ичпей, жебей мени окутту, апам күндүзү базарда, кечинде бир фирманы тазалоочу болуп иштеп жүрдү.

Бир күнү окуудан чыгып үйгө барсам, апам атамдын сүрөтүн жүрөгүнө бастырып алып ыйлап жатыптыр, апамды көрүп мен да апама көрүнбөй сыздап кеттим.

Аттиң! Атам болгондо мен да, апам да жалгыз болбойт элек деп көзүмдөн жаш тегеренип кетти. Билбейм, турмуштун талабы дал ушундайбы деп өзүмдү токтото албай ыйлап алып, апамдын жанына кирсем, мени эч нерсе билбесин дегенсип:

- Ии, уулум, келдиңби? Курсагың кандай? Кыйналган жоксуңбу? - деп көз жашын арчый калып сүрөттү бекитe катты, мен кайрадан апамдын муңдуу болгон көздөрүнө тигиле карап:

- Апа! - деп апамды кучактап ыйлап жибердим.

- Уулум атаң болгондо биз мынчалык кыйналбайт элек, жараткан жакшы пендесин эрте алып кетет, менин да күнүм аз калгандай сезиле берет, анткени турмушта аял заты эркекке таянса, эркек киши аялга таянып жашайт, атаңдын ордуна мага таяныч болгон жалгыз сенсиң! Менин сенден башка сүйөнөр кишим жок! - деп көз жаштары сел сыяктуу куюлуп жатты, мен да, өзүмдү кармай албай ыйлап алдым.

Эх! Бизди кайра турмуш алдап өз жолубузга салды, арадан айлар өтүп, жылдар жылыптыр. Мен 3-курска келгенде окуу жайдан бир кызга жолуктум. Анын мүнөзү жайдары, сулуу пери эле, негедир аны көрөөр замат бир нерсемди тапкандай сүйүнүп, күлүп жибердим, ал да мени карап мыйыгынан күлүп көзү менен саламдашып өтүп кетти. Негедир жүрөгүмө жаккандай карап калдым. Анын аты ким, кайда жашашы мен үчүн табышмак болчу, бирок ага болгон сезим башкасына жай бербей, аны күндө күтчү болдум. Бир күнү курбу кыздары менен окуу жайдан чыгып баратканын көрүп калдым. Таанышууга тартынып, батына албай жүрдүм, бири-бирибизди





көргөндө жөн гана күлүп өтүп кетчү болдук. Анын көз карашы бүтүн жан дүйнөмдү ээлеп алгандай сезилип жүрдү. Атын билбесем да мен үчүн табышмактуу кызга айланган.

Арадан күндөр зуулдаган машине сыяктуу өтүп жатты, мага табышмак болгон сүйүүмдүн таанышуу жолун таппай, андан сүрдөөчү да болуп жүрдүм, таанышуунун ар кандай жолдорун ойлонуп акыры бир күн тааныштым. Ал менен таанышкан күнүм, бактылуу болуп, анын атын Мээрим деп кайра-кайра айтып жүрдүм. Ал менен күндө саламдашып, атүгүл жолугушчу да болдук. Анын жоодураган көздөрү, сылык сүйлөп, бактылуу жылмайганы мени өзүнө тартып алды. Күндө ал менен жолугушуп, чогуу тамактанмай адатка айланды. Көрсө Мээрим да мени жактырып, таанышууга батына албай жүргөн экен. Биз күндөн-күнгө жакын болуп, бири-бирибизге жипсиз байландык. Ал менен эч кайрылгыс бактылуу көз ирмемдерди өткөрдүк. Бара-бара ал менсиз, мен ансыз жашоо жоктой сезилип, аны көрбөгөн күнүм бир да болгон жок. Ошол күндөрү сүйүүнүн арманы жок, жалаң гана бакыт, кайгысы жок таптаза экен деп ойлоп жүргөм.

Бактылуу күндөрдүн кучагында жыл өткөнүн байкабай калыптырмын. Мен окуумду аяктап, кесибим боюнча жумушка орноштум. Мээрим болсо үйүндө болду, ошентсе да биз тез-тез жолугушуп турчубуз.

Бир күнү Мээрим мага ыйлап телефон чалды, мен алгач эч нерсеге түшүнгөн жокмун, алсам ыйлаган үнү гана угулуп жатты:

- Эмне болду?

- Амир, үйгө жуучу келип жатат, а мен сенден башкасы менен жашоону каалабайм, бүгүн качып кетели? - дегенде уккан кулагыма ишенбей, баарынан ажырап калгандай, эмне дешимди да билбей, оозума сөз келбей туруп

калдым. Кайрадан:

- Эмне дейсиң!? Жок, Мээрим, мен апамды таштап эч жакка кете албайм, кыжаалат болбо, баары жакшы болот! - деп гана телефонду өчүрүп койдум. Жумушта отуруп ар кандай ойлорду ойлоп жаттым. Билем, Мээрим менин теңим эмес, ал менин жашоо шартыма көнө албайт, анын ата-энеси мага бербейт - деген ойдо андан алыстагым келди, бирок жүрөк кургур, ал нерсеге кантип жол коймок. Ошол күндөн баштап Мээримден алыстай баштадым. Мээрим мени катуу жактырганынанбы, айтор улам-улам телефон чала берчү, анын бул чалганынан өзүмдү күнөлүүдөй сезип жаттым. Себеби сага буюрбаган, бакыттын алдын тоспо дегендей ал да бирөөнү сүйүшү керек, мени унутушун ага смс аркылуу коштошууну жаздым:

Мээрим, кечир! Биз бири-бирибизге туура келбейбиз! Сен менин жашоо турмушума чыдай албайсың, менин атам жок, ишенген таянарым жалгыз гана апам бар, менин тирегим апам, апамды да жоготуп алуудан корком. Сен да өз теңинди тап, мен сага ишенем сен сөзсүз бактылуу болосуң. Башка мени ойлоп убара болбо! - деген смс жаздым да телефонумду өчүрүп койдум. Ошол күнү Мээримди ансайын эстеп кайра чалгым келип жатты. Бирок айла канча, андан алысташым керек, ушул жолду туура көрүп турдум, ичимден кош! Мээрим, сага бакыт каалайм деп, андан алыстай баштадым. Ал андай сезимге чыдабагандыктанбы, бир убакта үйдүн коңгуроосу шыңгырап калды. Мен бир нерсени сезгендей апам ачам деген эшикти негедир өзүм ачкым келип:

- Апа, токто, мен ачам, өзүм карайынчы! - деп өзүм ачтым, карасам Мээрим келип алыптыр, эмне кыларымды билбей бир четинен таң калып жатсам, бир четинен оюма эч нерсе келбей туруп калдым, апамдан тарты-





нып, көрүп калбасын деп аны эшикке жетелеп чыктым, анын мындай кылганы мага түшүнүктүү болчу. ыйлаган көздөрүнөн баарын окуп турсам да:

- Эмне болду сага!? Ушул убакта эмне кылып жүрөсүң? Ким менен келдиң? Мен сага баарын смс аркылуу жибердим го, түшүнсөңчү баарын! Биз андай сезимге маани бербешибиз керек, мен сени сүйөм, бирок бизди турмуш ажыратаары айдан ачык. Бул нерселерди түшүнүшүң керек. Ал көздөрүмө тигиле карап:

- Неге андай кылып жатасың? Мен сага түшүнбөй жатам, Амир, эмне ушунчалык коркоксуң? Неге сен ак сүйүүдөн коркосуң? - деп ыйлап жиберди. Анын көзүнөн аккан ар бир тамчы жашы, менин жүрөгүмө сел болуп куюлуп жатты, ыйлаган көзүндөгү жашын аарчып:

- Мээрим, туура түшүн, биз бирге болбошубуз керек! Сенин ата-энең колунда бар адамдар, менде эч нерсе жок, сени алсам да сага эч нерсе бере албайм, азыр мен сага үйлөнгөнгө шартым да жок. Сага келип жаткан жуучуларга жолугуп сүйлөшүп көр, эгер бирөөсү көңүлүңө туура келсе өз бактынды тапканың жакшы, мени унут, канчалык кыйналсам да сени унутууга аракет жасайм!

- Мага эч нерсе керек эмес! Сен жанымда болсоң болду! Мени таштаба, мен башкага турмушка чыкпайм! Мен сени сүйөм! Түшүн, сени гана сүйөм! - деп ыйлап жиберди, ыйлаганын көрүп жүрөгүм эзилип ичимден өзүмдү өзүм жек көрүп кеттим.

Жүрөгүм неге бактыңдан баш тартып жатасың дегенсип тызылдап сого баштады, аны кучагыма кысып бир канча сүйлөбөй турдум, ичимден түбү жок ойлор курчап, ар кандай нерселерди сезип, ойлонуп турдум. Чын эле мени сүйөт экенсиң кечир мени! Сени эч кимге бербейм! - деп анын аккан көз жаштарына карадым, жашоодо жактыруу, сүйүү сезими оттон ысык болооруна ишен-

дим, көзүнөн агып жаткан ар бир тамчысы менин бүткүл жашоомду токтоткондой азап берди, мен баарын ал кучагымда турганда ойлонуп сезип турдум да, аны менен коштошкум келди:

- Болду эми, кет, апам мени издейт, билесиң, апам да жалгыз, азыр тамагын даярдап, мени күтүп отурат эртең сүйлөшөбүз деп үйгө шаштым, келсем апам тамагын ичпей мени күтүп отурган экен, мен эч нерсе болбогондой үйгө кирип:

- Апа, мен келдим.

- Ким келиптир? Кайда бардың? Кыжалат болуп кеттим, айтып койсоң, уулум! - деп тамагын сунду. Мен болсо негедир жүрөгүм тыз этип ооруп кетти, тамагым буулукkансып тамак да өтпөй, Мээримдин ыйлаган каректери көз алдымдан өтүп жатты, Мээримди үйгө келет деп эч ойлобогон элем, ичимди ит талап жатса да, апама билдирбеске аракет жасадым. Тамакты кашыгыма алсам да, оозума көтөрө албай улам аралаштыра бердим, ошол убак апам:

- Уулум, аялзатын эч качан капа кылба, менин кандай азап чегип келгенимди унутпа, жашоодо ар бир адамдын көңүлү назик болот. Ал көңүл бирөөнү жактырган болсо ал адам баарынан ыйык, баарынан кымбат болуп келген. Ал кыз сени тандап алган экен, аны эч качан ыйлатып, көздөн жашын агызба, ал кандай азап чегип жатканын түшүн. Мен баарын билем, уулум, өзүңдү анчалык азапка салба! - деп ордунан туруп кетти. Көрсө эне баланын кандай экенин сезип түшүнүп, атүгүл аяп да жатканын түшүнүп турдум.

Ошентип, күнүбүз-күнгө, айыбыз жылга алмашып өтүп жатты. Кайрадан Мээрим экөөбүз сүйлөшүп алдык. Ошол күндөрдүн биринде эрте менен туруп жумушка баратсам, апам:





- Келчи, балам, боорума кысып бир жытыңды жыттап алайын, сен келгиче сени сагынып калам! Менин атам, менин баатырым! - деп мени бооруна кысып жыттап-жыттап алган эле, ошол күнү эч апамдын жанынан чыккым келбей арандан чыгып баратсам, апам кайра:

- Уулум, эртерээк кел, мен сени күтөм! - деп артымдан узатып калды.

Телефонума смс келди, карасам Мээримден экен: «Этият бол, мен сени гана сүйөм!» - деп калтырган экен, мен эч нерсеге түшүнбөй смске да жооп жазган жокмун. Көрсө Мээрим үйүнө келген жуучу балдарга «Менин жактырганым бар, мен ага гана турмушка чыгам, ал мени, мен аны сүйөм, бизди эч ким ажырата албайт!» - деп экөөбүз түшкөн сүрөттү көрсөткөн экен, алар менин артымдан түшүшүптүр, кеч киргенде апам мага телефон чалды, алсам:

- Уулум, эртерээк келесиңби? Сен жактырган тамакты жасап койдум, сенин келишиңди күтүп турам.

- Макул, апа, азыр барам.

Негедир эч жумуштан кетким келбей баары кетип болгондон кийин, өзүмчө ойго баттым.

Оо жараткан, мени атамдан жаш чагымда калтырдың, эми болсо апам менен өз бактымдан ажыратпа, мен аларсыз жашай албайм, менин бактым алар гана! - деп көзүмө жаш алдым. Жумуштан чыгып үйгө баратсам артымдан келе жаткан эки жигит мени бычак менен сайгылап кол салышты, мен өзүмдү билбей жатып калдым. Жолдон өткөн адамдар көрүп калып тез жардамын чакырып, мени ооруканага алып барышыптыр. врачтар апама телефон чалып:

- Балаңыз ооруканада, тез келиңиз деп мен түшкөн оорукананын дарегин айткан экен. Апам жанын конрго жер таппай, шашып келип менин абалым оор экенин

угуп ошол замат катуу кыжалатчылыктан жүрөгү кармап, өзүн жоготуп коюптур, мен операциядан чыкканда апамды алып киришиптир, апам экөөбүз орун алмашкандай менден узап кетти.

Апам байкуш менин абалымдын кандай болгондугун түшүнбөй кала берди окшойт, ошол күнү апам операцияны көтөрө албай ошол жерде көз жумуптур. Мен өзүмө жакшы келбей, көзүмдү ачсам башымдан сылап көз жашын токтото албай:

- Балам, эмне болдуңар? Силерге эмне болду? - деп бешенемден сылап таенем отурат. А мен түшүмдө апамды жоготкондой улам-улам апа, апам, апам кана? - деп апамды издеп жаттым. Мен өзүмө келгенче апаң ал жакта, бул жакта, азыр келет деп мени алдап жатышты, мен эч кимге ишенгим келбей апамды күтө бердим, көрсө баары мени алдап жатышкан экен. Мен өзүмө келип ооруканада жатсам башымда бир кат турат, ачып окусам Мээримден экен:

«Мени кечир! Мени деп болду, мага келген жуучу балдарга: менин жактырганым бар, мен ошол менен гана бактылуумун. Ошол балага гана турмушка чыгам деп, экөөбүз түшкөн сүрөттү көрсөттүм эле, алар сенин артыңдан түшүп алышыптыр. Менин баарысынан кабарым бар, мен сени сүйөм! Мен сени көргөнү келдим, бирок сен өзүңө келе элек экенсиң, ошол үчүн ушул катты калтырдым» - деп жазган экен. Мен Мээримге эч кабарымды билдирбей айылга кетип калдым, менин жашоодогу, жүрөктөгү арманым өз бактым деп апамды жоготуп алганым, ал эми айылда апамдын мүрзөсүнө барып жер чапчып топурак муштап ыйладым, анткени мени бооруна кыса кучактап, жумушума узаткан апам кара топуракты кучактап жатканы өз колум менен жерге бере албагандыгым. Бул менин апамдын алдында кечирилгис ката-





чылыгым деп өзүмдү жек көрүп келем. Мен айылда бир канча ай болдум, айылда болсом да апамдын мүрзөсүнө күндө барып апам менен сүйлөшүп кечке жанында болмой адатка айланды. Мен апамдын өлүмүнө Мээримди күнөөкөр деп билем, бирок ал нерсеге жүрөгүм жол койбой анын күнөөсү жок дегендей туйлай берет, бирок жарык жашоодо жакын адамыңдан ажырап калуу бул жашоондун, жаныңдын жарымы жок болгондой, жалгыз калып көчө кезген селсаяктай өзүмдү карабай таштап салдым, ошол күндөрү таенем ыйлап:

- Балам жакын адамыңды жоготуу жашооң бүттү дегени эмес, ыраматылык апаңдын ордуна кудайым мени алса болбос беле! Апаңдын арбагы сүйүнсүн десең, өзүңдү колго ал, апаң сени окутам, эч кимге көз каранды кылбайм деп эч бир кишиге турмушка чыккан жок. Сени кандай кылып карап чоңойтту, уулум, апаңдын ал күндөрүн унутпа! - деп боздоп ыйлап апамдан ажыраган таенем көп ыйлагандыктан бир көзү менен гана көрүп экинчи көзүнөн ажырап калган эле. Таенемдин ар бир айткан сөзү менин жаштыгымды эске салып, апамдын акыркы жолу коштошуп мени узатып калганына чейин элес берди. Чындыгында апам мен үчүн кандай күндөрдү башынан өткөрбөдү. Бирок мен апама бир да жакшылык күн кайтара алган жокмун деп ичим өрттөлүп айла жоктон жер чапчып топурак муштап ыйлап жаттым.

Күндөр өтүп биз апам экөөбүз жашаган үйгө келдим, үйдө апамдын жасаган тамагы, жапкан наны, демдеген чайы, салган ак дасторкону турат, бирок өзү жок...

- Апаааа, апааа! Мени кимге таштадың? Неге андай кылдың? Эми сенсиз кантип жашайм? Кимге келин алып келем? Ким менен бактылуу болом? Апа менин балдарымды ким карайт!? Неге мени жалгыздыкка калтырдың? Айтчу эмес белең, балдарыңды багам деп? Неге алдадың!

Апа, неге? - деп жер чапчып бакырып ыйлап алдым.

Эми жашоодо таянарым эч кимим жок апа! Жалгыз томолой жетимге айландым! Мени эч ким издебейт, өлсөм да баары бир, мени эч ким ойлобойт, мен бир байкушка айландым ата, апа! Кайдасыңар? Кайда? Мени да алып кеткиле жаныңарга деп ыйлап алдым да, амалсыз жашоого кайрадан көндүм, ал үйдө жашоо уктасам уйкумда, жүрсөм жанымда апам коштоп жаткандай ал үйдөн бир кадам да алыс кетким келчү эмес болдум, өзүмдү алдоо үчүн сыртка чыксам да апам мени күткөндөй улам телефон чалгандай кайра-кайра телефонумду карап үйгө шашчу болдум. Жалгыздыктын күндөрү мени жалгыздыкка да көндүрдү, бир күнү телефонумду ачсам смс келди, карасам Мээримден экен:

- Кайдасың? Мен сени сүйөм, кабарыңды билдирчи, сени күтөм, сенсиз жашоо жок менде, билем, мени апаңдын өлүмүнө күнөөлүү деп жатасың. Бирок мен бареын сага жетүү үчүн, сени сүйгөндүктөн гана жасадым, сенден жооп күтөм.

Окуп, ага жооп да, кабарымды да билдирген жокмун. Өзүмчө ойлонуп тагдырдын бул жазмышына таарынып да алдым. Айласыз жашоо ай, неге мени кыйнайсың? Атамды да, апамды да менден тартып алдың. Эми Мээримди да ал деп баарына таарынып жаттым.Үйдө отуруп апамдын жылмайган жүзү, ошол акыркы күнү бооруна кысып жытыма тойгону бекеринен эмес экен да, аны билгенде..., деп эч өзүмдү алдай албай койдум, апа мени таштадың э? - деп кайрадан апама таарындым да, апамдын сүрөтүн жүрөгүмө бастырып ыйлаган күнү-түнүм далай кайталанмай болду.

Мен баарынан баш тартып, айылга өз бактымды баштадан тапкым келди. Жашоонун бул азаптары мени миң





кайгыга салып кайрадан бакытка бөлөөр бекен, мен Мээримден баш тартып айылга барып өзүм теңдүү бир периними издедим, айылда өзүм менен бирге окуган классташ кызым Асылга жолугуп калдым, анын бет түзүлүшү, жылмайып назик күлгөнү, арык, назиктиги апамды эстетип, кайрадан апамды тапкандай сүйүнүп кеттим, тез-тез айылда жолугуп ага барчу болдум. Ал мени мектеп убагында жактырып, мен менен сырдашып көп жүрчү эле, ага жолукканда негедир апамды эстетип турчу, ал мени аягандыгы, боор берип сыйлагандыгы мени өзүнө тарта баштады. Биз аз гана убакыт сүйлөшүп турмуш курдук. Турмуш курганыма эч качан өкүнгөн жокмун, себеби жанымда апам бардай бактылуу күндөрдү өткөрүп жаттым, биз турмуш куруп бир кыздуу болдук. Кызымдын атын Мээрим деп ар бир күн Мээримди эстеген сайын, аны унутпаш үчүн Мээрим деп атап койдум, арадан жылдар жылып, мен апам экөөбүз жашаган үйгө үчөөбүз болуп кирип бардык. Ал үйгө киргенде апамдын арбагы кубангансып, көз алдыма апам жылмайып мени карап отургандай элеси келди да, кайрадан өчкөн шамдай жок болуп кетти.

Мен кесибим боюнча кайрадан жумушка орноштум. Бир күнү кызым Мээримди жетелеп Мээрим менен бирге өткөргөн ал бактылуу жайларга бардык, ал жерде басып баратып, Мээрим менен эркелешкен күндөрдү, бирге өткөргөн түндөрдү эстеп бараттым. Бир убакта күтүлбөгөн окуя болгондой, ал алдымдан мени издеп келе жаткандай көрүндү, адаштым окшойт деп көргөн көзүмө ишенбей жакшылап карасам Мээрим келе жатат. Мен эмне кыларымды билбей тик гана туруп калдым, бир убакта:

- Мээрим, сенби? – десем, кызым ата эмне болду?- деп жаныма келди.

Мен күтпөгөн Мээрим мени дале күтүп жүргөн экен, мени көрүп:

- Амир, бул сенби? Чын эле сен келдиңби? - деп жатканда кызым:

- Ата бул ким? Тууганыбыз болобу? - дегенде Мээрим ансайын таң калып кара көздөрүн жалдыратып мени карап:

- Кечирчи! Бул сенин кызың, ошондойбу? Сен үйлөндүң, туурабы? - дегенде эмне дешимди билбей үн катып турдум, ал болсо ачууланып көргөн көзүнө ишенбей:

- Мен сени деп баарынан кечкен элем! Сен болсо башкасы менен жашап, жок, Амир, мен ишенбейм, эч качан ишенбейм! - деп ыйлап, терс бурулуп кетип калды.

Бул көрүнүш Мээримге баары түшүнүктүү болгондой көрүндү, мен кайрадан анын жоодураган көздөрүн самап келем, ал да башкасын тапкандыр, тагдыр канча болсо да сыноо бергенден тажабайт тура.

Менин жашымдагы сүйүү түбөлүктүү эмес. Классташ кызым Асыл менин бактым экенине толугу менен ишенип жашап келем. Эми апам мен үчүн кандай болсо, кызым үчүн мен да ошондой болгонго аракет жасап келем.







# СЕЗИМ СЫРЫ

Жашоого жаралып турмуштун ар кандай сыноолору менен алышып келем, жашоого жаралган инсан жашоонун кандай гана тагдырына туш болот эмеспи. Мен да кайталама күндөрүмдү ар кандай ойлордун курчоосу менен өткөрүп келем. Турмуштун түгөнбөс кайрыктары ар кандай жолдор менен азгырып келет. Жашоого жаралып чоңойгон сайын адамзатта кайгы-капа көбөйө берет тура. Мен өзүм сүйгөн кесибим боюнча окуу жайда окуп, көптөгөн нерселерди көрүп. билбегенимди билип келем. Баарыңыздар билген сүйүү, мен үчүн оор жана кайталангыс болуп калды. Сен кандай болсоң, сүйүү сага ошондой келет деген туура сөз, окуу жайда мугалимдер менен байланышып, алардын ишеничин актап, көптөгөн майрамдарды алып барып кечени өз максатына жеткирчү элем.

Бир күнү окуу жайга жаңыдан жумушка орношкон агай менен мугалимдер чогулуп, тегерек стол өткөрүп таанышышты. Агайды көрөөр замат эмнегедир жүрөгүм тыз этип сого баштады, агайды карай албай сүрдөп жаттым, агай бизге сабак бере баштады. Негедир тартынуу сезими менде андан да күч алды. Бара-бара биз окуу жайдын иштери боюнча чогуу иштеше баштадык. Мага жардам берип көптөгөн нерселерге жетеледи. Агайдын бул жасаган мамилесин мен өзгөчө баалап, агайга эркелесем, агай: «Сен менин карындашымсың» - деп гана күлүп койчу. Мен агайга андан да жакын болуп, интернет тармактарда да байланышчу болдук. Окуу жайга барганда смс аркылуу жазышып, кайда экенин билип турчу болдум, менин жактыруума ансайын агай жол ачып берди, кээде ойлоп агай да мени жактырат го деп жүрдүм, болбосо мага андай мамиле жасачу эмес эле деп ар кандай ойлор ороп алат.

Арадан күндөр өтүп, жылдар алмашты менин агайга болгон көз-карашым дагы да ошол боюнча калган эле. Са-

бак учурунда да «Кел, доскага чык» - десе ар кандай кылыктар менен эркелеп, чыкпай койчу элем. Мугалимдер менен эс алууга барганда мага жардам берип күлмүңдөп гана карап койчу. Ички сезимди эч кимге айта албай ак барак менен сырдашчу болдум. Мага кызыккан канчалаган жигиттер көп болсо, алардын бирине да көңүл бурбай бир гана оюмда агай болчу. Бир күнү курбулар менен эс алууга чыктык, карасам баары жигит, кыздары менен экен, жалгыз олтуруп агайга смс жаздым:

- Саламатсызбы? Кайдасыз?

- Жумуштамын, сен кайдасың? - деген жооп келди, мен эс алып жүргөн жерге чакырдым. Бошогондо барарын айтып кечке калып кетти. Мен күтүп олтурсам жаныма бир курбу кызым келип:

- Сен бирөөнү күтүп жаткансың го, сени тигил жакта чакырып жатат, жүрсөң, - дегенде агай келди деп кубанып бардым, ал болсо «Жүрсөң»- деп мени ары жолго жетелей баштады, мен бир нерсени сезгендей:

- Кайда? Ким чакырып жатат? – десем, «азыр көрөсүң» - деп күлүп койду. Көрсө мени ала качканы даярданган балдар экен, ошол боюнча мени машинеге салып айдап кетишти, мен эч нерсе кыла албай, кимсиңер? Мени кайда алып баратасыңар? Коң бергиле мени! - деп ыйлай баштадым ошол убакта телефонума да коңгуроо келип калды, карасам агай чалып жатыптыр, колумдан телефонумду ала коюп өчүрүп коюшту. Ошол күнү агайдан ажырап калгандай болдум, мени бир үйгө алып барышты, баарысы кубанып, башыма ак жоолук салып, бир канча сөздөрдү айтышты. Мен:

- Жок, менин жигитим бар, агай! - деп бакырып жаттым, көрсө мен барган үй, курбу баламдын үйү экен, ал мени жактырышын билчүмүн, бирок, кантмек элем, анын көзүнө тигиле карай албай, алдымда турса да ичимден агайды жактырарымды айта албай турдум. Эрнис, мени





туура түшүн, менин жактырган жигитим бар! - десем ал бир азга унчукпай туруп:

- Билем, сен агайды жактырышыңды, бирок мен сени тандадым, сени эч жакка коң бербейм, сен меники гана болосуң! Түшүн, сен агайды канчалык жактырсаң, мен сени ошондой жактырам. Мени таштап кетпечи, суранам сенден! - деп жылуу болгон колдору менен жүзүмдөн сылап, эшикке чыгып кетти, мен эмне кыларымды билбей ойлонуп, үйдөгүлөргө коңгуроо чалдым:

- Апа, мени алып кеткиле! Мен кала албайм! - деп көздөн жашымды агыздым, а апам болсо:

- Мен барып көрөйүн сага жакпаса алып келебиз, кызым, сен өзүңдү бас, ыйлаба, ошондой болот да кыз бала, - деп мени жоошутуп койду, апамдардын келишин чыдамсыздык менен күтүп, так секирген улактай эч жерге батпай бир да отурган жокмун, апамдар келип мени алып кетем деп алар менен бир кыйла талашып калышты:

- Кызыбыз жаш, ал азыр турмушту түшүнбөйт, окуусу да бар, биз кызыбызды зордоп турмушка бере албайбыз, аны туура түшүнөсүңөр! - деп арандан алып чыгышты. Ал жерден чыкканыма сүйүнүп агайга чалсам өчүк болуп турруп алды, ошол убак ар кандай ойлор оюма келип, баарысын агай билди, эми мамилени үзөт, болду, агай менен мамилени үзөм, башкалар билсе эмне болот? Жок, жок, эч ким билбеши керек! - деп ойлоп бараттым. Ошол күндөн баштап агайды канчалык унутам десем да, күндө алдымдан чыгып, салам берип кайрадан өзүнө азгыра берди.

Күндөрдүн биринде интернет тармагында отурсам, агай мага: «Жанара, мен сага бир нерсе айтам, сен ук» - деп жазып калды. Эмне экен деп абдан агайдын жазганын чыдамсыздык менен күтүп жаттым.

- Жанара, билем, сен мени жакшы көрөсүң, сенин сезимдериңди качантан бери байкап жүрөм, мен аны

сенин кара көздөрүңдөн сезип, көрүп келем, мени эмне кыл дейсиң? Мен сени өз карындашымдай көрөм, сенин мүнөзүң, өзүңдү алып жүрүшүң, башкалардан мага өзгөчө, кантмек элек, мен сенин агайыңмын го. Мен да сени жактырам, бирок, биз кыз-жигит болуп жүрө албайбыз, билесиң, ортодо тоскоолдуктар бар, сенден суранарым мени эч качан унутпа! Сени качырып кеткен экен, ал жерден да мени деп чыгып кетипсиң, Эрнис жакшы бала, сени бактылуу кыла алат, билесиң, билими да жакшы, мен үчүн анчалык азап тарткандын кереги жок, үмүт байлаган сезимиңди четке кага албайм, ошондуктан сенин агаң бойдон калайын! - деген катын окуп, эч нерсе оюма келбей туруп калдым. Ичимден сүйүп турсам да:

- Жок, агай, ал менин сизди ага катары көрүшүм, сизге башкача сезилсе керек - деп сөзүмдү токтоттум.

- Андай болсо жакшы, макул, карындаш, биз жөнүндө башкалар жаман ойлошун каалабайм, - деген катын окуп ичимден эзилип, эч кимге айта албай ыйлап алдым, ошол күнү ачууланганымдан агайды тизмегимдеги адамдардын катарынан өчүрүп салдым. Ушунчалык унутууга аракет жасадым, ансайын агайды эстеп, агай үчүн ыйлаган күндөрүм далай кайталана берди.

Бир күнү окуу жайда жолугушуп калдык, кара көзүнө карай албай жер карап, салам берип өтүп кеттим, бир убакта агай артымдан:

- Жанара?

- Эмне болду?

- Неге интернет тармактарына кирбей жатасың? Же мени өчүрүп койдуңбу? Менин сөздөрүмө таарынып калдыңбы?

- Ооба, ой жок.

- Анда бүгүн кир, сөз бар! - деп кетип калды. Жан дүйнөм башкача боло түшүп, өзүмчө жакшылык ойлорго





чөмүлүп кеттим. Кечке агайдын мага кандай сөзү бар экен, же, жок, мен айткан сөздөрдү ойлонуп көрдү окшойт, билбейм, билбейм! Кеч киришин чыдамсыздык менен күтүп жаттым, жүрөгүм толкуп ташып, интернет тармагына тез-тез кирип турдум, кечинде агайды кайрадан тизмегимдеги адамдардын катарына коштум, ошол замат агай:

- Сени бир досум сурап жатат, сүрөтүңдү көрүп жактырып калыптыр, таанышып көр, экөөң табышып калсаңар балким жакшы болоор. Агайдан андай нерсе күтпөгөн жаным эч нерсе жазган жокмун, ошол күндөн баштап интернетке да кирбей, агайды ойлогондон да баш тартып, агайга жолукпоонун аракетин жасап жүрдүм.

Арадан күндөр өтүп жатты. Агай менен баштагыдай мамилем жок, негедир капа болгондой кайгырып жүрдүм, агайдын досу менен таанышканым да жок, ошол күндөрдүн биринде апам телефон чалып калды, алсам:

- Кызым, сага куда түшүп жатат, кел жолугуп көр! - деп чакырды, апамдын сөзүн эки кылбаган жаным макул болдум. Кандай бала болсо да мага жакпайт, агай ээлеген сезимди башка эч ким ээлей албайт! Жолугушууга чыктым. Апамдар тапкан бала агайдын досу, интернет тармагында таанышам деген жигит экен, көргөн көзүмө ишенбей:

- Сизби! - деген сөздөн башка сөз айткан жокмун, үн катып кала бердим. Мен агайды кантип унутам, айткан ар бир сөзү менин жүрөгүмдө жашай берет, кандай болсо да агайды жактыра берем, агай да жактырышын билем. кантип агайды сүйүп туруп, агайга аяш болом, кантип!?... Медерди бир да жактырбайм, сүйө да албайм, мен агайды жактырам, мени болсо Медер жактырат, кантем? Баш айланткан бул азаптан кандай кутулам, кээде ойлоп баарын таштап, башка жашоого басам дейм, бирок, кантип?- дал ушундай суроолор менин оюмдан чыкпай келет. Тагдырдын дагы кандай сыноолору бар билбей келем, апамдар Медерге макулдугдугумду беришкен, бирок мен агайды

сүйүп туруп кантип-кантип анан агайга аяш болом! - деп жообу жок нерселерден жооп издеп, бир да жообун таппай, айлам кетип келем.

Мен күндө агайды көрөм, саламдашам, биз чогуу иштейбиз, агайдын күлмүңдөгөн көздөрү менин бүт жашоомду бийлеп алгандай.

Бир күнү интернет тармактан агайга жаздым:

Агай, кандайсыз? Мен баарынан чарчадым! Билем, сиз менин сүйүүмдү кабыл албайсыз, сизди сүйөм, бул сезим сыр боюнча калып кетишин каалабадым, чынында сизден башканы сүйө алган жокмун, менин жаш сезимимди бийлеп, ээлеп алдыңыз. Кандай күн болсо да, сиз менен бирге болушту каалап келдим, мага ал нерсени тагдыр тартуу кылган жок.

Өкүнүчтө калган кыз жүрөгүн кечириңиз! Мен эми сизге башка кайрылбайм, сизди сүйбөй калсам да, унута албайм. Билсеңиз, сиз мени интернеттен сүрөтүмдү көрүп жактырып калган дос балаңызга макулдугумду бердим, мен эми ага жар болом. Мени кечириңиз, агай, жана, агатай! - деп кат калтырдым. Бул сезимди билдирген соң интернет тармактарына кирбей койдум, бир нече күн өтүп, агай телефон чалды:

- Алоо, кандайсың? Кайдасың?
- Жолдомун, кетип жатам, эмне болду, агай?
- Мени күтө аласыңбы? Келчи, жолугалы?
- Макул, анда мен сизди күтөм агай, – деп жооп бердим, эмнегедир, жүрөгүм огунан чыгып кетчүдөй согуп жатты.

Биз эс алуучу бактардын биринде жолуктук, агайды көрөөр замат көзүмө жаш толуп ыйлап жибердим, а агай болсо мени кучагына кысып:

- Сен ыйлабачы! Сени ушунчалык кыйнадым окшойт, дагы да кыйнагым келбейт, болду ыйлабачы! мени кечир! - деп көзүмдүн жашын сүрттү. Сезим ыроолоп баарын унутка калтыргандай бүтүн денем кызып чыкты, биз





көпкө сүйлөшүп отурдук, бир убакта агай:

- Мен баарын түшүнөм, мен да сени сүйөм! Алгач окуу жайга келгенде жактыруу сезими пайда болгон эле, сен мага биринчи жолу көргөндө эле жагып калгансың. Билсең, баарына кеч болду, менин ата-энем башка бирөөгө болуп келди, мен жашоодо сендей башка таба албасмын, айла жок, тагдырга баш иебиз! - десе, эмне дешимди билбей, бүт баарым титиреп өмүрдүн муңдуу азаптары башымдан миң айлангандай болуп өттү.

Мен эч нерсе айта алган жокмун, агайды карап көзүмдөн жаш куюлуп жатты. Биз коштошо албай бир кыйла тиктешип турдук, агай улам жылуу колдору менен жүзүмдөгү жашымды аарчып көзүмө карап турду, бул элестер менин жүрөгүмдө бир өмүр сакталып калчу болду. Ошол күнү арадан үйгө кайттым, телефонумду да өчүрүп койгон элем, а апамдар тойго даярданып жатышыптыр, эч көңүлүм жок! Эми эмне кылам? - деп түн бою уйку жок, жаздыгымды кучактап агай менен коштошо албай тиктешип турган түндү эстеп ыйлай берчү болдум.

Арадан күндөр өтүп, Медер той көйнөгүн тандаганы жолугушууга чакырды, айла жок ага жолуктум биз айланып той салондорунда жүрсөк, агай да кызы менен биз кирген салондо жүргөн экен, агайды көрөөр замат эч бирин тандай албай туруп калдым. Агай да мени тиктеп көзү менен сүйлөшкөнсүп үн катып тиктешип турдук, Медер болсо:

- Досум, эми ушул аяшың болот. Мен максатыма жеттим, бактымды таптым! - деп кубанып, кол алышып турду. Агай Медердин бир да сөзүнө көңүл бөлбөй эки көзү менде болуп тиктеп турду, агайдын кызы ар кандай той көйнөктөрүн кийип өзүнчө бактылуу экенин көрсөтүп:

- Жарашат бекен? Бул кандай турду? - деп кубанып жатты, менин көзүмдөн жашым куюлуп жер тиктеп басып кеттим. Медер агайга той чакыруусун берип:

- Тойго кел, досум! - деп кол алышты, мен ал жерден чыгууга шаштым, ичимден:

Неге, тагдыр, неге мени кыйнайсың!? Бизди кошпогон соң, дагы канча сынайсың, жок, агайдын кызын көрдүм ал да той көйнөгүн кийип жатат, ишенгим жок, кантип ушундай болсун, кантип!?» - деп ичимден эзилип ыйлап жаттым, эч нерсеге көңүлүм жок күндө агайдын сүрөтү менен кеч кирип, таң атчу болду. Бул күнүм дагы канчага уланат деп ойлоп жүрдүм.

Күндөр өтүп, той күнү да кирип келди, ошол күнү агай:

- Жанара, сени акыркы жолу көрсөм болобу? Сени бир жолу турмуш жолуна узаткым келип жатат, мен күткөн жерге келе аласыңбы? Бирок эч ким билбеши керек, келчи, сураныч! - деп күтүп жаткан жерин смс аркылуу жазган экен, мен агайды көздөй шашып жөнөдүм, агай айткан жерге барсам агай сууну жээктеп отурган экен, көргөн көзүмө ишенбей агайды көздөй чуркадым, агай да мени көрөөр замат ордунан ыргып туруп:

- Сен келдиңби? Чын эле сен келдиңби!? - деп мени боoруна кысып бактылуу бол! Түбөлүккө бактылуу бол! Ал сени бактылуу кыла алат, ал менен бактылуу болосуң, кош! Кошкунуң, мени унут! Ак көйнөк сага абдан жарашыптыр, абдан сулуусуң, Жанара сени кыйбай турам, башка аргам жок! - деп кетип калды. Мен өзүмдү кармай албай:

- Жок, агай, жок! Кетпеңизчи! - деп ыйлаган бойдон кала бердим...

Үйгө келсем баары даяр мени күтүп отурушкан. Кээде ойлоп качып кетсем эмне болот, же ушунтип жашагандан көрү өлсөмчү деп ойлонуп жаттым, бирок баарына кеч болду, жок дегенде Медерге макулдугумду бербей агайды күтсөм болмок да, эх! Эми болду деп кала бердим Медер жанымда жандап турса да, бир да көзүмдө, жүрөгүмдө кубаныч жок! Бүт денемди муң, кайгы, капа курчап тур-






ду, көз алдымда бир гана агай, кош! Кош бол! Бактылуу бол! - деп бооруна кысканы жүрөгүмдү эзип, тынч койбоду жаңырган жашоо кандай табышмактуу экенине эми ишенип кала бердим. Мен Медер менен бирге жашасам да оюмда бир гана мен сүйгөн сыр сактаган агай жашай берет.

Ошол күндөн баштап агайдан бир да кабар жок, агайды көргөн да жокмун окуу жайдын мугалимдери менен байланышып сурап калганда Россия жергесине кеткенин уктум. Ай өтүп, жыл жаңырганы менен бир күнү агайды кайра көрөөрүмө ишенип жашап келем.

Жаралган бул сезимдер жабылууда,
Жүрөккө арман толуп кайгыруууда.
Себелеп күзгү жамгыр төгүп өтсө,
Жан дүйнөм жалгыз сырын жашыруууда.

Жабыркап сезим сен деп кайрылууда,
Сезбеген сезимиңе жалынууда.
Көз ирмеп саламдашып өтүп кетсең,
Жаш жүрөк жалгыз сен деп жалынууда.



# БАКЫТТЫН АЧУУ ДААМЫ

Жараткан тартуу кылган бул жарыкта адамзат кандай гана күндөрдү өткөрүп келет. Мен да кичине кезимден эле ата-энемдин эрке кызы болуп чоңойдум, үйдө агаларым, эжелерим бар, алардын ичинен мен ата-энемдин ишенген зирек кызы болгонмун. Кичине кезимден бактылуу күндү көп көрүп, кайгы-капа, турмуш эмне экенин такыр ойлонбойт элем. Мектепте окуп жүргөндө да бир балага көз артып, сөз сүйлөп мамиле кылууга кызыкпай өзүмчө ойлуу жүргөм. Ошентип мектепти да аяктап турмуштун даңгыр жолуна аттандык, мен окуу жайга тапшырган жокмун болгону чакан болгон курстарга гана тапшырып окуп жүрдүм, ал жерге барганда кыздар, балдар менен таанышып дос болдум, күндөр өтүп, алар менин жакыныма айланышты.

Алар менен бирге бактылуу балалыктын, таттуу күндөрүн өткөрө баштадым. Менин эч кандай турмушка деген оюм жок, шаарга келип ал жактын жашоо шартына да көнө баштадым. Адам баласы кай жакта жашаса ошол жактын чөйрөсүнө айланат деген сөзгө ишенип келем, бир күнү айылга барсам мени сурап өзүбүздүн ылдыйкы айылдан келишкен экен, жаш ойнок сезимге баш ийбеген куунак көздөрүм менен ишенгим келбей толгонуп турдум, ошол учурда апам мени сыртка жетелей басып:

- Кызым жакшына сүйлөш, турмуш деген кыйын, бир чети бизге жакын алыс кетпегин, мен азыр өздөрү сүйлөшүп көрсүн деген гана жоопту берем, калганын сен чечесиң! - деп кирип кетти. Ошол күнү мен кайра шаарга келдим, окумду улантып окуп жаттым. Бир күнү сабактан чыгып үйгө баратсам, телефонума коңгуроо келип калды. карасам бейтааныш номер экен:

- Алоо

- Алоо, кандайсың?





- Жакшы, тааныган жокмун?

- Апамдар сени сурап барышкан экен, жолуксак болобу?

- А болот.

- Кел, анда жолугушуп, сүйлөшүп көрөлү? -дегенде мен макул болуп, окуп жаткан жериме чакырдым, ошол күнү мен сабактан чыксам келип калган экен. Негедир көргөндө эле тааныгансып экөөбүзгө жолугушуу оңой болду. Негедир аны карап көпкө үн катып бараттым ал болсо улам мени карап:

- Бир аз бул эс алуучу жайды аралап бассак кандай дейсиң?

- Болот.

- Турмуш куруугa макулсуңбу?

- Бул суроого жооп бере албайм, анткени турмушту түшүнбөйм.

- Кел анда биргеликте түшүнөлү! - дегенде баңо сезим менен жөн гана жылмайып койдум, бир убакта ал телефону менен сүйлөшүп ары басып кетти. Негедир бир нерсени сезгендей кетким келип жаттым, аңгыча ал да ары жактан келип:

- Жүрсөң, бул жактан чыгалы, - деп ары жолго жетелей баштады, аңгыча биз чыккан жолдон машиненин келе жатканын байкадым, көңүлүм бир нерсени сезгендей кет деп жатты, мен качууга шаштым, бирок ал байкап калып:

- Кайда качасың? - деп туруп калды.

- Жок, коң бер колумду!? - десем, азыр деп көтөргөнгө өттү, аңгыча машине да келип, ичиндеги балдар түшүп, мени машинеге салып айдап жөнөштү.

- Эмне кылганың? Мени түшүр! Турмушка чыкпайм сага, билдиңби чыкпайм! - деп бакырып бараттым, ал жерде мага жардам колун көрсөткөн эч ким жок болчу. Эч жерге токтобой зуулдаган машине ылдамдыгын ашырып, айдап баратты. Мен ыйлап эч нерсеге түшүнгөн жокмун,

ага да бир канча сөздөрдү айтууга жетиштим, ал болсо үн катып бир да сөз сүйлөгөн жок.

Мен барганымда ары жактан жеңелериби, айтор бир топ адамдар келип мени ары тарткылап, бери тарткылап арандан машинеден сүдүрөп түшүрүп, ар кандай сөздөрдү айтып жатышты, мен болсо:

- Мен калбайм, мен окуйм, салба жоолук, апаа! - деп ыйлап жаттым.

Мен окуган курста мага бир жигит жакчу эле күндө баш ийкеп саламдашып гана койчубуз. Кантмек элем, жалгызмын да, айла жок, анын аппак жолугун салынып, койнөгүн кийип отуруп калдым, бир убакта апамдар келип мени көрүп:

- Бактылуу бол, кызым, бир үйдүн босогосун аттаган кызы бар деп мени жаман сөзгө калтырба, бул жерден чыгып кетсең бактылуу болбой каласың, мен сени алып кетпейм, сенин ордуң ушул жер! - деп бетимден өөп чыгып баратты, мен болсо:

- Апа, мен сиздин сөзүңүздү эч качан эки кылбайм, макул, калам, бирок, апа, мени жок дегенде той менен алсынчы? Мен да ак көйнөк менен тийсем мүмкүндүр! - деп ыйлап жибердим, жок дегенде ал нерсеге макул болуңузчу? - десем апам:

- Макул, кызым, сен ошол нерсени каалайт экенсиң, той менен алсын деп чыгып кетти.

Мен ал жерде үч күн отуруп калдым, ошол күндөрү Аман менин алдыма кирмек турсун, эшиктен көрүп калса кача кирип тартынып жүрдү.

Мен андан кийин үйгө барып той менен кайра келдим. Той күнү да ал жанымда жандап турганы менен негедир жүрөгүм муздак бойдон, эч кубануу жок турдум, ал мага күлүп карап койсо негедир жүзүмө жылуулук киргендей өзүмчө башкача боло түштү. Ошентип биздин той да өттү,





мына келиндик күн башталды, эрте менен эрте туруп ары жакты шыпырып, үй жумушун аткара баштадым. Менин кылган ишим кайненеме жакпагандай, мени көрүп калса:

- Эмнеге турасың? Эмнеге муну кылбадың? Мен сага ар күнү кайталап турушум керекпи? - деп ар күнү уруша берчү болду, мен жашмын эч нерсеге акылым да жеткен эмес, ары бас десе басып, отур десе отура турган жаш секелек элем. Кайнатам байкуш мага жардам берип билбегенимди көрсөтүп жардам берер кишим болду, көп жумушума өзү да жардамдашып калчу, мен келин болуп барганым бир айдын жүзү болбой күндө Аман экөөбүз уруша турган болдук, кээде эч кимге көрүнбөй ыйлап да алчу элем, балким турмуш ушундай болсо керек деп чыдап жашадым. Көп өтпөй кайнатам ооруп калды, аны ооруканага жаткызып келишти, мен үйдө жалгыз калып апама телефон чалдым.

- Апа, неге мени таштап эрте турмушка бердиңиз? Мен абдан кыйналдым, кайненем мени жаман көрөт, күндө тамак да бербейт алар ичип жатканда кошо отура калсам «Сен менин алдымда тамак ичкенге кантип батындың?» - деп тилдей берет. Мен чыдай албайм башка, апа! - деп ыйлап отурсам, алар келип калышыптыр, ошол күнү мен апам менен сүйлөшкөнүмдү угуп калып үйдө уруш чыкты. Мага болушкан эч ким жок Аман да болуша албайт ачууланган Аман апасын да тилдеп уруша кирди:

- Апа мени үйлөн дейсиңер, үйлөндүм, жакпады. Апа, неге андай кыласыз? - деп мага болуша кетти эле, жогол үйдөн, чыгып кет - деп кууп жиберди, Аман баарынан тажаганбы, айтор эрте менен турсам ал жанымда жок, карасам кат калтырып кетип калыптыр катта минтип жазган:

«Мени кечир! сенин да бактыңа балта чаптым, көрүп турганыңдай мен баарынан тажадым, апамды да, сени да кыя албай турам, түнү менен ойлонуп сенин сулуулугуңа карап, сени менен коштошуп чыктым. Мен сенин жообуңду

бердим, мен Бишкекке кеттим, оз бактыңды өзгөдөн изде! Мен сага талак бердим! Биз баары бир бирге жашап кете албайбыз!» Катты оку, ошондо мени таштап кеттиби? Неге андай кылдың? - деп ыйлап жаттым, бир убакта, ар кандай ойлорду ойлонуп апама телефон чалдым:

– Апа, ал мени таштап кетти! Апа, эми мен эмне кылам? Ал кайрылып келбейт! Бишкекке кетип калды, апа! Менин жосбумду бериптир, мени келип алып кеткиле! - деп ыйлап, телефонду өчүрүп койдум, эч нерсеге түшүнбөй калган апам улам-улам телефон чала берди, мен жооп берген жокмун, апам келип - эмне болду? - дегенде көзүмдөн жашым куюлуп кетти, а апам болсо баарына түшүнүп, машине менен келип менин, жүкторүмдү салып ал жерден алып кетти. Мен ал жерден чыгып баратып башка келбейм турмушка да чыкпайм деп өзүмө-өзүм сөз берип жаттым, үйдө жүргөндөн уялып бир ай араан жүрдүм, тигинин кызы ажырашып келиптир, күйөөсү таштап качып кетиптир деген сөзгө калбайын деп апамдын жүзүн жер каратпайын деген ойго келип:

- Апа, мен өзүм иштейм шаарга барып деп Ошко кетип калдым, ал жерде ар кандай жумушта иштеп жүрдүм, ошол күндөрдүн биринде бир классташ досум чалып «Бишкекке кел, чогуу иштейбиз» - деп чакырып калды, мен бул жерде жүргөндөн пайда чыкпайт деп Борборго апамдарга айтпастан жөнөп кеттим, ал жакка барганда досум тосуп алып өзү жашоочу бөлмөсүнөн орун берип жанына швейный цехке жумушка кирдим, досум мага жардам берип карашып жүрдү. Ошентип күнүм-күнгө уланып өтүп жатты, досум кеч кирген мезгилде:

- Дос, мен азыр келем, жигитиме жолугуп бир аз айланып келем - деп чыгып кетчү болду, мен макул болуп үйдө калдым негедир Аманды сагына баштадым ачыгы Аман да келбеттүү, келишимдүү жигит эле, ал неге мени таш-





тап кеткени табышмак бойдон калган, ооба, сүйүү турмуш кургандан кийин келет деген сөз туура айтылган окшойт, тагдырдын канчалаган оор күндөрүн өткөрүп келдим. Аны башында сүйбөсөм да, жаш сезимге ишенип ага турмушка чыкканыма өкүнүп жүрдүм.

Эх! Баарысынан көңүлүм калды, жүрөгүмө эч ким жакпайт, кээде Аманды сагынып аны эстеп ыйлап жатып уктаган күнүм канча жолу кайталанып жатты, турмуштун талабы кайрадан аны унуткарып өз арабасын айдатчу. Кайда барсам да, Аманды көрүп калсам, ал кайда болду экен? - деп, эки көзүм аны издей берчү болду, кээде башка адамдарды ага окшотуп алдына чуркап барган күндөрүм адатка айланды. Аман менен бактылуу күндөрдү өткөрбөсөм да бир айча жашаган жакын адамым экенине ишенип келем.

Өткөн өмүргө өкүнүп пайдасы жоктур деп келем. Дос кызым менен чогуу жашасам да, анын жигити, жактырган адамы ким экенине такыр кызыккан жокмун, ал болсо:

«Досум, мени ушундай адам менен тааныштырып сүйдүргөнүнө кудайга шүгүр, мен ансыз жашай албайм, ал мен үчүн жашоодо жалгыз адамым, насип кылса мен ага турмушка чыгам ал да мени сүйөөрүн күткөм!»- деп күндө өзүнчө бактылуу болчу.

Мен анын бул сүйүнүчүн, бул сүйүүсүн көрүп «Неге тагдыр мага андай бакытты насип эткен жок, же пенде пейлинен табат деген сөз туура айтылгандай. Мен Аманды табышым керек, ал да мени издеп жаткандыр, неге мени андай бактылуу адамдардын катарына кошкон жок? Аман менен бактылуу жашасам кана! Аны кайдан издейм, кайдан?» - деп кейиген күндөрүм да болду. Дос кызым жолугушууга чыкканда, кызыл гүл ар кандай жемиштерди, белектерди алып келчү, дос кызымды үйгө таштап кайра кеткенин артынан гана көрүп калчумун, ошентсе да бир

да маани берип карабаптырмын. ошол күндөрдүн биринде досум. «Жүр. сени да аяшың менен тааныштырам, ал мени канчалык сүйүшүн сынап, сөзгө тартып сүйлөшүп көрөсүң,» - деп үйдөн кошо чыктык. негедир баргым жок, айласыз бардым, биз эс алуучу жайлардын биринде аны күттүк, бир убакта колунда гүлү менен бир жигит келе жатат негедир менин көзүмө жылуу учурап жакындап келе жатты. Курбу кызым ага кубануу менен жүгүрүп барып, мойнунан кучактады, ал курбу кызымды көтөрүп бир кыйла үн катып турушту. Аны досум «Жүр» - деп анын колунан жетелеп менин жаныма алып келгенде Аман экөөбүз тиктешип туруп калдык. Мен күтүп жүргөн Аман дос кызымдын жүрөгүн багындырып сүйүшүп жүргөн экен. Ал да мени карап туруп калды ошол учурда дос кызым:

- Силер эмне таанышсыңарбы, Аман? - дегенде андан да, менден да сөз чыкпай турдук, ал жерде туруу мен үчүн эки оттун ортосунда калгандай сөз сүйлөөгө батынбай басып кеттим. негедир таштаган кадамдарым шилтенбей бараттым. Көнөктөй көөп, жамгырдай төгүлүп ыйлап ушул күнүм түш же жалган болсо кана деген ойдо эч нерсе көзүмө көрүнгөн жок. Эми кайда барам? Неге тагдырым мынча тайкы болот? - деген ойдо дос кызымдын да үйүнө барган жокмун бир дарактын түбүндө ыйлап жатып таңды атырдым. Түбү жок ойлорго түркүк болууга кудуретим жетпеди, эртеси үйгө барып кийимдеримди алып, досума кат калтырууга аргасыз болдум:

Сага рахмат! Аман менен бактылуу бол. Мени издебе, жашоодо сүйүү ар кандай адамга ар түрдүү жолдор менен берилет тура, мага берилген бакытты мен убагында баалабай калгандырмын, бирок эч нерсеге түшүнгөн жокмун!» - деп жазып бир аз акча таштап ал жерден чыктым. Аларды кайрадан жолуктуруп калыштан, экөөнүн бактылуу күндөрүн бузгум келбей, кайрадан Ошко сапар алып





жөнөп кеттим.

Айылга да барбадым, ичимден сызып от жалын болуп күйүп турсам да, сыртымдан эч нерсе болбогондой күлүп жүрдүм, кээ күндөрү, апа! Сагындым баарыңарды, сагындым, асылдарым, мени бир гана силер түшүнөт чыгарсыңар! - деген ойдо бирде ыйласам бирде ойлор менен чабышып жаттым. Күндө досумдун айткан сөздөрүн, бактылуу болгон күнүн барып моюнуна асылып кучактаганы көз алдымдан өчпөй келет, балким Аман ошол себептен мени таштап кеткендир, мен Аманды бактылуу кыла алган жокмун, аны сүйүүгө, бакытка толтуруп өз кучагыма батыра албадым - деп ойлоп келем. Мен баарысын өчүрүп, телефон номеримди да өзгөртүп салдым, эми бир гана өзүм үчүн жашайм деп аларды унутууга аракет жасадым, эч кимге көңүлүм жок, эч бирин сүйө да албайм деген, ар кандай ойлорду ойлоп өзүмдү кыйнап жүрдүм. Ошол аралыкта үйгө да тез-тез барып турдум. Мен жашоодон адашсам да апамдын мээрими ошол бойдон калып ар барганда ак батасын берип кайра шаарга узатчу эле. Жашоодо күндөр күнгө уланып жылдар алмашыптыр, мен өзүмдү карап башка бир адамга айландым. Арадан үч жыл өтүптүр мен бир кафеде официат болуп иштеп жүрдүм, ошол күндөрдүн биринде бир топ балдар келип отуруп калышты, аларды карап эмне керек десе баарын алып келип жаттым, балдардын ичинен бирөөсү көзүмө тигиле карап, мени сүрдөтө баштады. Анын көз карашы көңүлүмө жаккандай мен да аны жылуу карап койдум.

Ошол күнү күлүп жакшы кал дегенсип көз ирмеп кетип калды. Мен аны узаткансып артынан узата карадым, негедир жүрөгүм тызылдап артынан бар дегендей туйлап чыкты. Артынан чуркап чыктым алар бир канча узап кетишкен экен, ал баланын же атын же өзүн билбесем да келет дегендей ар күнү күтүп калчу болдум, бир күнү жумушка

барбай үйдө жатсам бир номер чалып калды. Эч ким билбеген бул номерге ким чалышы мүмкүн? - деп чочулай баштадым, акырындык менен жооп бердим.

- Алоо...

- Алоо, кандайсың?

- Жакшы, ким экен бул?

- Биз өткөндө сиздерде отуруп кеттик эле, бүгүн да келсек сен жок экенсиң, сенин номериңди азыр алдым, мүмкүн болсо сүйлөшүп турсак болобу?

- Макул, атыңызды билсем болобу?

- Атым Мирбек, - деп өзүн тааныштырып калды, ал менен сүйлөшүп жатып анын сөздөрү мени аягансып угулуп жатты, же жүрөгү мындай сөздөрдү укпай жүргөн үчүнбү айтор анын ар бир сөзү мени өзүнө тартып алды. Ошол күнү бир канча убак телефон менен сүйлөшүп, андан соң эс алдык.

Эртеси күнү маанайым жакшы, негедир көңүлүм көтөрүңкү болуп жумушка бардым, кечке маанайым жакшы болуп жүрдү. Кеч киргенде ал менин иштеген жумушума келди аны көрөөр замат негедир көзүм жайнап түштү, алда мени карап мыйыгынан жылмайып:

- Кандайсың?

- Жакшымын, келдиңби?

- Жумушуң бүткөндө чал, мен машинеде болом, сени күтүп турам, - деп бетимден чымчып чыгып кетти, мен жумушум бүтүп ага телефон чалдым, ал болсо жанымда турган экен, негедир биз башта тааныштай бат бири-бирибизге көңүл коюп жакын болуп кеттик. Ошол күнү колундагы кызыл гүлүн көрүп, Аманды эстеп көз алдыма келип ичимден, алар да мен сыяктуу бактылуу кечени курушкан деп ойлоп турдум. Бара-бара биздин мамилебиз жакындап жумуштан кийин ал менен бирге уктабай таңды атырчу болдум, аны күндө көрбөсөм сагынып калчуу болдум. Мирбек мени аяп өзүнө ушундай жакындатып алганына өзүм да таң калып келем. Махабат, сүйүү деген ушул нерсе экен, аны жүрөк менен жактырып калганымды байкадым, менин ар бир күнүм бактылуу күндөр менен кошулуп жатты. Мирбекке баарын айтып бердим биринчи бактымдан адашып аны сүйүп калганымды айттым, ал да «үйлөнүп ажырашкамын кел, эгер каршы болбосоң турмуш куралы?» - дегенде менден өткөн бактылуу инсан жоктой ага макул болдум.





Биз той менен эмес, жай гана алып качуу менен үйлөндүк, ошол күнү да апамдар «бактылуу бол кызым, бул бактыңды өзүң тандадың, эч адашпа, түбөлүк бирге болгула!» - деп ак батасын берип мени таштап кетишти. Той күнүм, өткөргөн күндөрдүн баарын унуткарып өзүмчө бактылуу болдум, ага турмушка чыкканда бир өмүр бактылуу болом деп ойлогон элем, мен барганда ал үйдө бир кичине кыз жүргөн, ал анын биринчи аялынан калган кызы экен. Кызына да өз энесиндей мээрим төгүп бактылуу жашап жүрдүк. Күндөрдүн биринде үйгө бир бейтааныш аял келип: «Ым сен аялы болосуңбу? Бул менин кызым, бир тал чачы, бир тамчы көз жашы акпасын!» - деп кекетип сүйлөп урушуп кетчүдөй болуп турду. Кеч киргенде Мирбекке айтсам, ал эч нерсе айткан жок мен бир аз ойлонуп кайра баарын унутка калтырып койдум.

Арадан күндөр өтүп бизди бактылуу күндөр коштоп жүрдү, андан боюмда да бүтүп калган экен. Ал андан да бактылуу болуп биздин ар бир күнүбүз бир-бирине эч окшобогондой бактылуу болуп жүрдүк. Үйгө барбаганыма да бир кыйла болуп калган эле, үйдөгүлөр чалып «аган үйлөнүп жатат тойго келгиле, мүмкүн болсо сен 2-3 күн алдың келип бизге жардам берсең жакшы болмок, кызым» - деп мени чакырып калышты, ошол күнү:

- Сен бүгүн бара бер, мен эртең эрте менен барам, үйгө

барып апамдарга жардам бер! - деп мени үйгө жиберди. аны эртеси абдан күттүм бирок андан дайын жок, тойго да келген жок. «ага эмне болду экен деп улам-улам телефон чала бердим өчүк болуп туруп алды», мен кеч-ке күтүп кечинде үйгө келсем анын эч нерсеси жок, бүт киймдерин жыйнап биринчи жубайы менен орус жергесине качып кетиптир, анын бул кылганына түшүнбөй кала бердим. Айла канча, анын телефонун кайда экенин билбейм, келет деген үмүт менен аны күтүп жашап жүрдүм. дагы кандай апамдарга айтам, эми кантип жашайм? - деп бир ай караңгылыкта, жарыкчылыкка чыга албай жашап жүрдүм. Мирбек жок болсо да, анын үйүндө апасы менен кошо жашап келдим. Кээде кайненем мени аяп:

- Кызым, сен анын алтынчы аялы болдуң, ал сенден алдын да беш аял алып, баарын кетирген, сен капа болбо! Ал биринчи аялы менен орус жергесине кетип калыптыр, менин да кабарым жок, кечинде чалыптыр. Балам, мен да аны башкара албай калдым, кантейин атасы жок баланы башкаруу кыйын экен! Эч бир сөзүмдү укпайт, бир жолу болсо да сөзүмдү угуп, кулак салса эмне дейсиң? - деп кейип жатып, көзүнө жаш алды. мен да апамды аяп турдум. «Өзүңдү кара, бала бизге керек» - деп күндө мени карап, аяп жатты, мен өзүмдү алсыз сезип, эч жерге батпай уятымдын, намысынан гана ал үйдөн кете албай жүрдүм. Бир күнү ичим ооруп толгоо замдай баштады, эмне кыларымды билбей ары-бери басып кыйнала баштадым, ошол саатта билгендей мага россиядан коңгуроо келип калды, алсам анын биринчи жубайы экен:

- Алоо, кандайсың? Күйөөң жок ал үйдө эмне кылып жүрөсүң? Эмне кемпирди карап жатасыңбы? Күйөөң мени менен, ал эми сени сүйбөйт! Баарынан үмүтүңдү үзгүн да, ал үйдү бошотуп кой! Баландын да кереги жок, алдырып сал, же өлтүрүп кой, сен төрөбөшүң керек, анткени





күйөөң менин жанымда, ал мени сүйөт! - деген сөздөрүн угуп өзүмдү жоготуп койдум, мындай нерселер мага абдан оор тийди окшойт. Мындай жашоону күтпөгөн жаным өзүмдү жоготуп, ооруканада беш күн дегенде өзүмө келиптирмин. Карасам жанымда апам, бир туугандарым отурат, апам жанымдан жылбай түн уйку көрбөй, жанымда отуруп чыккан экен бир убакта апам:

- Кызым, кызым деп өзүн токтото албай ыйлап мени балам бар экенин улам эсиме салып жатты. «Балаң жакшы, ал да ушул жерде аны өзүм карап жатам, сен өзүңө келчи, чырагым!» - деп тамагы буулуккандай ыйламсырап үнү да араан чыкты, мен өзүмдүн күчүм менен эмес операция жолу менен төрөдүм, бара-бара жакшы болуп баламды өз койнума алып жаттым. Бир бөлмөдө кошо жаткан аялдардын күйөөлөрүн көрүп, Мирбекти эстей берчү болдум, түндөсү аны эстеп бактылуу күндөрдүн кучагында уктачу болдум. Бир күнү телефонум шыңгырап калды, карасам башка номер негедир жүрөгүм муздап кетти. Эмне кылаарымды билбей арандан жооп бердим:

- Алоо...

- Эмне, бирди төрөсөм эле Мирбек меники болот деп жатасыңбы? Мен сага айтпадым беле, баланы алдыр же өлтүр деп? Эмне, Мирбек мени сүйөт, ал кайра келет деп жатасыңбы? Мирбек сени унуткан, сени сүйбөйт мына өзү менен сүйлөш! - деп телефонду бергенде ал бир кыйла үнчукпай турду. Кайрадан:

- Билем бала менден эмес экенин, сен аны башкалар менен ойнош ойноп болтурдуң, -мен сени менен жашай албайм, бала өз каныман жаралуусун гана каалайм. Сен баланы мага тийгиче болтургансың! Эми өзүн бил! Мени күтпө, мен бул жакта бактылуу жашап жатам, сени менен турмуш курганыма өкүнүп жатам! Сен менин аялым эмессиң, мен сага талак берем биздин тынчыбызды алба! -

дегенде ысык денеме муздак сууну куйгандай, эч бир сөзүн уккум келбей нес болуп туруп калдым. Эмне кылаарымды билбей баарын ичиме салдым, айтор тагдырым талкаланып жаткандай сезилди. Эми кандай жашоо уланат? Кантип жашайм? - деген нерселер бир да оюмдан кетпей туруп алды, тагдырдын табышмактуу күндөрү башыма дагы кандай күндөрдү салат, билбей келем...

Турмуштун түйшүктүү жолунан кантип чыгарым табышмактуу болчу, Мирбек менен жашап ал мынчалык өзгөргөнүнө өзүмдү күнөөлүүдөй сезип жүрдүм, оорудагы бир кабар келди: канадан чыгып үйдө жүрдүм, бир күнү тынчымды алган

«Мирбек эртең барат, бала сенден эмес дейсиң! Эгер анын баласы экенин айтсаң өзүң да, балаң да жок болосуң, сен ким экениңди, кандай болуп жүргөнүңдү эсиңден чыгарба!». Аны окуп араңдан турган жаным өзүмдү жоготуп койдум, ал убакта жокчулуктун айынан көп азап тартып келгем, ошол күнү машиненин жоктугунан атам мени аркасына көтөрүп алып ооруканага жөнөгөн экен, бир убакта көзүмдү ачсам атамдын артына асылып баратам, ыйлап бараткан атакемдин көзүндөгү тамчы жашы менин колума тамчылап жатты, апам байкуш жанында жүгүрүп алган. «О жараткан, бул кандай кылганың? Кызымды кайтарып бер, кызым өзүңө келчи! Сени ким мынчалык азапка салып жатат?» - деп ыйлап баратты, мен кайрадан ооруканага түшүп калдым, ал жерде жатып ар кандай ойлорду ойлоп бул жактан кетүүнү чечтим, менин айымдан апам жүрөк оорусу менен ооруп, атам болсо колу-буту иштебей төшөктө жатып калды. Көп өтпөй Мирбектин апасы каза болгонун уктум, айылда жүрсөм да бара алган жокмун. Мирбек жалгыз уул болгондуктан өтө кежир, өзүнүкүн бербеген көк беттик да жайы бар эле.

Жашоодо ар бир пенденин башында жоготуу бар эме-





спи, ал келип айылда болуп кайрадан кеткен экен. Мен өзүмө келип жакшы болгуча апамдын алдында жүрдүм, атам да менин айымдан буту-колу иштебей төшөктө жатып калды, мен алар менен чогуу жашагандан тартынып, араңдан жүрдүм, ошол күндөрдүн биринде, башта иштеген кафенин жетекчиси чалып жумушка келип иштешимди суранды, өзүм да үйдө араң отурган жаным кайрадан шаарга жөнөдүм, ал жерге киргенде Мирбек менен бирге өткөргөн күндөрдү эстеп жүрөгүм жарылып кетчүдөй кыйналып жаттым, турмуштун талабына көнүп кайрадан жашай баштадым. Мен жашоодон да, адамдардан да ушунчалык коркуп келем, Мирбекти орус жергесинде иши болбой аялы менен ажырашып кеткенин уктум, андан ушунчалык көңүлүм калган экен аны бир көрүүдөн да безилдеп келем, ал мага кайрылып чогуу бактылуу жашайлы деген сунушу менен үйгө келген, мен андан сүйүү, баштагыдай мээрим күтпөй калгам, анын кабарын жакын жашаган коңшу жеңемден угуп турчу болдум. Мирбек апасынын жоктугунан канчалаган азап тартып спиртичимдиги менен дос болуп кеткенин да угуп жүрөм, эми мен жашоодо эч кимге ишенбейм.



# ТҮГӨНГҮС СҮЙҮҮ

Жашоонун кандай гана керемет күндөрү бар, ал күндөр ар күнү ар башка жолдор менен коштолуп келет, жашоонун бир күнү кубаныч менен өтсө, ал эми экинчи күнү кайгы менен куралган. Жашоо өзү катасы көп диктанттай, ал каталарды оңдоо үчүн адамзат кандай гана оор, түйшүктүү жолдорду башынан өткөрөт. Тагдыр тартуу кылган бакыттан баш тартып болбостугун билип туюп келебиз, тагдырдын даңгыр жолу бизди канчалаган элегине салып, элек менен элеп өткөрчүүдөй туюлат. Жашоодо сүйүү, жактыруу деген сезимдер ар бир адамга ар кандай берилет тура, мен мектепте бирге окуп, бирге жүрүп, бирге чоңойгон өз классташ баламды жактырып келем, биз мектепке кошо барып кошо келчү элек. Бир күнү ал класс ичинде мага кат жазды, катында мындай деген:

«Билсең, сен кыздардан өзгөчөсүң, сен мага жагасың, кел, кыз-жигит болуп сүйлөшүп жүрөлү?» - деген алгачкы каты 8-класста берилген ошол сезим, ошол бактылуу көз караштар алгачкы жана өмүр бою тагдыр тартуу кылган түбөлүк сүйүүдүр. Мен ал катты алып окуп өзүмчө ага бактылуу көз караш менен карап койдум, менин балалык сезимим ага андан да ашык болгондой сезилчү, биз мектепте баарын кетирип андан соң экөөбүз мектеп багын айланып сүйлөшчү элек, ал менен күндө сабакка кошо барып кошо кайтчу болдум. Бир күнү класска эрте менен кирсем доскага Асан+Акманай=сүйүү деген чоң жазууну окудум, негедир көзүмдөн жаш тегеренип кетти, же уялдымбы же сүрдөдүмбү билбей туруп калдым. Көрсө биздин сүйлөшүп жүргөнүбүздү баары билип калыптыр, ошол күндөн баштап мен ага андан да жакын болуп кандай иш болсо да аны менен бирге баарын бүтүрчү элек. 14-февраль сүйүшкөндөр күнүндө да, 23-февраль бал-





дардын майрамында да бир гана Асанга белегимди берчү элем, ошол күнкү сезим менен үч жыл сүйлөшүп жүрдүк. Мына мезгилдин шамалы бизди айдап, классташтар коштошоор күн да жетип келди, жанакы сүйүү катын арнаган балдар, бири-бирин кубалашкан кыздар бир кыйла чоңоюп турмуш, жашоо эмне экенин биле баштады. Биз акыркы коңгуроо күнү да Асан менен кол кармашып мектеп алдына чыктык, ал менен кошо ырдап, баары менен коштошуп жаткандай ыйлап алганбыз. Бул коштошуу турмуштун чоң жолуна аттануу болуп саналат, ошол күнү мектеп менен, окуткан эжей-агайлар менен эч коштошуп кеткибиз келген жок, кантмек элек, айла канча! Ошентип, мектеп менен баарысы менен коштошуп классташтар туш-туш жакка тарап кеттик, биз Асан экөөбүз дале сүйлөшүп жүрдүк. Менин үйдөгүлөрүм ал менен сүйлөшкөнүмө каршы, Асандын апасы жок, атасы ичимдик менен дос болгонсуп күндө ичип алчу. Жашоосу бизден бир кыйла оор, көп нерсеге жетишчү эмес, ошол күндөрдүн биринде апам мага:

«Кызым, ал менен сүйлөшкөнүңдү токтот, мен сени баарыбир ал балаңа бербейм!» - деп үйдө күндө уруш боло баштады, ал келгенде үйдөгү акемдер да кубалап, таш бараң кылып салчу. Мен Асандан башканы сүйө алган жокмун.

Апамдар мени Ошко окуу жайга тапшыртты, ал жакта «акендер менен жашайсың!» - деп мени күндө көрүп баштады, мен Асан менен күндө жолугам ал мен окуган окуу жайга келет, Асан келгенде окуудан качып кетчү элем, окуган сабагымды да билбейм, мага жашоо бир гана Асан менен уланчудай оюмда бир гана Асан болгондуктан сабактын да кызыгы жоктой сезилчү. Асан өтө өзгөргөн баштакы Асан эмес эр жетилип абдан сулуу болуп калган чынында аны баарынан кызганчуу болдум, ал мени бир

күн да жалгыз калтырбай турган болду, менин жашоомо бүтүндөй кирип алгандай андан башкасы бир да көзүмө көрүнбөй келет. Асан үчүн окуумдан да айдалып кеттим.

Апамдар «ал менен дале бирге экенсиң, сени ага бербейм! Эгер ал менен дале мамиле кылган болсоң сага башкача чара колдоном, кызым, мени ал нерсеге түртпө!» - деп уруша баштады, мен болсо:

- Апа, мен аны сүйөм, ансыз жашай албайм, атасы ичсе не, менин бактым жашоом Асан менен го, анда эмне күнөө, апа? - деп ыйлап жибердим. Ошол күнү үйгө дарбазанын жанында агама Асан кармалып калыптыр, аны агам уруп, токмокко алып, минип келген велосипедин талкалап салыптыр, мен эч нерседен кабарым жок, аны неге жок? - деп күтүп жаттым, түн бир оокумда эшикти көздөй чыгып анын үйүнө жөнөдүм, ал үчүн бул азаптар канчалык кайгыга салса да, аны издеп ичимден ыйлап бара жаттым:

Кайдасың? Эмнеге жоксуң? Кайда жүрөсүң дагы? - деп ыйлап бара жаттым, бир убакта атасын желкесине артып, үйүнө бараткан экен аны көрөөр замат негедир бүтүн денем титиреп, муундарым бошоп кетти. Чын эле мынча кыйналасың? Тагдырың мынча татаал болбосочу! - деп аны карап ыйлап турдум, бир убакта алдыма чуркап келип

- Сен не кылып жүрөсүң ушул убакта?

-Сени издеп келдим, неге барган жоксуң мага? Мен сенин келишиңди канча күттүм билесиңби!?

- Сен мени күттүң, ошондойбу? - дегенде бук болуп турган жаным ыйлап жибердим, ал болсо бооруна кысып:

- Болду ыйлабачы, мен сени эч качан ыйлатпайм, болду ыйлабагын! Бүгүн сени сагынып көргөнү бардым, үйүңдүн алдында агаңа кармалып калдым, ал мени абдан сабап баарын талкалап жиберди, биз бирге боло албайт окшойбуз, бизди алар баарыбир бирге болууга жол койбойт, сени мага эч качан беришпейт, аны билесиң го, мени кечир, кеч болду, үйүңө бар. Эртең келем сага, мени күт! -





деп араңдан коштошуп жүзүмдөгү жашымды арчып кетип калды. Мен ошол күнү уйку көрбөй таң атканча ыйлап чыктым. Эртеси турсам апам:

- Кызым, даярдан эртең чет элге агаңдын жанына кетесиң, ал жакта иштеп кел? – деди. Эмне дешимди билбей туруп калдым, көрсө апам баары менен сүйлөшүп мени ал жакка жибермей болгон экен.

- Апа, мен Асанды таштап кете албайм, мен эч жакка кетпейм! Мени мынча кыйнай бересиз? Асансыз көздөрүм
көр болот! - деп үйгө кирип кеттим, апам эч нерсе айтпай
«даярдан» - деп туруп калды. Ичтеги сүйүүмдү эч кимге
айтпай өзүм менен өзүм бөлүшүп жаттым. Эми кантем?
Асанды кантип таштап кетем? Жок, аны таштап кете ал-
байм, Асанга кантип айтам? Ал мени туура түшүнсө керек
- деп ойлонуп, кеч киришин, Асандын келишин чыдам-
сыздык менен күтүп отурдум, анын жымыңдаган көздөрү,
ар бир сөзү жүрөгүмө дабаа болчудай, аны ар күнү самап
келээр элем. Ошол күнү негедир Асан кечигет, мен аны
чыдамсыздык менен күттүм, бирок ал келген жок:

Мен эми ага кетип жатканымды кантип айтам? Ал да
балким билгендир, жок-жок ага ким айтмак эле! - деп
ойлоп бир амалын таппай отурдум, бир убакта саат-
тын жебеси да бир кыйлага барып калыптыр, кайрадан
аны издеп үйүнө бардым, үйүндө эч ким жоктой айлана
капкараңгы эшигинин алдында аны күтүп турдум, ал кел-
ген жок, күткөнүм таңга айланып бараткандай таң да ага-
ра баштады. Ал дале жок! Ошол күнү күтүү менен таңды
атырып үйгө жөнөдүм. Андан бир да кабар жок, менин
чет жакка кете турган саатым да келди. Асандан бир да
кабар жок болуп туруп алды. Аны көрбөй кантип кетем!
- деп улам анын үйү жакты карай берем, аны күттүм, ага
эмне болгонун да билбейм, мага баарын даярдап коюш-
кан экен. Мен шаарга келип самолңт менен чет жакка учуп

кеттим. Ал жакка барып, ар кандай жерлерди көрдүм, мен издеген бакыт ал жерде жоктой күндөр өтүп жатты. Бир күнү бирге окуган классташ балама жолугуп калдым, аны көргөндө Асанды көргөндөй кубанып кеттим, ал менен сүйлөшүп мага Асандын телефон номерин алып беришин сурандым, ал да макул болуп калды. Ансыз жашоом оорлой баштады, ал менен бирге өткөргөн бактылуу көз ирмемдер көз алдымдан кетпей, күнүм-түнүм ый менен өтүп жатты, жанакы мен суранган классташым Асандын номерин таап бергенде жоготкон нерсемди кайра тапкандай кубанып кеттим, ошол замат ага телефон чалууга да жетиштим, бирок баары мен күткөндөй болгон жок. Ага чалсам карындашы алды.

- Алоо кандайсың, Асан барбы?

- Жакшы, сизди тааныдым, сиз таштап кеткен күнү Асан агам үйлөнүп алды. Башка убара болуп чалбаңыз! Анын жашоосу башка менен, - деп телефонду коюп койду. Мен эч нерсеге түшүнгөн жокмун:

Неге андай болот? Асан, кантип сен башкага.., жок, ишенгим жок! - деп өзүмдү токтото албай ыйлап жаттым, ошол күндөн баштап менин абалым оор болуп ооруп калдым, бара-бара көздөрүм көрбөгөнсүп сезиле баштады, эч нерсе жебей өзүмдү алсыз сезип төшөктө жатып калдым. Агамдар мени ооруканага алып барышты «дарты жок, баары таза» - деп чыгарып коюшту, мен күндөн-күнгө абалым начарлап төшөктөн турбай калдым, көзүмдү текшерткенде «көп ыйлагандыктан көздөрү көрбөй калган» - деп, мага көз айнек беришти. Асандын үй-бүлө курганы менин жан дүйнөмө мынчалык катуу таасир калтырат деп ойлогон эмес элем.

- Сен көп ыйлаба, сага ыйлаган мүмкүн эмес десе да, Асанды эстеп, чын эле үйлөндүбү? - деген ой мени кантип ыйлатпай койсун, ооруканада догдурлар «бирөөнү катуу





жактырат, ал кайда? Анын дабасы бир гана ал бала» - деп айтканда агам:

- Жок, биз ал балага бербейбиз, мейли, көзү көрбөсүн, мейли төшөктө жатып калсын, баары бир ал балага бербейбиз! Бул аны унутушу керек, унутушу керек! - дегенде, врач киши:

- Мындай сүйүү, мындай нерселер жашоодо сейрек гана кездешет. Алар бири-бири үчүн жаралгандай, аларды жараткан гана ажыратпаса, пенделер эч качан ажырата алышпайт, кыздын көзү көрбөй калган, мындай оорусу күчөп кете электе жактырган, сүйгөн адамына жибергиле, антпесе өмүрү кыска, сак болгула, кызды өз сүйүүсүнө жибергиле! - дегенде агам ачууланып:

- Эч качан андай болбойт! Ал сенин оюң, менин карындашым ал менен бирге болбойт! Кайдагы сөздөр менен бизди алдаба! - деп мени сүдүрөп ал жерден алып чыгып кетти, менин абалым күндөн-күнгө оорлошо берди, бара-бара ордумдан жыла албай төшөктө жатып калдым. Бул жакка келгениме бир айдын жүзү эми болду, Асан үчүн көздөрүм көр, жүрөк оору менен ооруп калдым, агамдар, апамдар менен сүйлөшүп мени кайра өз мекениме салып жиберишти.

Өз мекениме келгениме сүйүнүп турдум, бирок Асанды эстесем бүтүн жашоом караңгы болуп кетет, ошол күнү шаарда калдым, биз бирге басып айланган жерлерге бардым, баарын, эсиме салып бактылуу болуп алдым. Арадан күндөр өттү, мен айылга келдим, үйүм жол боюнан бир аз алыста болгондуктан айыл ичине каттоочу таксилерди карадым, ошол убак «азыр мына машине кетет, отура тур, өзү кайда кетти экен?» - деп мени бир машинеге отургузуп коюшту бир убакта карасам шаша-буша Асан келе жатат, мен машинеден түшүүгө шаштым, арыктап көз айнек такканымданбы Асан мага маани берген жок, «отур, чоң кыз,

кеттик» - дегенде:

- Асан, сенсиңби? Мени тааныдыңбы? - деп көзүмдөгү көз айнегимди алып карадым, ал да мени карап:

- Сенби? Чын эле сен келдиңби? Эмне болду сага? Сени ким кыйнады мынчалык, ким? - деп бир кыйла тиктеп калды. Мен өзүмдү кармай албай ыйлап жибердим, ал болсо көзүмдүн жашын арчып:

- Кой, ыйлаба, сенин ыйлаганга акың жок! Сен мени дале сүйөсүңбү? Мени кечирчи! Сени өзүмдүкү кыла албадым, мен алсызмын, өтө-өтө алсызмын, ошол себептен көчөдө жүргөн кызга тутулуп өз бактымды ага байлап бердим, сен уксаң керек, мен үйлөнүп алдым, мен аны сүйбөйм, болгону адашуу жолго барып, аны менен бирге болгом, ошол күнү менден боюна бүтүп калыптыр. Бала сенден деп үйгө келип алган, түндө жанына да жатпайм, эми сени мага беришпейт, эч качан! - деп тишин-тишке басып кара көздөрүмө кадала тиктеп калды, мен ага болгон нерсенин баарын, көз айнекти да тагып калганымды айттым. Ошол күнү эч жанынан кете албай турдум, мен үйгө келип калдым, ал болсо телефон номеримди алып кеч чалаарын айтты, мен макул болуп үйгө кирдим. Апамдар баарысы мени күтүп отурушкан экен, үн сөзүм жок кирип бардым, апам байкуш кучагын жайып бооруна кысып чайын даярдап алдыма сунду, эч нерсе жегим жок, болгону кара көзүм жалдырап жаш гана толуп агып турду:

- Кызым андай кылба! Сен да өз бактыңды табасың, сени сүйгөндөр көп неге бир эле Асан үчүн жашайсың? Анын башкалардан эмнеси артык, айтчы, биз сен үчүн жашасак сен болсо бир жигитти деп... абалыңды карачы!? Кандай болуп калганыңды билесиңби, кызым? - деп ичине батпай көнөктөп ыйлап алды, а мен болсо бир гана Асанды эстеп турдум. Ошол күнү түн бир оокумда телефонума коңгуроо келди, карасам башка номер экен:





- Алоо

- Мен, Асан, чыга аласыңбы? Эшигиңдин алдында турам, чык бир азга! - дегенде жаткан ордумдан ыргып туруп, эшикке чыктым, карасам күйүтүнөн ичкен, мени боруна кысып «Сен мага керексиң, сени сүйөм, сени гана! Мени таштап кетпечи?» - деп ыйлап алды, анын бул абалын көргөн жаным өзүмдү кармай албай:

- Неге ичип алдың? Сени ким мындай абалга салды?

- Айтчы, неге биз бирге боло албайбыз, неге? Мен ушунчалык жаман адам болсом керек, ошол үчүн сени мага беришкен жок, мен сени канчалык сүйүшүмдү эч ким билбейт! Сен мени таштап кеткенде бүгүн кандай мас болсом, ошол күнү дал ушундай мас болгон элем! Неге сен кетип жаткан күнү сага коштошкону келген жокмун билесиңби? Мен келдим, жанакы агаң мени токмоктоп, сени менин айымдан чет жакка кетирип жатканын айткан. сен ошол күнү менин үйүмө бардың, мени күтүп турдуң, ошол күнү ошол саатта мен сага көрүнбөй сени карап сен менен коштошуп турган элем. Эми сен да бактылуу бол, өз бактыңды тап, менин аялым бар! Аны сүйбөсөм да ал мага наристе төрөп берет, жакында жарык дүйнөгө менин балам келет! Ошондо аны сүйүп калсам керек, эми үйүңө кир, мени башка эстебе, мен да сени унутканга аракет кылам, үйгө да барба, мени түшүндүң а? Кош, бакыт каалайм! - деп артты карай бурулуп көзүнөн жашы куюлуп ыйлап кетип калды, мен болсо баарын ойлонуп:

- Сен, кетип жатасыңбы? Чын эле мени таштап кеттиңби? Менчи? - деп эриндерим титиреп үйгө арандан кирип жатып өзүмдү жоготуп койдум, ошол күндөн баштап абалым оорлошуп, ооруканага түшүп калдым, өзүмө келе алган жокмун, ооруканада беш күн жатып эч бир өзгөрүү болгон жок, бир күнү абалым оор болуп жатсам жаныма Асан келип көргөн көзүнө ишенбей башын чай-

кап ыйлап турду, бир убакта:

- Мени кечир! Мени деп болду! Мен кыздуу болдум, атын Акманай деп атап койдум, сени унуткан жокмун, сени сүйөм десем, Акманай өз жанынан үзүлүп бул жашоодо мен үчүн келип менин колумдан жан бергени жүрөгүмдө өкүнүч болуп калды. Бул сыр дүйнөнүн баарын Акманай өздүк күндөлүгүнө жазып жүргөн экен, баары өтүп, баарына кеч болгон соң анын апасы мага «бул күндөлүк Акманайдыкы, анын ичи бир гана сен деп соккон жүрөк менен жазылган сөздөр экен, аны унутпачы, сураныч! Сен бизди кечир, уулум! Кызым ушунча аз жашаса да, аны бактылуу кылган бир гана сен экениңди эми түшүндүк, бактылуу бол!» - деп жүрөгүмдү ыйга салып кетти.

Акманайдын бул күндөлүгү менин жүрөгүмдө бир өмүр жашап калат, акыркы сапарга узатуу, аны өз койнума эмес, кара жер кучагына өз колум менен коюп бердим. Менин турмушум башка менен, а жүрөгүм Акманай менен кошо кеткендей кара жер түбүндө түбөлүк уйкуда ал менен бирге жатат.







# АЧУУ ЧЫНДЫК

Жаркылдаган жаштыктын күндөрүндө окуу жайдагы курбуларым айткан сүйүүлөрүнө суктанып, мен да ошол курбуларыма окшоп өз сүйүүмдү тапкым келген. Жаз жаңырып, гүлдөр жайнаган убак эле, жүрөгүм сүйүү көксөп, кыялым алыс жактарга алып учуп жүргөн, адаттагыдай эле факультеттен чыктым жана гана себелеп өткөн жаандан улам ойлорум обого көтөрүлүп таза сезимдер пайда боло баштады.

Ошол күнү курбулар өзүбүзчө чогулуп отурмай болдук, негедир көңүлүм көтөрүңкү кубанычта болдум, курбулар менен бир кафеге кирдик. Ал жерде бир кыйла аны-муну сүйлөшүп отуруп сааттын жебеси да бир кыйлага барган экен, курбулар менен чогулуп ал жерден чыктык, биз аялдамада такси күтүп турдук, курбу кыздар бирден кете башташты, эрте менен себелеген жаанды улай жаан да бир аздан себелей баштады, негедир такси жок, көпкө күтүп калдым, бир убакта алдыма машине келип токтоп калды, ичиндеги күлмүңдөгөн жигит мени карап:

- Чоң кыз, кетесизби? Жеткирип коюн?

- Ооба, - деп анын машинесине отурдум,

- Чыкканыңызга бир кыйла болгон окшойт, үшүп да калыптырсыз? - дегенде мени күзгүдөн карап жатканын байкап калдым,

- Жок, жаңы гана чыктык, - деп жолдо бара жатып таанышып да алдык. Ошол күнү үйгө жеткенде ал мени карап:

- Кайсыл бир жерде жолугуп калсак, саламыбыз түз болсун салам бергенди унутпа? Өзүңө жарашкан сулуу кыз экенсиң, макул, тынч бол, карындашым! -деп акча берсем

- Жөн кой, мен таксист эмесмин сенден акча ала турган, - деп өз жолун улай айдап кетти. Мен акча бербегениме сүйүнүп «жакшы ага экен» - деп сүйүнүп үйгө кирдим, ошентип ар бир кайталама күндөрүм өтүп жатты. Бир

күнү сабакка шашып жатсам, алдыма машине келип токтоп калды, карасам жанакы мени үйгө таштаган ага мага күлүп карап:

- Сага салам бере жүр деп айтпадым беле? Кандайсың? Отур, кайда жөнөдүң? Таштап коюн? - деп машинесинин эшигин ачты, мен окуу жайга шашып жатканымды айттым, ал болсо «макул сени таштап өтөйүн» - деп мени окуу жайга таштады. Ошол күндөн баштап ал ар күнү эрте менен мени окууma жеткирип, анан өзү жумушуна кетчү болду, негедир күндөн-күнго ага жакын боло баштадым, күндө аны күтүп ал менен окууга бармай адатка айланды. Биз бара-бара бири-бирибизге андан да жакын болуп, ансайын анын көз карашы жүрөгүмө баткандай сезиле берди, күндө аны көрбөсөм көздөрүм сокур, ансыз жашоо жоктой, ал кайда экенин тез-тез билип турчу болдум. Биз жолукканда ар кандай эс алуучу жайларга барып, кызыктуу оюн-зоокторду көрүп, андан соң кафеге кирип сүйлөшүп отурчубуз.

Ошол күндөрдүн биринде ал окуу жайыма келип менин чыгышымды күтүп турган экен, мен Бакыт менен таанышып, бактылуу күндөрүмдү жакын курбу кызым менен тең бөлүштүм, досум сүйүүмө сүйүү кошуп бир канча жакшы сөздөрүн айтып экөөбүз сырттты көздөй бастык, бир убакта артымдан

- Акданек? - деп артымдан бирөө чакырып калды, карасам Бакыт экен аны көрөөр замат көздөрүм жанып кубанып кеттим.

- Сиз келдиңизби? Мени көпкө күтүп калгансыз го? - деп аны курбу кызым Зейнеп менен тааныштырдым. Зейнепти көргөн Бакыт башкача боло түштү, ошол күнү «жүргүлө айланып келебиз?» - деген сунушун айтты, курбу кызым «жок, менин башка иштерим бар, башка күнү жолугаттырбыз!» - деп кетип калды. Курбум кеткенден кийин Бакыт





«Курбу кызың татына, сулуу экен!» - деп көз артып башта-
ды, аны кызганып кеттимби, айтор негедир жиним келип
кетти, ага байкаткан жокмун, болгону «ооба, ал абдан су-
луу кыз, менин досум да мага окшоп татына» - деп жолго
түштүк, ал күнү айланып басып кафеге кирдик, ал жерде
«Сен мага жагасың, мен сени сүйөм!» - деп сүйүүсүн арна-
ды, мен андай нерсени күтпөгөн жаным өзүмдү коңрго жай
таппай мен да сени сүйөм, мага жагасың деп күлүп бакты-
луу болдум, ошол күнү менден өткөн бактылуу инсан жок.
Ошол жерде бир канча убакка чейин отурдук. Андан кий-
ин мени үйгө таштап өзү кетти, мен үйгө кирип чын эле ал
мени сүйөт, чын эле мен бактылуу болом, сен менен бирге
өткөргөн бактылуу күндөрдү эстеп бактылуу болуп жатып
уктадым. Эртеси күнү маанайым жакшы болуп сабакка
бардым, ал жерде курбу кызым менен сүйлөшүп отурсам
телефонума коңгуроо келип калды, карасам Бакыт куба-
нып кетип ызылдаган курбуларымдан бөлүнүп чыгып ал
менен сүйлөштүм:

- Бүгүн кечинде бир жайга барабыз, даярданып тур, сени үйдөн алып кетем.

- А кайда барабыз?

- Барганда айтам, сен болгону даяр бол!

Ошол күнү кеч киришин чыдамсыздык менен күтүп,
бүгүн да бактылуумун, мындай бактылуу күнүм көпкө
узаса! - деп ичимден кубанып жаттым. Мен күткөн саат
да келди, кеч кирип калганда телефонума чалып «мен
келдим, чык» - дегенде кубанып сыртты көздөй жүгүрүп
чыктым, мен күткөндөн да башкача, сүйүүмө сүйүү кошуп
абдан сулуу болуп калыптыр. Аны көрүп өзүмдү андан да
бактылуу сездим, мен Бакыт менен бир өмүр бирге болуш-
ка макулмун, себеби Бакыт мен күткөн инсан. Ичимден
бир кыйла башкача ойлорго чөмүлдүм. Бакыт мени карап
«кел, жаным» - деп саламдашып жүзүмдөн сүйүп, маши-
несинин эшигин ачып мени чыгарды, мен шаша кетип:

- Кайда барабыз?

- Барганда көрөсүң, шашпачы мамалагым, бүгүн биздин бактылуу күнүбүз! - деп күлүп койду, анын ар бир сөзү, жылмайган жүзү менин сүйүмө ансайын сүйүү кошуп өз сүйүүмдү арттыра берди. Мени айлантып, андан соң бир үйгө алып барды, карасам столдун үстү жасалган жагымдуу музыка коштоп турду, мындай сезимди, мындай нерсени күтпөгөн жаным өзүмдү башкача сездим. Негедир бул күндөр башка келбөөчүдөй өз бактымды тапкандай кубанып жаттым, ошол күнү ушул бакыттын акыркы күндөрү экенин билгенде! Эх! эч качан ал күнгө барбайт элем.

Ошентип, шам жагылып, шампан атылып, жагымдуу музыка коштоп турду, ошол саат, ошол мөөнөттөр бактылуулукка айланып жүрөгүм огунан чыгып кетчүдөй согуп баштады. Ал убакта мени жагымдуу музыканын коштоосунда жеңил бийге тартып, жүзүмдөн сылап, белимден кучактап өз демине азгырып алды. Мен канчалык ал сезимге баш ийбейин десем жүрөк башкарып, акылдан адаштырган махабатты, күч башкара албайт экен, ал сезимге баш ийбеске аргам да жок эле. Мени азгырган көздөр, жүрөк сүйгөн сөздөр улам кулагыма жаңырып турду:

- Үйгө кетели, саат да бир кыйла болуптур

- Жок, бул жерде жалгызбыз, сен жана мен, коркпо, эч ким келбейт, - деп өз бооруна кысты, анын мындай күчүнөн өзүмдү башкарып чыга алчу эмес элем.

Ошол күнү эч кайда кете албай махабаттын улуулугуна ишенип, аны менен бирге болуп кала бердим, эртеси эмне болгонун билбейм, карасам жанымда жатат, анын сулуу жүзүнөн сылап:

- Турчу, кетели!

- Азыр кетебиз, кайда шашып жатасың? - деп кайрадан мени кучактап жатып алды. Негедир баары бошогонсуп бир кыйла ооруп да калыптырмын, ал күнү эмне болуп кеткенин да билбей:





- Кайрадан кетеличи?

- Сени эми таштап кетсем эмне кыласың? Мени издейсиңби? Ыйлайсың да э? - деп күлүп койду, мен ал сөзгө маани бербей...

- Сиз меникисиз, биз эми бактылуу болобуз! - дедим.

Бакыт эч бир сөз сүйлөбой ал жерден эч нерсе болбогондой чыгып мени үйгө таштап:

- Мага чалба! Мен сени өзүм табам! - деп машинесин катуу айдап кетип калды. Негедир бир жерим ооругандай кыйнала бердим, көрсө баш айланткан бул махабатка азгырылып өзүмдү алдырып койгон экем.

Күнүм күтүү менен өтө баштады. Бакыттан бир да кабар жок, телефон чалам, өчүк болуп туруп алды. Баарын таштадым, сабакка да барбай койдум, бир күнү курбу кызым телефон чалып:

- Кайдасың? Эмнеге келбей жатасың?

- Ооруп калдым.

- Сага бир нерсе айтышым керек, сен сүйлөшкөн Бакыт мага кат таштап кетти, ал сени абдан издеди, ага башка жолукпашың керектигин айтты. Эмне болду өзү? - дегенде ичимден бир кубансам капалык да артынан коштоп турду.

- Досум, мага катты алып келип бере аласыңбы?

- Макул, сабактан кийин барам анда! - деп телефонду өчүрүп койду.

Анын келишин күтүп улам-улам телефон чала бердим, өзүмчө кур ойлордун кучагында катта эмне деп жазган экен, сени алам жолугалы десе керек. Анда эмнеге телефону өчүк, же жоготуп алган окшойт, мен аны сүйөм деп ошол күнкү жылуу сезимдин дагы келишин күтүп. өзүмчө бактылуу болуп жаттым.

Бир убакта курбу кызым келип катты берип:

- Дос, эми аны издебейт экенсиң, ал башка сени менен жолугушууну каалабайт экен!

- Эмнеге? Эмне деп жатасың? - деп көзүмдөн жаш куюл-

луп кетти.

- Ооба, ал сени башка көргүсү келбейт экен, анын башка жактырган кызы... Жок, андай болбосо керек!? Сага эмне болду? Эмнеге ыйлап жатасың? Ал эмнеге сени тандаган жок? Ортоңордо эмне бар эле? - дегенде досумду кучактап ыйлап жибердим. Зейнеп болсо көзүмдөн жашымды арчып:

- Болду, ыйлабачы, баарын мага айт! - деп катты ачып окуду. Катта мынтип жазган экен.

«Акданек, мени кечир! Мен сени менен жөн гана көңүл ачуу үчүн сүйлөшкөм, билем, сен мени сүйгөнсүң, билсең, күткөнүм башка, ачыгы менин үй-бүлөм бар, алар жакында башка өлкөдөн келди! Эми мени издебесең да болот, намысыңа тийгеним үчүн кечир! Ошол түнү өзүмдү кармай албай калдым башка мага кайрылба!» - деген экен.

Досум бул нерсени окуп угуп таң калып калды:

- Эмнеге андай жолго бардың? Кантип ишендиң андай адамдарга? - деп күйүп-күйүп кетти.

- Зейнеп, эми мени дос кылбасаң да болот! Мен бир бала үчүн баарымды бердим, аны сүйдүм ага ишендим, Бакыт менен бирге болгон түнүм кандай болуп кеткенин өзүм да билбей калдым! - деп ыйлап жаттым. Болду, баары өтүптүр, эми бул жагы жакшылык менен бүтсүн! Кел, милицияга баралы, сезим менен алдап ойногон кандай болгонун көрсөтүп коңлу, милициялар ага өз жазасын берсин! - дегенде аны ал кыйноолорго ыраа көрбөй:

- Жок, досум, мен андай кыла албайм, мен аны сүйөм! Ал мени таштап кетсе да күтө берем деп ыйлап жаттым.

- Макул, өзүң билесиң, мен кеттим, эртең сабакка барганды унутпа! - деп чыгып кетти. Ал кеткенден кийин неге андай кылдың? Мени таштап кеттиңби? Жок, мен сени унута албайм, сени табышым керек! - деп ал сезимге баш ийбей, кайгымды каптаган караңгыга баш ийип отуруп калдым. Жок дегенде бир жолу жолуксаң эмне болот!?





Кайдасың? Караанынды алыстан болсо да бир көрсөм кана! - деп баарын таштап, артындан издеп кетким келди, кайда барам, дареги жок, улам-улам телефон чалам, эч ка-бар жок, өчүк боло берди.

Кантем, тагдырдын табышмагы мени өз жолуна айландырып салып алды, ички сырымды эч кимге айта алган жокмун. Бир күнү апам телефон чалып:

- Кызым, айылга келесиңби? Үйгө сени сурап келип жатат, эмне дейсиң? - дегенде Бакыт эсиме түшүп кетти.

- Жок, апа, менин жигитим бар, ал менен жакында барабыз алдыңызга! - деп жалган сөздү айтып өчүрүп койдум. Мен алданган күндөн баштап эч ким жүрөгүмө жакпай калгандай эч бир жигит менен таанышкан жокмун.

Зейнеп экөөбүз кафеге кирип ал жерде бир канча сүйлөшүп отурдук, аңгыча ары жактан бир жигит келип курбу кызым Зейнеп менен саламдашып биз отурган катардан орун алып отуруп калды, бир убакта анын көзү Бакыттын көз карашын элестетип жиберди, курбу кызым «бул менин жакын курбум» - деп мени тааныштырды, ошол убак менин атым Ислам деп колун сунду. Ал жигит Зейнептин агасы болот экен. Ал мени бир кыйла тиктеп отурду, анын көз карашы мага жылуу сезим тартуулагандай башкача боло түштүм, ал жерден чогуу чыктык, Ислам «алгач сени жеткирип анан Зейнеп экөөбүз өз жолубузга түшөлү» -деп мени үйгө жеткирип коюшту. Ошол күнү түн бир оокумда телефонума коңгуроо келди, алсам:

- Кандайсың? уйкунду бузбадымбы? Мен Ислам, - деп сүйлөй баштады, мен андан өзүмдү алыстатып сүйүп калыштан коркуп жүрдүм, ал менен канча жолу жолуксам андан өзүмдү алыстата берчүмүн, анын ар бир сөзү мени эркелеткени Бакытты эстете берчү эле, анын бара-бара мүнөзү мени өзүнө тартып алды, мен Исламга ачыгын айта албай келем курбу кызыма айтуудан да тартынып

жүрдүм. Көрсө курбу кызым ага баарын айткан экен ал мени канчалык сүйгөнүн билбейм, бирок баарына макул болуп мени тандап, мени сүйүүп калганы табышмак бойдон калган, көрсө жашоодо «Кыз сүйсө калат, жигит сүйсө алат» - деген макал туура айтылганына ишенип келем. Бизди бактылуу күндөр коштой берди, бара-бара Бакытка болгон сезимди өчүрүп, күндөлүктүн жаңы бетин ачкандай Исламга көңүл бөлүп аны сүйө баштадым Бакыт менен бирге өткөргөн күндөрдү эч эстегим келбейт. «Исламга ачыгын айтсам таштап кетет, анын жолу бөлөк, ал мага үйлөнө албайт» - деп аны жоготуп алуудан коркуп жүрдүм, бир күнү Ислам:

- Акданек, мага турмушка чыгасыңбы? - деген сунушун айтты. Ал сөздү угаар замат эч бир жооп айта албай жер тиктеп туруп калдым, ал сөздү угуу бир четинен бакыт болсо, экинчи жагынан жүрөктөгү арман сыяктуу. Бир да сөз айтпай көздөрүнө кадала тиктеп калдым, бир убакта:

- Ислам, мен-мен деген сөздөн башка сөзгө оозум барбай, айта албай койдум.

- Макул, сени түшүнөм, кыз бала турмушка чыгам деп айтмак беле ээ, менин да эсим жок сенден сураган! - деп күлүп койду. Ага кантип айтсам, ал мени туура түшүнөт бекен? - деген ойлор бүт кыялдарымды бийлеп алды. Орунсуз ойлор мени ар дайым кыйнай берчү болду кантем? Ал мени таштап кетсе эмне кылам? Ансыз кайрадан жалгыздыкка көнөмүнбү? - деген ойлордун арасында жүрдүм, негедир ал менден алыстагандай сезилди. Бир күнү жолукмай болдук, ага жолугушуу мен үчүн кайгысы, бакыты да бар сүйүүгө айланган сезимдер болчу. Мен аны көрдүм, ал мага алыстан карап турган экен, Баарын уккан го деп бир кыйла ойлонуп туруп калдым, кадам таштай албай муундарым титирей баштады, негедир андан сүрдөгөнсүп карап тура бердим. Ал алыстан мени карап туруп андан соң





арандан жаныма келди. Мени көпкө тиктеп турду, мен баарын сездим, бетине тик карай албай артка кадам таштап кетүүгө камынып жаттым, бир убакта:

- Эмнеге, баарын башында айткан жоксуң? Мен сенден эмес, башкалардан угушум керек беле? Мен ишенген жокмун, алардын сөздөрү жалган деп, ээ... көрсө баары чын, чын экен да. Сен үчүн унутуу таштап кетүү оңой болсо, кет, кете бер! Мен алдыңды тоспойм! - деп туруп калды, мен намысыма чыдай албай басып кетүүгө аргасыз болдум. Бакытка ишенип алданып калганым өзүмө муш болгондой ыйлап бараттым, ал болсо машинеси менен алдымдан чыга келип, кызыл гүлүн сунду, ошол кезде мен ага:

- Сен айткандай, менде адашуу болгон, чын, мен аны жүрөгүм менен сүйгөн элем, бирок, кечир, мен сенин теңиң боло албайм! Бактылуу бол, бактыңды башкадан изде! - деп ыйлап жибердим.

- Жок, менин бактым сенсиң, сен кандай кыз болсоң да мен сени алам! Келин менен кыздын айырмасы жарым кашык кандадыр. Менин жубайым болчу? Ачыгы ал нерсени башында эле Зейнептен уккан элем. Мен сенден башканы сүйө албайм, кел турмуш куралы? - дегенде, эмне кылаарымды билбей туруп калдым.

Арадан күндөр өтүп биздин баш кошуу күнүбүз да кирип келди, мен бактылуумун деп ак көйнөктү кийгенде бир башкача сезимге толгонуп турдум, бир четинен эми Ислам апаларына эмне дейт, менин алданып калганымды аларга кантип айтмак! деп өзүмчө кыйналып турдум, той тарап баары аягына жетип келди, бир убакта нике түнүнө кирүүгө саат да айланып жетип келди, мен тынымсыз ичимден тызылдап коркуп турдум. Ислам мага келип сен кыжаалат болбо, баарына өзүм жооп берем, бизди эч ким пайлакүтпөйт деп күлүп койду. Чынында бизди эч ким пайлаган жок, көрсө Ислам баарын өз мойнуна алып жалгандан «Биз качан эле турмуш куруп алганбыз» - деп айтып,

ушул нерсе үчүн Ислам үй-бүлөсү менен бир канча тартышып, жүрүп баарын жеңип чыккан экен. Менин турмушум жакшы боло баштады, аны менен абдан бактылуу болуп жүрдүм, убакыт учкан куштай зымырап өтүп жатты. Ислам жалгыз уул болгондуктан мени эрке келин деп кайненем, кайнатам да жакшы көрчү, менин каныймдагы андан болгон таза наристе күн санап чоңоюп жатты, мен чындык бакыттын даамын эми таттым окшойт. Ислам экөөбүз эс алуучу жайларда жүрсөк алдымдан Бакыт чыгып калды, негедир баштакы мен сүйгөн Бакыт жок. Кара көзүн жалдыратып жардам сурагандай мени тиктеп туруп калды, мен аны көрөөр замат денеми муздак суу куйгандай титиреп кеттим. Көрсө Бакыт турмушу менен ажырашып, көчө кезип жалгыз аяк калган убагы экен, а менин турмушум бактылуулук менен улана баштады.







# МАХАБАТ СЫНАГЫ

Жашоо кандай гана керемет кооздуктар менен жасалган! Негедир ар бир күнүмө кайдыгер карабай бактылуу турмуштун кучагында сезим толгоосу менен жашап келем. Ооба, жашоонун сулуулугуна мен гана эмес, тирүү жандын баарысы тоң албаса керек. Ар бир адамды сезимине байлаган сүйүү арбап келет, дегеле жашоодо бардык жанга мыйзам бирдей болсо керек? Эх! Мындай жашоонун маңызы кандай? деп сурасак эч бир жан жооп бере албас, анткени бул жашоо жообу жок табышмактуу сезилет.

Менин жашоом бактылуу балалыктын кучагында өттү, анткени ата-энем мени эч бир нерседен кем кылбай, кичине кезимден көңүлүм көксөгөн нерсени кылып, эмне десем баарына макул болуп чоңойтушту, жашоонун агымы менен мен да чоңоюп бой жетип калган мезгилим эле, өзүм сүйгөн окуу жайга тапшырып мыкты кесиптин ээси болдум десем да жаңылышпайм, анткени бул турмушта бизди ар кандай нерселер күтөт эмеспи, алардын баарына даяр болушубуз да кыйынга туураары чындык. Кээ бирине күч берип жеңе алсак, кээ бирине алсыздык кылып көздөн жашыбызды агызып келебиз, жашоодо мен бир гана нерседен көп жабыр тарттым, ал нерсе махабат сезими.

Мен жаңыдан гана окуу жайга тапшырып, ал жактан ар кандай адамдар менен таанышып өзүмө достук ашырдым, алар менен тез-тез байланышта болуу үчүн интернет тармактарына кирип жаңыдан жайылган агент тармагын ачтым, алгач киргенде анча кызыкчуу эмес элем, бара-бара ал көнүмүш адатка айлангандай кирбей койсом убакыт өтпөөчүдөй сезилип ал жакта мени бирөө

күтүп жаткандай шашып кирчүү болдум, жанакы байланышкан гана достор эле, ошол күндөрдүн биринде бейтааныш бир баладан таанышуу баракчасы келди, алгач эле аны досторумдун катарына кошуу үчүн анын өздүк баракчасына баш багып карап көрдүм, негедир көзүнөн жылдызы жанган сулуу мырза экенин байкадым да, аны досторумдун тизмегине кошуп алдым. Өзүм жазуудан тартынып ага эч бир сөздү жазган жокмун болгону тизмегиме гана кошконум болуп турду бир күнү андан:

- Салам! Кандайсын? Сен менен таанышууга мүнкүнбү? - деген смс келди, анын катын окуп ага жооп жазууга ашыгып жаттым, ошол күнү ал менен таанышып убакыттын канчалык тез өтүп жатканын байкабай да калыптырмын, ал менен бир кыйлага чейин сүйлөшкөнүм улана берди, негедир көңүлүм сүйгөн адамдай, ага көнүп калдым, күндө таңда-кеч агент тармагы менен байланышып турчу болдум, бара-бара ага абдан көнүп калдым. Ал агентте жок болсо негедир маанайым чөгүп ичимден таарынып, ыйлаган да күндөрүм башталды.

Бир күнү аны чыдамсыздык менен күттүм. Бирок, ал кирген жок, өзүмдү-өзүм токтото албай, ал кайда? кимдер менен жүрөт? Эмнеге мени эстеген жок? деп ар кандай ойлорду ойлоп, күтүп жатып уктап калыпмын, эртеси мен түшүнө киргендей эрте менен кирип:

- Салам! Кандайсың? Кандай эс алдың? Сени абдан сагындым! - деген смсин окуганда өзүмчө сүйүнүп, ал кирди, ал мени таштаган жок, ал мени сагыныптыр, мен аны сүйөм! деп бакырып кубанып кеттим, ошол күнү кечке аны менен жазышып күнүм кубанычтуу өттү, көрсө биздин агент аркылуу сүйлөшүп сүйүшкөнүбүзгө да бир жылдын жүзү болгон экен.

Бектур мага мынчалык жагып калганын, ал кандай жүрөгүмдү ээлеп алганын өзүм да түшүнбөй калган





элем, биз бири-бирибизди көрбөсөк да бири-бирибизге ар кандай болуп түшкөн сүрөттөрүбүздү жиберип тез-тез жазышып турчу элек, бир күнү мен неге Бектур мага чалбайт деп ойлоп ага өз номеримди калтырдым, бошогондо чал, сүйлөшөлүчү, телефон менен үнүңдү уккум келди, мен сени жактырам, күтөм! деген катты жазып калтырдым, бирок андан кабар жок. Аны күтүп түн бир оокумга чейин отурдум, бир убакта ал кирип:

«Кечирчи, жаным, мен бошобой жатам жумуштан, телефон номериңди калтырыпсың бир күнү чалам, капа болбо, чалам, бирок сен күтпөгөн мезгилде! - деген билдирүүсүн окудум, мен жөн гана:

Күтөм сени чыдамсыздык менен! деп калтырдым. Ошентип күнүбүз-күнгө, айыбыз-айга уланып өтүп жатты. Андан күндө коңгуроо күтчү болдум, негедир кабары жок, бир күнү бир бейтааныш номер коңгуроо чалып калды, мен Бектур окшойт деп кубанып:

- Алоо, алоо ким бул? - десем эч бир жооп жок үн катып сүйлөбөй тура берди, мындай нерсе бир канча жолу кайталана берчү болду, мен таң калып сынап, тийишип жаткан балдар болсо керек деп кайрадан чалчу эмес элем. Мага кызыккан канчалаган жигиттер көп болсо да оюмда бир гана Бектур туруп алган эле, бир күнү агенттен:

- Бектур сен мага чалбадыңбы? качантан бери бир номер чалып жүрөт сен бербедиңби?

- Жок, эмнеге?

- Чалат, эч бир сүйлөбөйт.

- Билбейм, дегенинен эртеси күнү ал номерге кайрадан чалдым, башка бирөө алып:

- Ким чалганын билбейм, адашып калса керек, - деп өчүрүп койду. эч нерсеге түшүнбөй кала бердим, ал номер мага күндө чалууну адатка айлантты, мен ал нерсеге маани да бербей калдым, ошол күндөрдүн биринде Бек-

тур:

- Жаным, мен кандай бала болсом да мага турмушка чыкканга макулсуңбу? Эгер мен сүйлөй албасам мени сүйөсүңбү? Сүйө алат белең? - деген күтүүсүз сөздөрдү жазды, эч нерсени көңүлүмө албай:

- Мен сени сүйөм! Ошол мага жетиштүү, сенден башкасы керек эмес! - деген смс жибердим,

- Чын элеби? Мен сага ишенем, мен да сени сүйөм! - деп калтырды. Ошол күнү ошол сөздөр менен өзүмчө бактылуу болуп жатып уктадым, бизге бара-бара коюу түн койнун ачкандай агентте сүйлөшүп таңды атырчу болдук.

- Качан көрөм сени?

- Жакында.

Улам сүйлөшүп жаттык, мезгилдин шамалы улам айдап бат өтүп жатты, экөөбүз жолугушчу күн да жетип келди. Ошол күнү негедир кубанып өзүмдү бактылуудай сездим, андан телефон чалуусун күттүм, бирок ал «телефон чалбай эле экөөбүз агент аркылуу гана жолугушалычы» - дегенине мен макул болуп эс алуучу жайлардын биринде жолугушчу болдук, мен ошол айткан саатта ошол жерге бардым, аны күтүп отуруп ага смс жаздым:

- Бектур, сен келдиңби? Кайдасын?

- Ооба келдим, сен кана?

- Мен мында отурам

- Кызыл көйнөк кийген сенсиңби?

- Ооба, сен жоксуң го?- десем жанымда отурган экен мен аны таң кала карап:

- Мына мен! - деп жазганда, анын жүзүнө тигиле карадым:

- Чын эле сенсиңби? Анда неге сүйлөбөйсүң? - дегенде ары жактан бир бала келип калды, мен түшүнбөй туруп калдым алар өздөрүнчө колдору менен бир канча





сөздөрдү сүйлөшүп жатышты, мен өзүмдү жоготуп тиртирей баштадым, ордумдан туруп кете албай же агентен өчүрө албай аны улам жалдырап карай бердим ошол күнү мага ким чалып сүйлөбөгөнү баары түшүнүктүү болду. Бир убакта жанакы жигит жаныма келип отуруп:

- Кандайсың? Сен Бектурдун сүйлөшкөн кызы экенсиң, мен анын досу болом, досум сүйлөй албайт, ал дудук, ага болгон сөздөрүң болсо мага айтышың мүмкүн, мен ага өзүм түшүндүрүп коюм, сендей сулуу кыздарды ал кайдан таап алат экен? - деп мага улам көз артып жатты, мен болсо жер карап ойлонуп Бектурду карасам эки көзүн жалдыратып улам мени карап отурган экен, бир убакта телефонума смс келди, карасам Бектурдан экен:

- Билем мындай нерсени күткөн эмессиң, ооба, мен сүйлөй албайм. Сенин абалыңды түшүнүп турам, мени таштап кете бер. Мен ансыз да сага капа эмесмин, жашоодо мендей жанга сендей сулуу кыздар эч качан тең эместир, түшүнөм, сезип жатам, коркуп жатасың, баарысы үчүн кечир! Эми кетсең болот, бактылуу бол! - деген смсин окудум. Көздөрүнө тигиле карадым, ал жашоодон ушунчалык азап тартканы анын көздөрүнөн жамгырдай төгүлүп, сөздөрдөй окулуп жатты, ошол убакта ар кандай ойлордун курчоосунда болдум. Неге жашоодо мындай адамдар бактылуу болушка акысы жокпу? Дүйнөнүн кеңдигине баткан инсан кантип бакыттын бактылуулук түн кучагына батпасын. Мен эми баарын түшүндүм, мага чалып сүйлөбөй турган жигит ушул Бектур экен да, ал менден сурагандa (Сен жанымда болсоң болду, башкасы мага керек эмес, мен сени сүйөм, кандай болсоң да сага турмушка чыгам) деген сөздөрүм башымдан миң чертилген кайрыктай айланып турду. Мен аны аңсыз көз караш менен карап туруп ага смс жаздым:

- Мен сени сүйөм! Сени таштап эч жакка кетпейм! Сен

мага жактың! - деп жазып жибердим, ал смсти окуган соң «чын элеби?» - дегенсип мени тигиле карады, а мен болсо башымды ийкеп, көзүмдү ирмеп мыйыгымдан күлүп койдум, ошол күнү жанымда отурса да агент менен сүйлөшүп көзүбүз менен бири-бирибизге сезимибизди билдирип жаттык. Мен ал күнү негедир үйгө кубануу менен кайттым, ошол күндөн баштап биз тез-тез жолугушчу болдук, ал менен ар күнү жолукканда ар кандай кызыктуу күндөр коштолуп жатты. Бектур менен бирге жүрүп дудукча сүйлөшкөндү да үйрөнүп алдым, негедир ага болгон сезим ансайын күчөп ансыз жашоо жоктой бактылуу күндөр коштолуп жатты.

Мен бир гана Бектур менен бактылуу болом деп өзүмө сөз берип алгамын, биз баштагыдан да жакын боло баштадык. Ошол күндөрдүн биринде телефонума коңгуроо келди, алсам:

- Алоо кандайсың? Мен Бектурдун досу болом, досумдун дудук экенин билесиң да, ал сүйлөй албайт, анан да анын ала турган кызы башка, ал менен башка сүйлөшпөй эле кой, мен сага жакшылык кылып айттым! - дегенде:

- Эмне? Ала турган кызы башка?

- Ооба, эмне сага айткан жокпу?

- Жок, ал эмне үйлөнүп жатабы?

- Ооба, кече апалары барып болуп келди. Той күнү да жакынкы күндөрү боло турган болуптур, сен капа болбо, мага айтып кой деп сурангандан сенин номериңди алып чалып жатам, билесиң анын сүйлөй албашын? - дегенде, эч бир сөзүнө ишенгим келбей телефонду өчүрдүм, ишенгим жок, баарымды тер басып, титиреп, эч нерсеге түшүнбөй туруп калдым. Жок, Бектур андай кылышы мүмкүн эмес, жок-жок, мен такыр ишенгим жок, ишенбейм сага, Бектур ишенбейм! - деп өзүмдү-өзүм токтото албай ыйлап жаттым. Ошол күнү агентке кирсем ал





жок экен, ар кандай смстерди анын почтасына жазып таштай бердим, көңүлүм түтпөй кайра кирдим, ал жок, ошол күндөн баштап Бектур суу жерге сиңип кеткендей кабары жок болуп кетти. Негедир мага анын дос баласы чалып «жолугалы, сүйлөшүп көрөлү» - деп туруп алды, мен көңүлүм жок, ал менен жолугушууга чыктым. Улук:

- Сен мага биринчи көргөндө эле жагып калгансың! Эмнеге бир бала үчүн ушунча көз жашыңды төгөсүң? Ал сени эмес, эртең аял болуучу жубайын бактылуу кылып жүрөт, сенин мындай аккан бир тамчы көз жашыңа арзыбайт го, кел, мага турмушка чык, эртең үйүңө ата-энемди жиберем! - дегенде анын көздөрү да, сөздөрү да Бектурга эч окшогон жок, аны карап кара көздөрүм жалдырап ыйлап жаттым да:

- Мен сенден бир нерсе суранам! Болгону жок дебегин Бектур менен мени азыр жолуктуруп койчу, анын үйү кайда? Айт, мен өзүм барам, аны көрбөсөм жашай албайм. Мен аны сүйөм, мени алып барчы!?

- Мен сага жакшылык кылып жатсам, сенин кылганыңды кара! Ал кайда экенин билбейм! Бар ошол дудук менен бактылуу бол, балдарың да сүйлөбөйт, кийин аттиң кыласың, бир сүйлөбөс бала үчүн ыйлап не кыласың? Өзүңө кел, уктуңбу? - деп жаагыма шапалак менен бир чапты, Менден эмнеси артык, ал баланын эмнеси? Мен сени сүйсөм эмне кылайын, ал үйлөнүп жатат, уктуңбу?! - деп бакырып жиберди, мен өзүмдү кармай албай ыйлап үйгө келдим, ал болсо артымдан бакырып кала берди. Үйгө келип Бектурдан үмүтүм үзүлбөй аны дале күтүп жаттым, бирок андан кабар жок. Арадан күндөр өттү менин эч нерсеге көңүлүм жок, баарынан чарчагандай кыйналып бир гана Бектурду эстеп ал менен бирге өткөргөн жайларга барып, анын кайрылып келишин күтүп жүрдүм, эч нерсеге түшүнгүм келбейт се-

беби анын мындай дайынсыз жоголуучу адаты жок эле же чын эле үйлөнгөн болсочу? - деп андан үмүтүм үзүлө баштады.

Бектур жок, агентке да кирбей койчу болдум, кирсем эле анын сүрөтү тамаша жазышкан сөздөрүбүз мени азапка салып ыйлата берчү болду. Артымдан калбай улам жүгүрүп жаткан Улукка макулдугумду берип, ал менен турмуш курууга ынанып калдым, ал менен канчалык жолугуп жүрсөм да, бир да Бектурга окшото албай келем, бир күнү үйгө анын апалары келип мага сөйкөсүн салып той күнүн белгилеп кеткени келишкен эле, ошол күнү негедир Бектурду кечке эстеп анан атын кайра-кайра адашып айтып жаттым, ичимден сагынгандыктан болсо керек, акыркы жолу сүрөтү менен коштошом деп агентке кирдим, карасам, ал мага смс жазган экен:

- Эмнеге мени күткөн жоксуң? Эми сенсиз кантип жашайм? Улукка макулдугуңду бериптирсиң, мендей дудук адамды эч ким сүйө албайт экенин билгем. Мен сени күтүп жүргөм, жашоодо мен дагы бир жакын адамымдан ажырадым, бири атам болсо, бири сен, сен да мени таштадың! Бул нерселер Улук экөөңдүн мага кылган оюнуңар экенин билбеген экем аттиң! Тагдырдын ушунчалык мерездигине, досумдун душмандыгына, жактырган кызымдын сатылгандыгына бүгүн ишенип отурам. Мага эми кандай жашоо болсо да кызыгы жок, бактылуу болгула! Сенин сүйүүң кар сыяктуу экенине ишендим! - деген смсин окуп Улук мени алдаганын, баары жалган экенин түшүндүм, кайрадан Бектурга:

- Жок мен сени таштабайм, эч нерсе болгон жок, мен ага турмушка чыкпайм, мени кечир! Келчи, жолугалы мен баарын сага түшүндүрүп берем, сени сүйөм! Мен сени ар дайым жолугушчу жайдан күтөм, азыр кел! - деп смс жибердим үйдөн чыгып баратсам апам көрүп калып:





- Кайда? Кайда барасың? Азыр сага сөйкө салышат!

- Апа, мен бул балага турмушка чыга албайм, мен андай жалганчы, досун душмандай көргөн, досунун бактысын жалган сөздөр менен өзүнө байлап алгысы келген адамга турмушка чыкпайм! Мени кечирсин, айтып койсун баласына! Сиз күткөн нерсе болбойт, апа, мен башка баланы сүйөм, аны азыр алып келем! - деп үйдөн чыгып кеттим. Көзүмдөн жашым токтобой улам кадамым шашкан сайын баспагандай ортодон бирөө мени башка жакка алып кетчүүдөй коркуп Бектурга шашып бараттым, ал жерге жеткенче ар кандай ойлорду ойлоп бастым:

Бектур мени кечиреби, ал мени түшүнөт бекен, кандай болсо да мен айткан жерге келсинчи! деген ойлордун курчоосу менен биз жолугушчу жайга келдим, ал жок, бир канча убакыт өттү, бирок андан кабар жок.

Эмнеге келбей жатасың? Эмнеге мени түшүнгөн жоксуң? Баарысы жалган сөздөр менен болгон нерселер, түшүнчү мени, Бектур! деп ал келгенче өзүмдүн ичимден сүйлөнүп жаттым, ары басып, бери басып эмне кыларымды билбей турсам, анын келе жатканын көрүп жүзүмө кубаныч кирди, аны көздөй чуркап бардым, ал болсо саламдашууга да көңүлү жок:

- Мени эмнеге чакырдың? - деп колу менен сүйлөдү, мен да ага жооп кайтарып баарын түшүндүрүүгө аракет жасадым, ал болсо шамалдын желине учкан чачтарымдан, жылуу колдору менен жүзүмдү сылады, ошол күнү мен аны апамдар менен тааныштырганы үйгө алып келдим, негедир маанайы түшкөнсүп улам мени жалдырап карай берди мен болсо ага колум менен:

- Биз бирге болсок баарын жеңип өтөбүз! Мен сени жакшы көрөм. Ошол себептен биз бактылуу болобуз! - деп күлүп койдум, а ичимден эми кантип апамдар менен тааныштырам, билем, апам, атам мындай балага бер-

бейбиз дешет, бирок мен аны сүйөм да, аларга баарысын түшүндүрөм! деп Бектурду үйгө жетелеп кирдим, алгач эле апамдар ал менен саламдашып

- Жылдыздуу жигит экенсиң! Атың ким? Кайдан болосуң? - дегенде ал мени тигиле карап калды, мен болсо шаша жооп бергенге шаштым, апам баарын байкап калгандай:

- Сен эмне сүйлөбөйсүңбү? Сен дудуксуңбу?

- Ооба, апа, ата ал сүйлөй албайт, биз бири-бирибизди жактырабыз, мен ага турмушка чыгам! - дегенде атам ачууланып:

- Өзүмө-өзүм чечим чыгарып болгомун де? Сага биздин кеңешибиз, биздин каалообуз кызыктырбайт экен да! Жок, кызым, мен сени мындай, дегенде Бектур ордунан ыргып эшикти көздөй чыгып кетти. Мен анын артынан чыгууга шаштым, бирок атам бир сөзү катуу киши болгондуктан эч кимибиз атамдын сөзүн эки кылган эмеспиз. Ошентип анын артынан да чыкпай, ата.., деп гана отуруп калдым, а атам болсо:

- Биз сени бир сүйлөбөс балага турмушка беребиз деп баккан эмеспиз! Неге жанакы балага жок деген жообуңду бердиң? Ушул бала үчүн баарынан кечтиңби!? Эгер бизди да кечсең, анда үйдөн чык да, ошол менен жашай бер, биздин сендей кызыбыз жок! – дегенде,

- Ата! мен аны жактырам, сүйсөм эмне кылайын? Ансыз жашоо жок менде, ата, ал сүйлөй албаса эмне болот, андай адамдар биздей адамдар менен жашап бактылуу өмүр сүрсө, анын кандай жаман жагы бар? Мен аны эч качан таштабайм! - деп эшикке чыгып кеттим .

Шамал булутту айдагандай, күндөр да айларга айдалыптыр, менин ал күндөрүм ый менен гана коштолуп өтүп жатты. Бектур менен да сүйлөшпөй калдым. Мындай мүнөзүмдү үйдөгүлөр байкап калгандай эч кимиси





жок экен, ар кандай смстерди анын почтасына жазып таштай бердим, көңүлүм түтпөй кайра кирдим, ал жок, ошол күндөн баштап Бектур суу жерге сиңип кеткендей кабары жок болуп кетти. Негедир мага анын дос баласы чалып «жолугалы, сүйлөшүп көрөлү» - деп туруп алды, мен көңүлүм жок, ал менен жолугушууга чыктым. Улук:

- Сен мага биринчи көргөндө эле жагып калгансың! Эмнеге бир бала үчүн ушунча көз жашыңды төгөсүң? Ал сени эмес, эртең аял болуучу жубайын бактылуу кылып жүрөт, сенин мындай аккан бир тамчы көз жашыңа арзыбайт го, кел, мага турмушка чык, эртең үйүңө ата-энемди жиберем! - дегенде анын көздөрү да, сөздөрү да Бектурга эч окшогон жок, аны карап кара көздөрүм жалдырап ыйлап жаттым да:

- Мен сенден бир нерсе суранам! Болгону жок дебегин Бектур менен мени азыр жолуктуруп койчу, анын үйү кайда? Айт, мен өзүм барам, аны көрбөсөм жашай албайм. Мен аны сүйөм, мени алып барчы!?

- Мен сага жакшылык кылып жатсам, сенин кылганыңды кара! Ал кайда экенин билбейм! Бар ошол дудук менен бактылуу бол, балдарың да сүйлөбөйт, кийин аттиң кыласың, бир сүйлөбөс бала үчүн ыйлап не кыласың? Өзүңө кел, уктуңбу? - деп жаагыма шапалак менен бир чапты, Менден эмнеси артык, ал баланын эмнеси? Мен сени сүйсөм эмне кылайын, ал үйлөнүп жатат, уктуңбу?! - деп бакырып жиберди, мен өзүмдү кармай албай ыйлап үйгө келдим, ал болсо артымдан бакырып кала берди. Үйгө келип Бектурдан үмүтүм үзүлбөй аны дале күтүп жаттым, бирок андан кабар жок. Арадан күндөр өттү менин эч нерсеге көңүлүм жок, баарынан чарчагандай кыйналып бир гана Бектурду эстеп ал менен бирге өткөргөн жайларга барып, анын кайрылып келишин күтүп жүрдүм, эч нерсеге түшүнгүм келбейт се-

беби анын мындай дайынсыз жоголуучу адаты жок эле же чын эле үйлөнгөн болсочу? - деп андан үмүтүм үзүлө баштады.

Бектур жок, агентке да кирбей койчу болдум, кирсем эле анын сүрөтү тамаша жазышкан сөздөрүбүз мени азапка салып ыйлата берчү болду. Артымдан калбай улам жүгүрүп жаткан Улукка макулдугумду берип, ал менен турмуш куруучу ынанып калдым, ал менен канчалык жолугуп жүрсөм да, бир да Бектурга окшото албай келем, бир күнү үйгө анын апалары келип мага сөйкөсүн салып той күнүн белгилеп кеткени келишкен эле, ошол күнү негедир Бектурду кечке эстеп анан атын кайра-кайра адашып айтып жаттым, ичимден сагынгандыктан болсо керек, акыркы жолу сүрөтү менен коштошом деп агентке кирдим, карасам, ал мага смс жазган экен:

- Эмнеге мени күткөн жоксуң? Эми сенсиз кантип жашайм? Улукка макулдугуңду бериптирсиң, мендей дудук адамды эч ким сүйө албайт экенин билгем. Мен сени күтүп жүргөм, жашоодо мен дагы бир жакын адамымдан ажырадым, бири атам болсо, бири сен, сен да мени таштадың! Бул нерселер Улук экөөңдүн мага кылган оюнуңар экенин билбеген экем аттиң! Тагдырдын ушунчалык мерездигине, досумдун душмандыгына, жактырган кызымдын сатылгандыгына бүгүн ишенип отурам. Мага эми кандай жашоо болсо да кызыгы жок, бактылуу болгула! Сенин сүйүүң кар сыяктуу экенине ишендим! - деген смсин окуп Улук мени алдаганын, баары жалган экенин түшүндүм, кайрадан Бектурга:

- Жок мен сени таштабайм, эч нерсе болгон жок, мен ага турмушка чыкпайм, мени кечир! Келчи, жолугалы мен баарын сага түшүндүрүп берем, сени сүйөм! Мен сени ар дайым жолугушчу жайдан күтөм, азыр кел! - деп смс жибердим үйдөн чыгып баратсам апам көрүп калып:





эч нерсе айткан жок. Бир күнү үйдөн чыгып жолдо баратсам алдымда Бектур турган экен, аны көргөн көзүмө ишенбей:

- Сен, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң? Тез кетип калчы, атам экөөбүздү көрсө билесиң, ачууланат! - деп колум менен көрсөтүп эки жагымды каранып коркуп турдум. Ал менин колумдан жетелеп басып кетти, мен болсо, колумду тарта калып:

- Кайда барабыз? Мени кайда алып барасың? Мени кечир, сендик боло албайм, мен үйдөгүлөргө каршы чыга албайм, сен да бактылуу бол! - десем ал мени карап колумдан жетелеп унчукпай кетип жатты. Мен эч нерсеге түшүнгөн жокмун, ал мени өз үйүнө алып барды анын үй-бүлөсү менен таанышып ушунчалык жөнөкөй бактын нуру бардай сезилип жатты, ал күнү анын ата-энеси менен таанышып, бактылуу болуп жатсам бир четинен атамды, апамды эстеп кыжалат болуп отурдум. Ошол күнү үйгө барсам атам ачууланып отурган экен, мени көрөөр замат:

- Кызым, мен баарысын сен үчүн гана жасап жатам, мен сага бир бала таап койдум, ага турмушка чыгасың! - дегенде, сөз оозума келбей туруп калдым, терс бурулуп өз бөлмөмө кирип жатсам:

- Токто! Ал бала ушул жерде, тааныш, сүйлөшүп көр, сени ушул балага турмушка берем, деп ачуу сөзүн айтты. Мен ал баланы карагым жок, кетип жаткан жеримден туруп калдым, а атам болсо:

- Эмнеге тетири карайсың? Мени кара, ал ушул жерде дегенде артымды карасам Бектур турат.

- Бул сенби? - деп кубанганымды, кайгырганымды билбей туруп калдым, көрсө атам анын үй-жайы менен таанышып, баарын билип алган экен.

Мен тагдырыма, жашоомо ыраазы болуп жашап келем,

себеби айрым адамдарга караганда мындай адамдардын бардыгы жашоонун жакшылыгын билдирип турааары чындыктыр. Кандай гана адам болбосун, жашоону бактылуулукка айланткан өзүнөн, анын мүнөзү менен адамдык асыл сапаты чечкиндүү тагдырга жетелеп келет.







# ЖАН СЫРЫМ

Жашоо кандай гана керемет! Жашоону эрте менен терезеге чыгып карап турсаң, күндүн бир учу көрүнөөр замат бирден адамдар чыгып шашып баратканы байкалат. Алар таң атып, күн кечтээри менен кайра үйгө шашкан алар бир гана жумушка же башка бир жакка шашкандай карылыкка кошо шашып жаткандай сезилет.

Ооба, жашоону сахна же театр десек да болчудай, анткени жашап жаткан адамдардын баары кандайдыр бир кинонун баш каарманын ойноп жаткандай туюлат. Турмуштун бул жолдорун биз кылчайып артыбызды карагыча, өзүбүзгө өзүбүз суроо берип, жообун тапканча бир топ жашка келгенибиз чындыгы бардай. Турмуштун жазылбаган мыйзамдарын көп эле учуратканыбыз баарыбызга маалым, өткөн өмүр, жаштык күн баарыбызга жомок же тарых болуп көрүнгөнүн да байкасак болот.

Турмуштан канчалык азап чегип же акылыбыз жетип, күчүбүз жетпеген нерселер ак менен кара эриш-аркак кошо жүрөрүнө ынанып келем. Бул көргөн күнүм кимдир бирөө үчүн жөн гана табышмактуу, кимдир бирөө үчүн турмушта болуп жаткан нерсеге айланса, кимдир бирөөгө сабак же турмуштун кордугу болуп калар.

Мен үйдө үч бир тууганмын, үйдүн улуусу болгондуктан апама эмес, атама көп жакын элем, атам колунан көөрү төгүлгөн уста болчу, а апам болсо биз кичине кезибизден эле базарга чыгып соода-сатык менен иштеп жүргөн. Мен досторум менен жаңыдан гана мектепти аяктап, шаарга келгенбиз, окуу жайга тапшырбасам да окуп жаткан досторума тез-тез келип турчу элем, бир күнү достор менен чогулуп отуруп калдык. Мен ал жерден чыгып айылга кетүүнү чечтим, досторум менен коштошуп айылга жөнөдүм. Бир убакта жолдон кол көтөрүп тоскон бир кызды көрдүм, негедир оюма бир канча жаман ойлор келип

кетти, аны албай койсом деп андан өтүп барып токтодум, ал болсо алдыма жүгүрүп келип:

- Кечиресиз! Мени алганча кетиңизчи?

- Отур, кайда барасың?

- Мен айылга бараткам, деп менден өйдөнкү айылды айтты.

- Мен да ошол жактан өтөм, кеч киргенде кетиштен коркпойсуңбу?

- Жок, үйгө жакындаганда үйдөгүлөр тосуп алышат.

- Атың ким? Билсем болобу?

- Болот, атым Айзада.

- Менин атым Илгиз.

Жолдо баратып негедир ага ашыкча сөз сүйлөгөндөн тартынып анан көздөрүнөн кандайдыр бир кайгыны, ыйлаганын байкап калдым:

- Кайдан келип жатасың? Эмне бирөө менен урушуп калдыңбы? Неге мынча көңүлсүзсүң? же дайыма ушундай жүрөсүңбү?

- Жок, баары жакшы эле, -деп мыйыгынан күлүп койду. Мен андан башка сураган жокмун, башка сөздөр менен сүйлөшүп жолдун да кыскарганы болуп калды окшойт. Анын кара көздөрү жылмайган жүзү негедир өзүнө тартып баратkандай. ошол күнү ал менен таанышып телефон номерин алдым. Айзаданын үйүнө жеткирип өзүм да үйгө бет алдым, ошентип биз телефон аркылуу гана байланышта жүрдүк. Айзаданын ар бир сөзү орчундуу, көп нерсени туура түшүнүп, акылы сулуулугуна төп келгендиги менен менин тааныш кыздарымдан айырмаланып турчу эле, Айзада менен жаңыдан гана таанышсам да, ал мени бат өзүнө тартып алды. Биз телефон сүйлөшүү менен гана чектелбестен интернет тармактарында байланышчу болдук, негедир ага болгон тартылуу сезими менде күндөн-күнгө күчөй берди.





апам ал кишинин алдын тосуп:

- Ага тийбе! Ура турган болсоң, мына, мени ур! - деп ага колумду да тийгизген жок, бирок анын минип келген машинесин барып, талкалап салдым, ошол убакта атам машинени катуу айдап чыгып кетти, мен атамдын артынан чуркап чыктым:

- Токто, ата кайда барасыз? Мени да алганча бар? Токто!

- Мен азыр келем, сен ушул жерде болуп тур! - деп машинени катуу айдап кетип калды.

Мен Айзаданын бизден бир кыйла узакта жашашын билчүмүн, анын үйүнө каттап жүргөн болсом да мындай нерсени күтпөгөн элем.

Бир убакта атам келип калды карасам машинеден бир аял менен Айзада түшүп келе жатат, мен таң калып эч нерсеге түшүнбөй, эки көзүм Айзадада болуп жатты, эмне кыларымды билбей, бүтүн денем титиреп чыкты, бир убакта ал атасынын жанына келип:

- Ата, бул эмне кылганың? Эмнеге бизди алдап чыктың үйдөн, эмнеге, ата? Эми мен эл арасында кантип жүрөм? Сени ушул акыбалга салыштыбы? Мен ишенбей турам сага, ата! - деп кара көздөрүнөн жашы жамгыр сымал куюлуп жатты. Мен анын ыйлаган жүзүн көрүп, өзүмдү коңрго жер таппай, жер жарылып мен кирип кетчүдөй болдум, ал мага бир да көңүл бөлүп караган жок, анын көзүнөн агып жаткан ар бир тамчы жашы мени кыйнап, жашоого эч үмүт жок жандай болуп, аны аяп туруп калдым, бир убакта ал мени карап кара көздөрүн жалдыратып ыйлады, анын муңдуу көздөрүнө карай албай жер тиктеп турдум, ал мени бир кыйла жамгырдай болгон көз жаштары менен карады да, өзүн жоготуп койду. Айзаданын бул көрүнүшүнө чыдабаган жаным аны колума көтөрүп алып ооруканага жөнөдүм. Айзаданын апасы менин артымдан чуркап ыйлап жүрөт. Мен аны ооруканага алып келдим, догдурлар анын абдан катуу чарчаганын айтышып, алып

калышты, көрсө анын атасы менен менен апам сүйлөшүп жүрүшкөн экен, мен кол көтөрүп өлтүрөм деген киши мен сүйгөн, сүйлөшүп жүргөн кыздын атасы болгондугу мени өкүндүрүп келет.

Мына жашоо менин атам менен апам ажырашып эки жолго, эки багытты көздөп басып кетишти, а Айзаданын ата-энеси чогуу жашап, бактылуу күн кечирип келет. Айзаданын атасы сүйлөшкөн аял менин апам экенин билип калган экен, мени бардык тармактардан өчүрүп салыптыр, ошол күндөн баштап мага эч бир изиң көрсөтпөй койду. Жашоонун бул жазылбаган мыйзамына кантип түшүнсө болот? Мен Айзаданы сүйүп келем, биз бирге болбосок керек, эгер тагдырыбыз бир болуп калса ал менин апамды кантип апа дейт? А мен анын атасынчы, кантип ата дейм? Же анын атасы менен менин апамдын сүйүүсүнө жол ачып беребизби? деген түбү жок ойлорду ойлоп, Айзаданы күтүп жашайм. Бирок андан кабар жок, балким качандыр бир күнү мени издеп келээри чындыктыр...







Эх! Акындар жазып, ырчылар ырдап бүтө албаган жактыруу, сүйүү сезими ушул болсо керек, аны жатсам, турсам эстей берчү болдум. Айзада менен кечке жазышып сүйлөшүп тургандыктан убакыт өтүп баратканын да сезбептирмин, башка кыздар менен тил табышып сүйлөшүп кетишим кыйын болчу. Негедир Айзада менен жашоом улангансып сүйлөшүп жүргөнүбүзгө да 2-жылдын жүзү болгон экен. Бир күнү ал менен жолугушууну сурандым, ал да макул болуп, биз алгачкы жолу кар жаап жаткан мезгилде жолуктук. Мен көрүп таанышып, сүйлөшүп жүргөндөн башкача болуп кеткен экен Айзада жүрөгүмө аппак кардай кирип өз ордун ээлегендей сезим берип турду, мен Айзаданын сулуу экенин ошол мезгилде байкап турдум, мен аны андан да жактырып ары ичимден кызганчу да болуп жүрдүм. Ошол сезим менен бири-бирибизге жакындап тез-тез жолугушчу болдук. Менин үйүмдө атам менен апамдын мамилеси келишпей тез-тез урушуп жатышты, мен ал нерселерди ичиме катып Айзада менен гана өзүмдү башка жашоого тарбиялап жүрдүм.

Бир күнү мен Айзада менен сүйлөшүп эшикке чыксам, апам атама көрүнбөй бир киши менен телефон аркылуу сүйлөшүп жатыптыр, мен болсо аны байкап калып:

- Апа, ким менен сүйлөшүп жатасыз? Атам билсе эмне болот? Апа, ал эмне кылганыңыз?

- Сен мага киришпе! Мен өзүм билем, эмне кылышты, бар үйгө кир! - деп мени урушуп жиберди, мен ал нерсенин баарын атама айтпай өз ичиме катчу болдум. Ошол күндөн баштап үйдө тез-тез уруш көбөйө баштады, апамдын жумуштан кеч келиши, телефон менен байланышы күндөн-күнгө күчөйө берди. Менин бул жашоомду көргөн Айзада мага турмушка чыкпайт деп андан алыстап баштадым, интернет тармактарына кирбей койдум. Негедир андан тартынып жаттым. Бирок аны сагыны, ар бир жөнөткөн сүрөтүнө карап күн өткөрүүчү болдум. Апам

менен атамдын мындай мамилесинен улам мен досторумдан да четтей баштадым, апам менен атамдын мындай мамилеси мени жашоого болгон үмүтүмдү чок кылбай күл сыяктуу өчүрүп жатышты. Кайсыл убакта караба апамдын телефондон бошобой сүйлөшүп жатканын байкадым, апамдын мындай кылганына чыдабаган атам:

- Болду, сен менен жашай албайм, ажырашам! - дегенде атамдын айткан сөзүнө ишенбей туруп калдым:

- Экөөң ажырашып эки жакка кетесиңер, бизчи? Биз эмне болобуз? Биз кайда барабыз? Ким менен жашайбыз? Дагы кимди ата же апа дейбиз? Кантип бизди таштап кетесиңер, ата? Мен мындай жашоого чыдай албайм, экөөңө деги эмне жетишпейт? Айтчы, апа, айтчы!? Мени эмне кыл дейсиңер? Эки карындашым кайда жашайт? деп безеленип ыйлап жаттым. Ошол күнү атам экөөбүз чоң энемдин үйүнө көчүп өттүк, мен өзүмдүн бир туугандарымды карап үйгө тез-тез келип турдум, апамдын мындай мүнөзүнөн көчөдө да басып жүрмөйдү уят көрө калдым. Биздин жашообуз чоң энемдин үйүндө өтө баштады, ошол күндөрдүн бириндe атам экөөбүз үйгө келсек, апам жанагы кишини үйгө чакырып алып бактылуу кечени куруп отурушкан экен. Атам көргөн көзүнө ишенбей экөөнүн үстүнө бастырып кирип, жанакы кишини сабап кирди, мен да ачууланып жигиттик намысыма чыдабай биздин бактылуу үй-бүлөбүздү бузган сендей акмакты өлтүрөм деп бир-эки муштум менен кол көтөрүп уруп жибердим, бир убакта колума бычакты алып сени ушул жерде өлтүрөм! деп өзүмдү кармана албай ага чуркап бардым, ошол убакта атам келип: «кой, уулум, булардын жазасын башкача беребиз» - деп колумдагы бычакты алып койду, аңгыча үйдүн алдына коңшу-колоңдор, атамдын туугандары келип калышты. Атам экөөнү жетелеп эшикке алып чыкты, баары апама карап наалат айтып жатышты. Мен ал сөздөрдү укканыма чыдабай улам жанакы кишиге кол көтөрүп жатсам





апам ал кишинин алдын тосуп:

- Ага тийбе! Ура турган болсоң, мына, мени ур! - деп ага колумду да тийгизген жок, бирок анын минип келген машинесин барып, талкалап салдым, ошол убакта атам машинени катуу айдап чыгып кетти, мен атамдын артынан чуркап чыктым:

- Токто, ата кайда барасыз? Мени да алганча бар? Токто!

- Мен азыр келем, сен ушул жерде болуп тур! - деп машинени катуу айдап кетип калды.

Мен Айзаданын бизден бир кыйла узакта жашашын билчүмүн, анын үйүнө каттап жүргөн болсом да мындай нерсени күтпөгөн элем.

Бир убакта атам келип калды карасам машинеден бир аял менен Айзада түшүп келе жатат, мен таң калып эч нерсеге түшүнбой, эки көзүм Айзадада болуп жатты, эмне кыларымды билбей, бүтүн денем титиреп чыкты, бир убакта ал атасынын жанына келип:

- Ата, бул эмне кылганың? Эмнеге бизди алдап чыктың үйдөн, эмнеге, ата? Эми мен эл арасында кантип жүрөм? Сени ушул акыбалга салыштыбы? Мен ишенбей турам сага, ата! - деп кара көздөрүнөн жашы жамгыр сымал куюлуп жатты. Мен анын ыйлаган жүзүн көрүп, өзүмдү коңрго жер таппай, жер жарылып мен кирип кетчүдөй болдум, ал мага бир да көңүл бөлүп караган жок, анын көзүнөн агып жаткан ар бир тамчы жашы мени кыйнап, жашоого эч үмүт жок жандай болуп, аны аяп туруп калдым, бир убакта ал мени карап кара көздөрүн жалдыратып ыйлады, анын мүндуу көздөрүнө карай албай жер тиктеп турдум, ал мени бир кыйла жамгырдай болгон көз жаштары менен карады да, өзүн жоготуп койду. Айзаданын бул көрүнүшүнө чыдабаган жаным аны колума көтөрүп алып ооруканага жөнөдүм. Айзаданын апасы менин артымдан чуркап ыйлап жүрөт. Мен аны ооруканага алып келдим, догдурлар анын абдан катуу чарчаганын айтышып, алып

калышты, көрсө анын атасы менен менен апам сүйлөшүп жүрүшкөн экен, мен кол көтөрүп өлтүрөм деген киши мен сүйгөн, сүйлөшүп жүргөн кыздын атасы болгондугу мени өкүндүрүп келет.

Мына жашоо менин атам менен апам ажырашып эки жолго, эки багытты көздөп басып кетишти, а Айзаданын ата-энеси чогуу жашап, бактылуу күн кечирип келет. Айзаданын атасы сүйлөшкөн аял менин апам экенин билип калган экен, мени бардык тармактардан өчүрүп салыптыр, ошол күндөн баштап мага эч бир изиң көрсөтпөй койду. Жашоонун бул жазылбаган мыйзамына кантип түшүнсө болот? Мен Айзаданы сүйүп келем, биз бирге болбосок керек, эгер тагдырыбыз бир болуп калса ал менин апамды кантип апа дейт? А мен анын атасынчы, кантип ата деймн? Же анын атасы менен менин апамдын сүйүүсүнө жол ачып беребизби? деген түбү жок ойлорду ойлоп, Айзаданы күтүп жашайм. Бирок андан кабар жок, балким качандыр бир күнү мени издеп келээри чындыктыр...







**Мазмуну**


Баш сөз ........ 3
Суранба эми менден кезигүүнү ........ 5
Мен сени өзүмдүкү кылып алам ........ 6
Бүгүн кеч, эртен сени унутаармын ........ 6
Көзүмдү жаштатпачы жалынайын ........ 7
Сүйүүгө тарынуу ........ 8
Сен бар жерге бара албай калгам ........ 8
Табылды тагдырымдын тизмегинен ........ 9
Мен сага өз сүйүүмдү берип турдум ........ 10
Жытыңды калтырыпсың жүрөгүмө ........ 11
Ыйык сезим ........ 12
Сүйүүнүн жолдору ........ 13
Сиздер барда ........ 14
Бүгүн сени ........ 15
Тагдыр ........ 15
Кайдасын ........ 16
Күтпөйм эми ........ 17
Апакем ........ 18
Сүйүү арманы ........ 19
Сезим ........ 20
Кезиккенде махабат ........ 21
Мезгил ........ 22
Досторума ........ 23
Агент ........ 24
Өзгөрткүм келип турат ........ 25
Мен сизди эстегенде ........ 26
Жаштык күн ........ 26
Адамзат ........ 27
Аянычтуу бир ак куу ........ 28
Эне тилим ........ 28
Кечиккенде махабат ........ 29
Бөбөгүм Зейнепке ........ 30
Махабатым ........ 30
Сени издейм ........ 31
Табышмактуу бул тагдыр ........ 32
Кош, бол менин мектебим ........ 33
Сен кимсиң? ........ 34
Ар бир күн ........ 35
Биздин сүйүү ........ 36

Курбулар ....................................................37
Күтүү ....................................................38
Сени сүйгөн жүрөгүмдү жек көрөм ....................................................38
Турмуштан адашуу ....................................................40
Корком ....................................................40
Сени эстебейм ....................................................41
Коштошуу ....................................................42
Ак жамгыр ....................................................43
Коңур күз ....................................................44
Өчүргүм келди сени жүрөгүмдөн ....................................................44
Кол жазма ....................................................45
Кечир мени ....................................................45
Сагынба мени ....................................................46
Бир тууганым ....................................................47
Жубайыма ....................................................48
Татыктуу жубай болгум келет ....................................................49
Махабаттан тазалык ....................................................50
Ата-энем ....................................................52
Апама ....................................................53
Жалган сүйүү ....................................................54
Турмуш ....................................................55
Кайдыгер карабачы ....................................................56
Кыз сыры ....................................................57
Маркум эжеге ....................................................61
Өмүр гүлү ....................................................63
Сагынба эми ....................................................64
Унутууга бир кадам ....................................................65
Из калган бакыт жолдору ....................................................66
Сен мага керексин ....................................................67
Энелердин көз жашы ....................................................68
Жан дүйнөмдүн жардылыгы ....................................................69
**Прозалар....................................................70**
Элестүү күндөр ....................................................71
Жашоо азабы ....................................................73
Сезим сыры ....................................................85
Бакыттын ачуу даамы ....................................................94
Түгөнгүс сүйүү....................................................108
Ачуу чындык ....................................................117
Махабат сынагы ....................................................127
Жан сырым ....................................................139

Арынова М.

# Жан сырым

Редактор: Маметибраим Жаныбеков
Тех. редактор: У.Түгелбаев
Корректорлор: Көлбаева Гүлбайра, Бакирова Гүлбурак
Дизайнер: Бекмурат Келдибаев
Компьютердик калыпка салгандар:
Динара Шайдилла кызы, Э.Раева

Терүүгө 20. 04. 2016 берилди.
Басууга 16.05. 2016 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 16/1.
Офсеттик ыкма менен басылды.
Көлөмү 9,25 басма табак.
Нускасы: 300 даана.
Келишим баада.

«Кагаз Ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86г
Тел.: (03222) 4-69-16



## Өмүр таржымал

Арынова Мээрим Арапбаевна 1992-жылы 11-августта Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Жаңы-Арык айылында төрөлгөн.

Учурда Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун Кыргыз-Россия факультетинин 5-курсунун студенти.